**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө**

Кыргыз Республикасын орто мөөнөттүү мезгилге өнүктүрүүнүн макроэкономикалык параметрлерин аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 74-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарын түзүүдө 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн бекитилген макроэкономикалык параметрлерин негиз катары алсын.
3. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (макулдашуу боюнча):

1) Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзсүн жана ай сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалымат берсин;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) экономикалык өсүштүн темптеринин максаттуу көрсөткүчтөрүн камсыз кылуу үчүн тейлеген багыттары боюнча өндүрүштүн жана ресурстардын кошумча резервдерин табуу боюнча толук чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

1) квартал сайын Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжаларын жалпыласын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына отчеттук мезгилден кийинки айдын 30унан кечиктирбестен отчеттук мезгил үчүн Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы жөнүндө маалымат берсин;

2) 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин расмий веб-сайтына жарыяласын.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-июлундагы № 344 “2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

# 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу

## 1-глава. Негизги жоболор

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунун (мындан ары – Болжол) максаты социалдык-экономикалык процесстерди жана тенденцияларды талдоонун негизинде орто мөөнөттүү мезгилге макроэкономикалык өнүктүрүүнүн сандык көрсөткүчтөрүн жана параметрлерин аныктоо, өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү үчүн болгон ресурстарды жана мүмкүн болуучу тобокелдик факторлорун аныктоо болуп саналат.

Болжолдо тармактык министрликтердин, ведомстволордун жана региондордун расмий болжолдорунун негизинде 2026-жылга экономиканын негизги тармактарын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары жана 2027–2030-жылдарга карата өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн келечеги аныкталган.

Болжол 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгуу жана “Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027–2028-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоо үчүн негиз болуп саналат.

## 2-глава. 2024-жылы жана 2025-жылдын январь – мартында Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары

### § 1. 2024-жылдын кыскача жыйынтыктары

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин экономикалык активдүүлүккө дем берүүгө, стратегиялык тармактарды колдоого, инфратүзүмдөрдү модернизациялоого, инвестициялык климатты жана атаандаштык чөйрөсүн жакшыртууга багытталган максаттуу экономикалык саясаты туруктуу өсүштү жана негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү бекемдөөнү камсыз кылды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала баалоосу боюнча 2024-жылдын январь – декабрь айларында ички дүң продукциясынын (мындан ары – ИДП) көлөмүнүн суммасы 1 523,2 млрд сом болду, ал эми реалдуу өсүү темпи **109,0 %ды** (2023-жылы – 109,0 %) түздү.

Экономиканын бардык секторлорунда оң динамика камсыз кылынды жана көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болду: курулушта өндүрүү

көлөмү 18,0 %га, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө – 9,3 %га, өнөр жайда – 5,6 %га, айыл чарбада – 6,3 % га өстү.

1-таблица

**ИДПны түзүүчү секторлор боюнча түзүм жана өсүү темптери**[1]

| Көрсөткүчтөр | 2023-жылы иш жүзүндө | | | 2024-жылдын январь – декабры алдын ала иш жүзүндө | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүү темпи, % менен | ИДПга карата % менен | млн сом | өсүү темпи, % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салым үлүшү, п. п. |
| **ИДП** | **1 333 730,0** | **109,0** | **100,0** | **1 523 235,8** | **109,0** | **100,0** | **9,0** |
| Өнөр жай | 216 862,4 | 104,8 | 16,3 | 251 034,5 | 105,6 | 16,5 | 0,9 |
| Айыл чарба | 126 599,8 | 100,6 | 9,5 | 131 114,1 | 106,3 | 8,6 | 0,6 |
| Курулуш | 97 683,6 | 122,7 | 7,3 | 125 855,1 | 118,0 | 8,3 | 1,3 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 684 194,8 | 107,9 | 51,3 | 794 212,4 | 109,3 | 52,1 | 4,8 |
| Продукцияга таза салыктар | 208 389,4 | 117,9 | 15,6 | 221 019,7 | 109,2 | 14,5 | 1,4 |

Кыргыз Республикасы үчүн 2024-жылдын экономикалык жыйынтыктары улуттук жана эл аралык эксперттердин күтүүлөрүнөн ашып, үчүнчү жыл катары менен 9,0 % деңгээлиндеги туруктуу өсүштү көрсөттү. Өлкө тышкы экономикалык соккуларды азайтуу үчүн көрүлгөн чаралардын аркасында геосаясий туруксуздук, финансы жана чийки зат рынокторундагы туруксуздуктар жана алардын керектөө товарларынын наркына таасири сыяктуу тышкы чакырыктарга ишенимдүү турушту бере алды. Керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарын канааттандыруу жана ички рынокту бекемдөө менен калктын реалдуу кирешелеринин өсүүсү уланды.

2024-жылы Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли акча-кредит саясатынын максаттуу багытынын 5,0–7,0 % чегинде сакталды, бул экономикалык жөнгө салуу жаатындагы ырааттуу жана координацияланган иш-аракеттердин жана макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган салмактанган акча-кредит саясатынын натыйжасында мүмкүн болду. Керектөө бааларынын индекси **106,3 %ды** түздү (2024-жылдын декабрында өткөн жылдын декабрына карата). Ифляциянын орточо жылдык мааниси (2024-жылдын январь – декабрында 2023-жылдын январь – декабрына карата) 105,0 % ды түздү.

Экономиканын секторлоруна дем берүү боюнча жүргүзүлүп жаткан чаралар, фискалдык реформалар, салык жана бажы жол-жоболоруна санариптик технологияларды активдүү киргизүү, анын

[1] Өсүү темпи ДКН боюнча берилди

ичинде салыктык башкарууну жакшыртуу боюнча иштер 2024-жылы бюджетти толтурууну кыйла жакшыртууга жетишүүгө мүмкүндүк берди. 2024-жылга мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин ИДПдагы үлүшү 2021-жылдагы 26,8 %га салыштырмалуу 30,5 %га өстү. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин такталган маалыматтары боюнча 2024-жылы салыктык кирешелердин көлөмү 348,9 млрд сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 18,5 %га өстү. 2024-жылдын мамлекеттик бюджети ИДПга карата 2,5 % өлчөмүндөгү профицит менен 37,6 млрд сом суммасында аткарылды. Мамлекеттик карыздын ИДПга карата катышы 2024-жылдын аягында 37,6 % түздү.

2024-жылы ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикасы оор тышкы экономикалык кырдаалга карабастан, оң тенденцияларды көрсөтүүнү улантты. Экинчи жыл катары менен алардын экономикалык өсүү темптери дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөрдөн ашып кетти, бул улуттук экономикалардын жогорку туруктуулугун жана ыңгайлашуусун көрсөтүп турат. Казакстан Республикасында, Беларусь Республикасында, Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында ИДПнын өсүү темпи болжолдук мааниден ашты же аларга жакын болду. Туруктуу ички суроо-талап, калктын реалдуу кирешелеринин көбөйүшү өсүштүн негизги драйвери болуп калды.

2-таблица

**Дүйнөлүк экономиканын жана ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ИДПсынын реалдуу өсүү темпи, % менен**

| № | Өлкөлөр | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|
| | | иш жүзүндө | алдын ала иш жүзүндө |
| 1 | Дүйнөлүк экономика | 3,3 | 3,2 |
| 2 | Кытай | 5,2 | 5,0 |
| 3 | АКШ | 2,5 | 2,8 |
| 4 | ЕБ | 0,5 | 0,8 |
| 5 | Армения Республикасы | 8,3 | 5,9 |
| 6 | Беларусь Республикасы | 4,1 | 4,0 |
| 7 | Казакстан Республикасы | 5,1 | 4,8 |
| **8** | **Кыргыз Республикасы** | **9,0** | **9,0** |
| 9 | Россия Федерациясы | 4,1 | 4,1 |

ЕАЭБдин айрым мүчө мамлекеттеринде бир катар ички факторлор менен шартталган инфляциялык басымдын күчөшү байкалган. Санкциялык чектөөлөрдүн кеңейишинен, тышкы экономикалык иш менен байланышкан чыгымдардын өсүшүнөн, жеткирүүлөр чынжырындагы үзгүлтүктөрдөн, ошондой эле эл аралык төлөмдөрдү жүргүзүүдөгү татаалдыктан улам ички суроо-талаптын өсүшү, импорттун кыскарышы негизги себептери болгон.

3-таблица

**2023–2024-жылдардагы ЕАЭБге мүчө мамлекеттердеги керектөө бааларынын индекси (өткөн жылдын декабрына карата % менен)**

| № | Өлкөлөр | 2023-жыл иш жүзүндө | 2024-жыл иш жүзүндө |
|---|---|---|---|
| 1 | Армения Республикасы | 99,4 | 101,5 |
| 2 | Беларусь Республикасы | 105,8 | 105,2 |
| 3 | Казакстан Республикасы | 109,8 | 108,6 |
| **4** | **Кыргыз Республикасы** | **107,3** | **106,3** |
| 5 | Россия Федерациясы | 107,4 | 109,5 |

## § 2. Учурдагы кырдаал – 2025-жылдын январь – март айларынын жыйынтыгы

2025-жылдан баштап экономикалык өсүш жалпысынан жогорку деңгээлде болуп, айлык орточо өсүш 11,5 %ды түздү жана туруктуу оң динамиканы көрсөттү. Өзгөрүлгөн тышкы шарттарга түзүмдүк ыңгайлашуу, ички суроо-талаптын өсүшү жана инвестициялык жигердүүлүк экономиканын өсүшүнө өбөлгө түздү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала эсептөөлөрү боюнча 2025-жылдын январь – март айларында ИДПнын көлөмү 329,1 млрд сомду түзүп, реалдуу өсүү темпи 113,1 %ды (2024-жылдын январь – мартында – 110,0 %) түздү.

Экономиканын тармактары боюнча көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түзүлдү: өнөр жайда өндүрүштүн көлөмү 16,0 %га, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө – 8,7 %га, курулушта – 69,0 %га, айыл чарбада – 2,5 %га өскөн.

4-таблица

**ИДПны түзгөн секторлор боюнча түзүм жана өсүү темптери[2]**

| Көрсөткүчтөр | 2024-жылдын январь – март айлары | | | 2025-жылдын январь – март айлары | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Алдын ала иш жүзүндө (млн сом) | Өсүү темпи ( %) | ИДПга карата % менен | Алдын ала иш жүзүндө (млн сом) | Өсүү темпи ( %) | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салым үлүшү, п. п. |
| **ИДП** | **268 280,3** | **110,0** | **100,0** | **329 126,5** | **113,1** | **100,0** | **13,1** |
| Өнөр жай | 49 795,1 | 104,7 | 18,6 | 68 340,4 | 116,0 | 20,8 | 2,98 |
| Айыл чарба | 12 385,2 | 102,1 | 4,6 | 13 738,6 | 102,5 | 4,2 | 0,12 |
| Курулуш | 11 832,6 | 151,1 | 4,3 | 21 564,8 | 169,0 | 6,5 | 3,04 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү | 144 367,3 | 108,7 | 53,9 | 167 993,2 | 108,7 | 51,0 | 4,66 |
| Продукцияга таза салыктар | 49 900,1 | 114,3 | 18,6 | 57 489,5 | 112,2 | 17,5 | 2,27 |

[2] Өсүү темпи ДКН боюнча берилди

Дүң жана чекене сооданын жүгүртүү көлөмүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо – 17,5 %га, транспорттук иштин жана жүктөрдү сактоо – 7,9 %га жана байланыш кызматтарын көрсөтүү – 9,9 %га, мейманкана жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү – 26,4 %га көбөйтүүнүн эсебинен экономикалык өсүшкө эң чоң салымды камсыз кылуу менен кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү ИДПнын түзүмүндө мурдагыдай эле басымдуу үлүшкө ээ болууда. Акча которуулардын таза агымынын (2024-жылы 18,6 %га, 2025-жылдын январь – февралында 15,5 %га) жана калктын кирешесинин (эмгек акынын, пенсиялардын, социалдык төлөмдөрдүн өсүшү, үй чарбаларында айыл чарба өндүрүшүнүн кеңейиши ж.б.) көбөйүшү ички суроо-талапка өбөлгө түзүүдө.

Курулуш секторунда көлөмдөрдүн 69,0 %га өсүшү “Менин үйүм” программасынын алкагында турак жай курулушунун объекттерин ишке киргизүү, түйүндөрдү модернизациялоо, анын ичинде Кыргыз Республикасындагы уюлдук операторлордун жаңы базалык станцияларын куруу жана Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан шаардык инфраструктураны өнүктүрүү ж.б. менен шартталган.

2025-жылдын январь – март айларында каржылоонун бардык булактарынан негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 1,9 эсеге көбөйүп, 56,8 млрд сомду түздү, ал эми ички каржылоо булактарынын эсебинен инвестициянын көлөмү 2,1 эсеге көбөйдү, ал эми тышкы булактардын көлөмү тескерисинче 1,5 эсеге кыскарды.

Өнөр жай сектору да олуттуу өсүштү көрсөтүүдө, 2025-жылдын январь – мартында өнөр жай өндүрүшү 16,3 %га көбөйдү, бул 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу кыйла жогору, мында өнөр жай өндүрүшү алтынды эсепке албаганда – 24,3 %га өскөн. Кайра иштетүү өндүрүш тармагы, анын ичинде негизги металлдар (3,2 %га), мунай продуктулары (1,9 эсеге), тамак-аш азыктары (анын ичинде суусундуктар) (1,7 эсеге), фармацевттик продукция (41,7 %га), курулуш материалдары (38,2 %га) өсүштүн негизин түзгөн.

Айыл чарбасы да оң динамиканы сактап турат: 2025-жылдын январь – март айларында 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу реалдуу өсүү темпи 102,5 % түздү. Айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмүнүн өсүшү негизинен жумуртка өндүрүүнүн 9,6 %га, сүттү – 1,2 %га, этти 2,7 %га көбөйтүүнүн эсебинен мал чарба продукциясын өндүрүүнүн 2,5 %га өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси 101,8 %ды түздү (2025-жылдын март айы өткөн жылдын декабрына карата). Инфляциянын орточо жылдык деңгээли (2025-жылдын январь – мартында 2024-жылдын январь – мартына карата) 106,9 %ды түздү.

2025-жылдын январь – февраль айларынын жыйынтыгы боюнча ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин бардыгында экономикалык өсүштүн оң динамикасы байкалууда.

5-таблица

**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде ИДПнын реалдуу өсүү темптери**

| **Өлкөлөр** | **2024-жылдын январь – февраль айлары, алдын ала иш жүзүндө, %** | **2025-жылдын январь – февраль айлары, алдын ала иш жүзүндө, %** |
|---|---|---|
| Армения Республикасы | 14,4[1] | 4,1[1] |
| Беларусь Республикасы | 4,2 | 3,1 |
| Казакстан Республикасы | 5,2 | 7,3[2] |
| **Кыргыз Республикасы** | 11,6 | 10,7 |
| Россия Федерациясы | 6,0 | 1,9 |

[1] — экономикалык активдүүлүк көрсөткүчү

[2] — кыска мөөнөттүү экономикалык көрсөткүч

2025-жылдын башынан тартып ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде керектөө бааларынын өсүү темпинин акырындык менен жогорулашы байкалууда.

6-таблица

**2024–2025-жылдардын мартындагы ЕАЭБге мүчө мамлекеттердеги керектөө бааларынын индекси (өткөн жылдын декабрына карата % менен)**

| **№** | **Өлкөлөр** | **2024-жылдын январь – март айлары, өткөн жылдын декабрына карата % менен** | **2025-жылдын январь – март айлары, өткөн жылдын декабрына карата % менен** |
|---|---|---|---|
| | | **иш жүзүндө** | **иш жүзүндө** |
| 1 | Армения Республикасы | 100,2 | 102,0 |
| 2 | Беларусь Республикасы | 102,2 | 102,8 |
| 3 | Казакстан Республикасы | 102,6 | 103,9 |
| **4** | **Кыргыз Республикасы** | **101,2** | **101,8** |
| 5 | Россия Федерациясы | 102,0 | 102,7 |

Тышкы рыноктордо баа жагдайы жалпысынан туруктуу бойдон калууда. 2025-жылдын мартында Бириккен улуттардын азык-түлүк жана айыл чарба уюму (мындан ары – ФАО) тарабынан эсептелген Азык-түлүк бааларынын индексинин орточо мааниси ушул жылдын февралына салыштырмалуу дээрлик өзгөрбөстөн 127,1 пунктту түздү. Жалпы индекстин турукташуусу көп багыттуу динамика менен шартталган: эт жана өсүмдүк майларына баалардын өсүшү дан жана

кантка баалардын төмөндөшү менен компенсацияланган, ал эми сүт азыктарына баалардын индекси туруктуу деңгээлде сакталган.

## 3-глава. 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн шарттары жана факторлору/тобокелдиктери

Дүйнөлүк жана региондук экономиканын азыркы абалы пандемиядан кийинки калыбына келтирүүчү этаптын аякташы жана туруктуу түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн мезгилине өтүшү менен мүнөздөлөт. Негизги чакырыктар сакталып жаткан геосаясий чыңалуунун, тездетилген технологиялык өнүгүүнүн жана климаттык өзгөрүүлөрдүн таасири астында калыптанууда.

**Тышкы шарттар:**

1) уланып жаткан геосаясий чыңалуу жана соодадагы келишпестиктер өсүштү жайлатат жана экспорттук суроо-талапты азайтат, соода каттамдарын үзгүлтүккө учуратат жана төмөнкүдөй инфляциялык басымды күчөтөт:

– алдынкы борбордук банктардын катуу моненталык саясатынын сакталышы, суроо-талаптын аздыгы жана жогорку карыздык жүк (анын ичинде Кытайдын экономикасынын өсүшүнүн басаңдашы, өсүү темптери ички суроо-талаптын аздыгынан жана тышкы чектөөлөрдөн, кыймылсыз мүлк секторундагы узакка созулган кризистен жана финансы секторундагы көйгөйлөрдөн улам акыркы он жылдыктагы көрсөткүчтөрдөн кыйла төмөн күтүлүүдө; ЕАЭБ өлкөлөрүндө капиталга жеткиликтүүлүктүн чектелгендиги жана геосаясий туруксуздук) себебинен 2025–2026-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык өсүштүн күтүлгөн басаңдашы;

– санкциялар жана финансылык чектөөлөр: Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөштөрүнө санкциялык басымдын күчөшү финансылык операцияларды татаалдантат, маанилүү товарларды берүүгө жана тышкы экономикалык ишке таасирин тийгизет;

– логистикалык маршруттардын өзгөрүшү: санкциялар жана тарифтик тоскоолдуктар Борбордук Азия аркылуу өткөн Ортонку коридор сыяктуу альтернативдүү соода жолдорун өнүктүрүүгө жөндөм түзөт. Бул мүмкүнчүлүктөрдү ачат, бирок инфратүзүмгө жана логистикага олуттуу инвестицияларды талап кылат;

– жаңы тарифтик тоскоолдуктардын пайда болушу: АКШ тарабынан Кытайдан, Мексикадан жана Канададан келген товарларга “агрессивдүү“ жаңы тарифтерди киргизүү, бул USMCA алкагында алымсыз сооданы иш жүзүндө жокко чыгарат жана Кытайдын жообу экономикалык карама-каршылыкты күчөтүп, сооданын үзгүлтүккө учурашына, баалардын өсүшүнө жана өз ара экономикалык чектөөлөрдүн күчөшүнө алып келет, бул дүйнөлүк берүү

чынжырларына терс таасирин тийгизиши мүмкүн жана соода өнөктөштүгүн кайра түзүүнү тездетет;

2) глобалдык соода системасындагы өзгөрүүлөр:

– дүйнөлүк сооданын жай калыбына келиши: 2025-жылы Азиядан өндүрүлгөн товарлардын экспортунун өсүшүнүн жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү сооданын активдүү өнүгүшүнүн эсебинен дүйнөлүк сооданын 3,2 %га өсүшү күтүлүүдө. Бирок, соода чектөөлөрү, ири экономикалардын протекционисттик саясаты жана геосаясий туруксуздук глобалдык соода системасынын туруктуулугуна олуттуу коркунучтарды жаратат. Узак мөөнөттүү келечекте дүйнөлүк соода протекционизмдин өсүшүнө жана өндүрүш чынжырларын локалдаштырууга байланыштуу басаңдашы мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөр, анын ичинде Кытай, АКШ жана ЕБ тышкы берүүчүлөргө болгон көз карандылыгын азайтуу аракетин көрөт, бул соода агымынын багытын өзгөртүүгө жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн товарларына суроо-талаптын мүмкүн болуучу кыскарышына алып келет;

– "жашыл" товарларга жана экологиялык стандарттарга суроо-талаптын өсүшү: 2026-жылдан тартып ЕБ өлкөлөрү жана башка өнүккөн экономикалар жаңы "жашыл" алымдарды (мисалы, импортко көмүртек салыгы) киргизүү жолу менен экологиялык стандарттарды күчөтүүнү пландаштырууда. Бул өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экспорттоочулары үчүн кошумча тоскоолдуктарды жаратат жана улуттук өнөр жайды эл аралык экологиялык талаптарга ыңгайлаштырууну талап кылат;

3) инвестициялардын азайышы: глобалдык жана региондук кризистер, соода чыңалуусу жана каржылоо шарттарынын катаалдашы 2022-жылдан бери төмөн бойдон калган тике чет өлкөлүк инвестицияларга терс таасирин тийгизди (өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө жаңы өнөр жай жана инфратүзүмдүк долбоорлорго түз чет өлкөлүк инвестициялар кыскарды, ал эми ТӨМ менен байланышкан секторлорго жаңы инвестициялардын көлөмү 10 %дан ашык түшүп кетти);

4) глобалдык финансылык жана чийки зат рынокторундагы туруксуздук:

– 2025–2026-жылдары ФРС саясатындагы аныксыздык доллардын курсуна жана мунайдын дүйнөлүк баасына таасирин тийгизет, инвесторлордун ишенимине доо кетириши жана финансылык агымдарды чектөөсү мүмкүн;

– АКШда жаңы тарифтердин киргизилиши крипторынокто соода чектөөлөрүнө жана дүйнөлүк экономиканын басаңдашына байланыштуу белгисиздиктин толкунун жаратышы мүмкүн. Бул инфляцияны тездетип, салттуу финансылык инструменттерге болгон ишенимди азайтып, криптовалюталарга альтернативдүү актив катары

кызыгууну күчөтүшү мүмкүн. Бирок, жөнгө салуунун жогорулашы жана экономикалык туруксуздук криптовалюталык рыноктorго коркунуч жаратып, алардын туруксуздугун пайда кылышы мүмкүн;

– энергоалып жүрүүчүлөргө карата баалардын туруксуздугу: мунайдын баасы Кытайдагы суроо-талаптын начардыгынан жана ОПЕК+ке кирбеген өлкөлөрдөн сунуштун көбөйүшүнөн улам төмөндөшү болжолдонууда, бул дүйнөлүк баага басым жасайт. Ошол эле учурда, газдын кымбатташы, ал аба ырайынын күтүлгөндөн да суук болушу жана берүүнүн үзгүлтүккө учурашы, анын ичинде Жакынкы Чыгышта уланып жаткан чыр-чатактар жана газ кендеринин токтоп калышы менен шартталган;

– табигый-климаттык фактордун (жаан-чачындын жетишсиздиги, топурактагы нымдуулуктун жетишсиздиги, кургакчылык, жаан-чачындын ашыкча жаашы), дүйнөлүк рыноктордо дүйнөлүк суроо-талаптын көбөйүшүнүн жана өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө сунуштун азайышынын ж.б. таасиринин эсебинен дүйнөлүк азык-түлүк продуктуларына баанын өсүү мүмкүндүгү;

5) дүйнөлүк экономикадагы демографиялык өзгөрүүлөр:

– өнүккөн өлкөлөрдө калктын улгайып баратканы жумушчу күчүн кыскартат жана социалдык системалардын жүгүн оорлоштурат, бул экономикалык өсүштү басаңдатат жана эмгекти автоматташтырууга инвестицияны талап кылат;

– калктын улгайганына байланыштуу саламаттык сактоого чыгымдардын өсүшү медициналык кызмат көрсөтүүлөргө жана дары-дармектерге суроо-талапты жогорулатат, экономикага жана дүйнөлүк жеткирүү чынжырларына финансылык жүктү оорлоштурат;

– экономикалык борбордун төрөлүүнүн жогорку деңгээли жана калктын динамикалык өсүшү сакталып турган өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө карай жылышы алардын дүйнөлүк экономикадагы ролун күчөтүшү жана дүйнөлүк сооданын жана инвестициялык агымдардын өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн;

– миграциялык саясаттын катаалдашы социалдык чыр-чатактардан экономикалык дисбаланстарга чейин олуттуу тобокелдиктерди жаратат. Дүйнөнүн бир катар аймактарында 2025-жылдын башына карата миграция жана качкындар менен байланышкан көйгөйлөр курчуду: АКШ массалык депортацияларды даярдап жатат, Россияда миграциялык мыйзамдар күчөтүлүүдө, ЕБ БУУнун Качкындардын статусу жөнүндө конвенциясына “кайра карап чыгуу планын” иштеп чыгууда, Германияда рэмиграция шайлоо алдындагы өнөктүктүн негизги темасы болуп калды;

6) экономикалык активдүүлүккө, өндүрүмдүүлүккө, түшүмдүүлүккө таасирин тийгизиши мүмкүн болгон глобалдык жылуулуктун таасири:

– 2024-жылдын аягында – 2025-жылдын башында Эль-Ниньо кубулушу өзүнүн карама-каршы климаттык кубулушу – Ла-Нинья менен алмашууда. Ал экватордук Тынч океандагы суунун температурасынын төмөндөшү менен мүнөздөлөт жана дүйнө жүзү боюнча аба ырайынын шарттарына таасирин тийгизет. Бирок, учурдагы Ла-Нинья фазасы анча деле күчтүү эмес жана метеорологдордун болжолдоолору боюнча 2025-жылдын март – апрель айларында нейтралдуу абалга өтөт. Буга карабастан, 2025-жыл байкоо жүргүзүү тарыхында эң ысык жылдардын бирине кириши мүмкүн. Эксперттер ошондой эле Эль-Ниньонун жылдын экинчи жарымында кайтып келиши ыктымалдыгын жокко чыгарышпайт, бул жаңы температуралык аномалияларга, кургакчылыкка, бороон-чапкындарга жана планетанын ар кайсы аймактарында катуу жаан-чачынга алып келиши мүмкүн;

– планетада колдонууга жарактуу жерлердин 43 %га жакыны фермердик чарбаларга, жайыттарга жана урбанизацияланган аймактарга айландырылган. Табигый ландшафттын жарымынан көбүн жоготуу кескин өзгөрүүлөргө алып келиши мүмкүн. Кайтып келбес чекитине 2025-жылы эле жетип калышыбыз мүмкүн, бул түрлөрдүн массалык жок болушуна жана экосистемадагы күтүүсүз өзгөрүүлөргө алып келиши ыктымал. Табигый экосистемалардын кыйроосунун уланып жатышы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрүнө гана эмес, ошондой эле адамдын жашоо сапаты көз каранды болгон чөйрөлөрдүн, анын ичинде балык чарбанын, айыл чарбанын, токой чарбанын жана суу менен камсыз кылуунун туруктуулугуна коркунуч келтирет;

– табигый катаклизмдердин көбөйүшү (кургакчылык, суу ташкыны, аномалдуу үшүк), аба ырайынын коркунучтуу кубулуштарынын узактыгынын, интенсивдүүлүгүнүн жана жыштыгынын көбөйүшү экономикалык ишти активдүү жүргүзүүгө (экономика секторлорунда, өлкөнүн инфратүзүмүндө, адамдын турмуш-тиричилигинде) терс таасирин тийгизиши мүмкүн;

– көмүртек чыгарууну азайтуу жана экологиялык стандарттар боюнча эл аралык талаптар өнүккөн өлкөнүн рынокторуна жетүүгө таасирин тийгизиши мүмкүн, бизнести адаптациялоону жана модернизациялоого чыгымдарды көбөйтүүнү талап кылат.

**Ички шарттар:**

– өлкөдөгү социалдык-саясий туруктуулук;

– энергетикада, ирригацияда, жол-транспорт чөйрөсүндө ири улуттук инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу; Мамлекеттик ипотекалык компаниянын (мындан ары – МИК) линиясы боюнча турак жай курулушунун масштабдуу көлөмдөрү;

– “100 өнөр жай ишканасы – 2025” долбоорун ишке ашыруу;

– экспорттук потенциалы жогору артыкчылыктуу секторлорду өнүктүрүү;

– финансылык инструменттерге жетүүнү кеңейтүү;

– ишкердик үчүн жагымдуу бизнес-чөйрөнү түзүү;

– экономиканы санариптештирүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер, бизнести көмүскөдөн чыгаруу боюнча көрүлүп жаткан чаралар ж.б.

Мүмкүн болуучу макроэкономикалык тобокелдиктер:

– негизги соода өнөктөштөр болгон өлкөлөрдө экономикалык өсүштүн мүмкүн болуучу басаңдашынан улам тышкы суроо-талаптын жана сунуштун кыскарышы;

– ишкердик ишенимдүүлүктүн алсызданышынан, миграциялык саясаттын катаалдап кеткенине байланыштуу акча которуулардын азаюусунан улам инвестициялык агымдардын кыскарышы;

– дүйнөлүк финансы рынокторунда кырдаалдын начарлашы тышкы зайымдарды алууга тоскоолдуктарды жаратышы же тартылган ресурстардын наркынын өсүшүнө алып келиши мүмкүн;

– санкциялык саясаттын кеңейиши, ата мекендик компаниялардын санкцияланган компаниялар менен кызматташуу үчүн экинчи даражадагы санкцияларга дуушар болуу коркунучу;

– экономикалык активдүүлүккө, түшүмдүүлүккө таасир этүүчү климаттык шок (мөңгүлөрдүн эриши, кургакчылык ж.б.);

– инфляциянын деңгээлине таасир этүүчү импорттук көз карандылыктан улам азык-түлүккө жана отун-энергетикалык товарларга баалардын туруксуздугу (себеби керектөө куржунунда товарлардын басымдуу бөлүгү импорттук товарлар болуп саналат, бул өз кезегинде экономиканын тармактарында продукциянын өздүк наркынын өсүшүнө алып келет).

Түзүлгөн геосаясий кырдаал дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө олуттуу оңдоолорду киргизүүдө. Учурда жүрүп жаткан санкциялык конфронтация өзүнүн табияты жана кесепеттери боюнча болуп көрбөгөндөй саналат жана берүүлөрдүн чынжырларын бузган “жаңы ченем” болуп калды. Белгисиздиктин деңгээли жогору бойдон калууда: факторлордун ар биринин кесепеттери соода жана финансылык байланыштарды, өзгөргөн шарттарга ыңгайлашуу үчүн көрүлгөн саясат чараларын эске алуу менен өлкөгө жараша ар кандай таасир тийгизет.

Мындай шарттарда эл аралык институттар экономикалык келечекке ар кандай багыттагы бааны берет.

Дүйнөлүк банктын (мындан ары – ДБ) эксперттери 2025–2026-жылдарга глобалдык ИДПнын өсүшүн 2,7 % деңгээлинде болжолдошууда. Эл аралык валюта фонду (мындан ары – ЭВФ) 2025-жылга карата дүйнөлүк экономиканын өсүү болжолун начарлатты, болжол 0,4 пайыздык пунктка төмөндөтүлдү – 2,8 %га

чейин, ал эми 2026-жылга карата дүйнөлүк экономиканын өсүшү 3,0 % деңгээлинде болжолдонууда.

ЭВФ ошондой эле дүйнөдөгү эки эң ири экономикалары болгон АКШ (0,8 %га чейин) жана Кытай (4,0 %га чейин) үчүн 2025-жылга карата болжолун начарлатты, мунун себеби катары эки өлкө ортосундагы соода чыңалуусунун күчөшүн көрсөттү.

ДБнын болжолуна ылайык өнүккөн өлкөлөрдөгү экономикалык өсүштүн темпи 2025-жылы орточо эсеп менен 1,7 %ды, ал эми 2026-жылы 1,8 %ды түзөт, бирок бул көрсөткүчтөр пандемияга чейинки он жылдыкта байкалган өсүү темптеринен дагы эле төмөн болууда, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө экономикалык өсүш тиешелүү түрдө 4,1 % жана 4,0 % деңгээлинде болушу күтүлүүдө, бул пандемияга чейинки деңгээлден төмөн болууда жана жакырчылыкка каршы күрөшүү жана өнүгүү жаатындагы кыйла масштабдуу максаттарга жетүү үчүн прогрессти камсыз кылууга жетишсиз болору белгиленүүдө. Глобалдык акча-кредиттик саясаттын жумшаруусу, реалдуу кирешелердин калыбына келиши, ички суроо-талаптын жакшырышы, соода жана өнөр жай ишинин бара-бара жогорулашы келечекте жалпы экономикалык өсүштү колдошу керек.

7-таблица

**Эл аралык институттардын болжолдоруна салыштырмалуу сереп**

(пайыз менен)

| | 2024-жыл | 2025-жыл, болжол | | 2026-жыл, болжол | |
|---|---|---|---|---|---|
| | факт | июнь 2024 | январь/март 2025 | июнь 2024 | январь/март 2025 |
| **Дүйнөлүк банк:** | | | | | |
| Дүйнөлүк экономика | 3,2 | 2,7 | 2,7 | 2,7 | 2,7 |
| Еврозона | 0,8 | 1,4 | 1,0 | 1,3 | 1,2 |
| Кытай | 5,0 | 4,1 | 4,5 | 4,0 | 4,0 |
| АКШ | 0,9 | 1,8 | 2,3 | 1,8 | 2,0 |
| Армения | 5,9 | 4,9 | 5,0 | 4,5 | 4,6 |
| Беларусь | 4,0 | 0,7 | 1,2 | 0,5 | 0,8 |
| Казакстан | 4,8 | 4,7 | 4,7 | 3,4 | 3,5 |
| **Кыргыз Республикасы** | **9,0** | **4,2** | **4,5/6,0** | **4,0** | **4,5/5,5** |
| Россия Федерациясы | 4,1 | 1,4 | 1,6 | 1,1 | 1,1 |
| **ЭВФ:** | | | | | |
| | 2024-жыл факт | октябрь 2024 | апрель 2025 | октябрь 2024 | апрель 2025 |
| Дүйнөлүк экономика | 3,3 | 3,2 | 2,8 | 3,3 | 3,0 |
| Еврозона | 0,9 | 1,2 | 0,8 | 1,5 | 1,2 |
| Кытай | 5,0 | 4,1 | 4,0 | 4,1 | 4,0 |
| АКШ | 2,8 | 2,2 | 1,8 | 2,0 | 1,7 |
| Армения | 5,9 | 4,9 | 4,5 | 4,5 | 4,5 |
| Беларусь | 4,0 | 0,6 | 2,8 | 0,7 | 2,0 |
| Казакстан | 4,8 | 4,6 | 4,9 | 1,8 | 4,3 |
| **Кыргыз Республикасы** | **9,0** | 3,9 | **6,8** | **3,9** | **5,3** |
| Россия Федерациясы | 4,1 | 1,0 | 1,5 | 1,0 | 0,9 |

ДБ январдык серепте Казакстандын ИДПсынын өсүшү боюнча болжолду 4,7 % деңгээлинде калтырды. ЭВФ өзүнүн баалоосун кайра карап чыкты: 2025-жылга болжол 5,5 %дан 4,9 %га чейин төмөндөтүлгөн, ал эми 2026-жылга тескерисинче 4,1 %дан 4,3 %га чейин жогорулатылган. Ошол эле учурда Казакстандын Улуттук экономика министрлиги 2025-жылы экономиканын өсүшүн 5,6 % жана 2026-жылы 6,0 % деңгээлинде болжолдоодо.

ДБ Арменаянын экономикалык өсүшү боюнча 2025-жылга күтүүлөрдү 4,9 %дан 5,0 %га чейин кайра карап чыккан. Ошол эле учурда ЭВФ 2025-жылы да, 2026-жылы да өсүү темпин 4,5 %

деңгээлинде күтүүдө, бул 2024-жылдын октябрында берилген мурдагы болжолдон төмөн, ага ылайык 2025-жылы өсүш 4,9 % деңгээлинде күтүлгөн. Армениянын Финансы министрлиги 2025-жылга экономикалык өсүштү 5,1 % деңгээлинде болот деп болжолдоодо.

ДБ Беларусь Республикасынын экономикасы боюнча болжолун 2024-жылдын июнунда болжолдонгон 0,7 %га салыштырмалуу 2025-жылы 1,2 % деңгээлинде күтүү менен жогорулоо тарабынан кайра карап чыкты. ЭВФ да 2025-жылы Беларусь Республикасынын ИДПсынын өсүшүн 2,8 % деңгээлинде болжолдоо менен өз баасын жакшыртты, бул мурдагы болжолдон 2,3 %га жогору. Ошол эле учурда ЭВФ 2026-жылы өсүү темпи 2,0 %га чейин орточо басаңдаарын болжолдойт. Муну менен бирге Беларусь Республикасынын Экономика министрлиги 2025-жылы экономиканын өсүшүн 4,1 %га болжолдоодо.

ДБ 2025-жылы Россиянын экономикасынын өсүшү боюнча болжолун 1,6 %га чейин жогорулатты. ЭВФ 2025-жылы Россиянын ИДПсынын өсүшү боюнча өзүнүн болжолун кайра карап чыгып, аны январдагы маалыматтарга салыштырмалуу 1,5 %га чейин же 0,1 п.п жакшыртты. Мында фонд 2026-жылы Россиянын экономикасынын өсүшү боюнча болжолун 0,3 п.п. – 0,9 %га чейин төмөндөттү. Россиянын Борбордук банкы 2025-жылы өлкөнүн ИДПсынын өсүшүн 1,6 %, 2026-жылы 1,7–2,0 % деңгээлинде болжолдоодо. Россиянын Экономикалык өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылдын октябрынан тартып колдонулган болжолу (апрель айында жаңыланат) 2025-жылы РФ ИДПсынын 2,5 %га, ал эми 2026-жылы – 2,6 %га өсүшүн болжолдойт.

Глобалдык жалпы инфляция январдагы болжолдордон бир аз төмөн темп менен төмөндөйт деп күтүлүүдө, бул 2025-жылы 4,3 %ды жана 2026-жылы 3,6 %ды түзөт, бул акча-кредиттик саясатты нормалдаштырууну улантууга жана акыркы жылдардагы глобалдык толкундоолорду токтотууга мүмкүндүк берет.

Эл аралык институттар да Кыргыз Республикасынын экономикалык келечегине ар тараптуу баа беришүүдө. ЭВФтин болжолуна ылайык 2025-жылы өлкөнүн ИДПсынын өсүү темпи 6,8 %ды түзөт, андан ары 2026-жылы 5,3 %га чейин басаңдайт. ДБ 2025-жылы 6,0 % жана 2026-жылы 5,5 % деңгээлинде өсүштү күтүү менен кыйла орточо баа берет. Ошол эле учурда ЕАӨБ жана ЕРӨБ кыргыз экономикасынын өнүгүүсүнө кыйла оптимисттик көз карашын билдирет: ЕАӨБ 2025-жылы ИДПнын 8,7 %га жана 2026-жылы 6,4 %га өсүшүн болжолдоодо, ал эми ЕРӨБ тиешелүү түрдө 7,0 %га жана 6,0 %га өсүшүн күтөт.

Түзүлгөн дүйнөлүк тенденцияларды, көрсөткүчтөрдүн иш жүзүндөгү сандык маанилерин жана тармактык министрликтердин, ведомстволордун жана региондордун маалыматтарын, ошондой эле

өлкөнүн экономикасына таасирин тийгизүүчү өбөлгөлөрдү жана мүмкүн болуучу факторлорду эске алуу менен экономиканы болжолдуу өнүктүрүүнүн эсептөөлөрү жүргүзүлдү.

2025-жылы жана орто мөөнөттүү келечекте (2026–2030-жылдары) улуттук экономиканын өсүү темпи потенциалдуу деңгээлден (105,3 %) жогору болжолдонууда, ал мурдагы жылдар үчүн жетишилген туруктуу көрсөткүчтөрдүн диапазонуна жакын бекитилет. Буга иштеп жаткан чарбалык субъекттердин ишкердик активдүүлүк саясатын колдоо, экономика секторлорунда ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу, энергетикалык, социалдык жана турак жай объекттерин масштабдуу куруу, ошондой эле ирригациялык жана суу менен камсыздоо системаларын модернизациялоо өбөлгө түзөт.

## 4-глава. 2025-жылы күтүлүүчү макроэкономикалык көрсөткүчтөр

2025-жылга карата иштин негизги багыты болуп макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу, анын ичинде керектөө бааларынын деңгээлинин өсүшүн кармап туруу, кризистик көрүнүштөрдүн таасирин болтурбоо жана минималдаштыруу боюнча натыйжалуу чараларды көрүү саналат. Максаттуу багыттарга жетишүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-январындагы № 18-т тескемеси менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылга иш-чаралар планы кабыл алынган, ал экономикалык ишти жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, турмуш-тиричилик системаларынын туруктуулугу, бардык социалдык милдеттенмелерди аткаруу жана стратегиялык багыттарга жана артыкчылыктарга жетишүү боюнча чаралардын комплексин жүргүзүүнү камтыйт.

2025-жылы экономикалык өсүш 108,5 % деңгээлинде, ИДПнын номиналдык көлөмү 1779,7 млрд сом суммасында, алтынды эсепке албаганда – 108,9 % деңгээлинде күтүлүүдө. 2025-жылы күтүлүп жаткан социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болот:

8-таблица

**ИДПны түзгөн тармактар боюнча түзүмү жана өсүү темптери**

(өсүү темптери ДКН боюнча берилген)

| | 2024-жыл, алдын ала факт | | | 2025-жыл, күтүлүүчү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүү темпи, % | ИДПга кара-та % менен | млн сом | өсүү темпи, % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салымдын үлүшү, пайыздык пункт менен |
| **ИДП** | **1 523 235,8** | **109,0** | **100,0** | **1 779 721,2** | **108,5** | **100,0** | **8,5** |
| Өнөр жайы | 251 034,5 | 105,6 | 16,5 | 290 418,8 | 107,7 | 16,3 | 1,26 |
| Айыл чарбасы | 131 114,1 | 106,3 | 8,6 | 145 206,5 | 104,0 | 8,2 | 0,34 |
| Курулуш | 125 855,1 | 118,0 | 8,3 | 158 747,5 | 116,9 | 8,9 | 1,40 |
| Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү | 794 212,4 | 109,3 | 52,1 | 926 356,6 | 108,3 | 52,1 | 4,33 |
| Продукттарга таза салыктар | 221 019,7 | 109,2 | 14,5 | 258 991,8 | 108,4 | 14,6 | 1,22 |

Экономиканын секторлорунда өсүш төмөнкүдөй бааланат: айыл чарбасында – 4,0 %га, өнөр жайда – 7,7 %га, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө – 8,3 %га, курулушта – 16,9 %га.

2025-жылга **айыл чарбасынын**, токой чарбасынын жана балык чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 438,2 млрд сом көлөмүндө, ал эми реалдуу өсүү темпи дыйканчылыктын – 5,2 %га жана мал чарбачылыгынын – 3,1 %га өсүшүнүн эсебинен 4,0 % деңгээлинде күтүлүүдө.

Агрардык секторду мамлекеттик колдоо чаралары улантылууда:

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы № 80-т тескемеси менен бекитилген 2025-жылга “Айыл чарбасын каржылоо – 13” программасы боюнча жеңилдетилген кредиттерди берүү. Республиканын эки алдынкы коммерциялык банкы катышат – “Айыл Банк” ачык акционердик коому (мындан ары – ААК) жана Элдик Банк ААК, кредиттөөнүн жалпы көлөмү 4,1 млрд сом;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 22-июлундагы № 202 “Кыргыз Республикасынын агроөнөржай комплексин андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорун ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-декабрындагы № 816-т тескемесине ылайык 4,0 млрд сом өлчөмүндө каражат бөлүүнү карайт;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 6-декабрындагы № 786-т тескемесине ылайык “Бириккен товар өндүрүүчүлөрдү каржылоо” долбоорунун алкагында чакан товардык өндүрүштү ирилештирүүгө багытталган 2,2 млрд сом өлчөмүндө каржылоо каралган.

2025-жылы айыл чарбасын суу менен камсыздоону жогорулатуу, суу чарба инфраструктурасынын абалын жакшыртуу жана агрардык секторду туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында 1,22 млн га жерди сугаруу үчүн 6,8 млрд кубометр суу берүү пландалган.

Ирригациялык объекттерди калыбына келтирүүгө жана оңдоого мамлекеттик бюджеттен 4,8 млрд сом бөлүү каралган, кошумча 2 млрд сом калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу системасынын курулушуна жумшалат.

Каралган иш-чаралардын алкагында 500 км сугат каналын оңдоо жана тазалоо, 500 миң кв. м аянтка бетон төшөө, 755 гидротехникалык курулманы, 200 суу ченөөчү постту жана 91 насостук станцияны калыбына келтирүү жана оңдоо, ошондой эле 40 насостук агрегатты жаңылоо пландалууда. Мындан тышкары 272 км коллектордук-дренаждык системаны тазалоо пландалган.

2025-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жалпы аянты 1250,0 миң га түзөт, бул 2024-жылга салыштырмалуу 3,3 миң га көп.

Өсүмдүктөрдү өстүрүү көлөмүнүн өсүшү төмөнкү өсүмдүктөрдү өндүрүүнү кеңейтүүнүн эсебинен камсыз кылынат:

– дан өсүмдүктөрүн – өздүк чийки заттан ун жана нан азыктарын өндүрүү үчүн продукциянын зарыл болгон көлөмүн камсыз кылуу максатында айдоо аянтын 676,9 миң га чейин (8,9 миң га) көбөйтүү аркылуу 3,0 %га;

– кант кызылчасын – айдоо аянтын 15,0 миң га чейин (1,5 миң га) көбөйтүүнүн эсебинен 8,6 %га;

– май өсүмдүктөрүн – айдоо аянтын 17 миң га чейин көбөйтүүнүн эсебинен 8,4 %га.

Өлкөдө жагымдуу эпизоотиялык кырдаалды камсыз кылуунун, малдын башын көбөйтүүнүн, асыл тукум малдын генофондун жакшыртуунун, ошондой эле бодо малдын санын көбөйтүү боюнча чараларды ишке ашыруунун эсебинен мал чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүшү 3,1 % деңгээлинде күтүлүүдө.

Экономикалык өсүштүн темпине айыл чарбасынын таасири нейтралдуу болот жана 0,34 п.п., ИДПнын өндүрүш түзүмүндөгү салыштырма салмагы – 8,2 %ды түзөт.

2025-жылы **өнөр жай секторунда** жалпысынан өндүрүштүн көлөмүнүн 7,7 %га, алтынсыз – 10,3 %га көбөйүшү күтүлүүдө.

Төмөнкүлөрдүн эсебинен кайра иштетүү өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү күтүлүүдө:

– өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө олуттуу үлүштү (40 %) ээлеген Кумтөр, Жерүй жана Талды-Булак-Сол жээк кендерин иштетүүчү ишканалардын туруктуу иштешинин эсебинен негизги металлды өндүрүүнүн физикалык көлөмүн 5 %га көбөйтүүнүн, мында иш жүзүндөгү көлөмдөр 2024-жылда түзүлгөн маалыматтардын деңгээлинде сакталат. Мында өсүш модернизациялоо ийгиликтүү жүргүзүлгөн “Эти Бакыр Терексай” жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары – ЖЧК) Терек-Сай (Жалал-Абад облусунун Чаткал району) кенинде, ошондой эле “Макмал Голд Компани” ЖЧКнын негизги металлдарды өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүнүн эсебинен күтүлүүдө;

– айыл чарбасынын дүң көлөмүнүн күтүлүп жаткан өсүшүнүн эсебинен 2025-жылы продукттарды (анын ичинде суусундуктарды) жана тамеки буюмдарын өндүрүүнүн көлөмүн 15 %га көбөйтүүнүн, кластердик ыкманы киргизүүнүн – кошумча нарк чынжырчасын фермерден тартып агрегаторго чейин бириктирүү, экспортко багытталган 18 кластердик бирикмени каржылоо боюнча иштерди активдештирүү;

– “Текстиль Транс” ЖЧКнын (Токмок ш.) өндүрүштүк кубаттуулугун жогорулатуу менен текстиль фабрикасынын курулушунун II этабын ишке киргизүүнүн алкагында долбоорлорду ишке ашыруунун, Токмок ш. өнөр жай зонасында өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 12 миң тонна була өндүрүүчү пахта тазалоочу заводду, полиэстерден жана лайкрадан текстиль кездемелерин даярдоого адистештирилген “Зилан Эверсун текстиль” ЖЧК текстиль фабрикасын (Кара-Балта ш.) ачуунун эсебинен текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн көлөмүнүн 11 %га өсүшүнүн. Ошондой эле Ош шаарындагы “ЕвроАзиягрупп” ЖЧКнын, Талас облусундагы “Aiko Seiko” ЖЧКнын, Чүй облусундагы жана Ош шаарындагы “ДОСМАРКО” ЖЧКнын ишке киргизилген текстиль-тигүү ишканаларында өндүрүштүн көлөмүн өстүрүү күтүлүүдө. Мындан тышкары өсүштүн негизги факторлорунун бири ата мекендик продукцияны илгерилетүү менен экспорттук рынокторду диверсификациялоо, тиешелүү инфраструктураны түзүү жана маркетплейстерди пайдалануу менен электрондук коммерция рыногун активдүү өнүктүрүү болот (Wildberries Бишкек жана Ош шаарларында сорттоочу борборлорду ачты, ошондой эле Чүй облусунда ири логистикалык хабдын курулушу башталды. Платформада 17 миңден ашык кыргызстандык сатуучу катталган, бул өндүрүштүн көлөмүн өстүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат);

– “Чайна Петроль Компани “Джунда” ЖЧКнын жана “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКтын ишин активдештирүүнүн эсебинен мунай продуктуларын өндүрүүнүн көлөмүн 10 %га көбөйтүүнүн. “Джунда” мунайды кайра иштетүүчү заводдо өндүрүштүк

орнотмолорду жана көмөкчү жабдууларды капиталдык оңдоо аяктады, бул төрт жылдык тыныгуудан кийин заводдун үзгүлтүксүз, коопсуз жана туруктуу иштешин камсыздайт, ал өндүрүш көлөмүн жылына 300 миң тоннадан ашык санда калыбына келтирет (2020–2023-жылдары өндүрүш орточо 38,3 миң тоннаны гана түзгөн). Компания 900дөн ашык жумуш ордун камсыз кылат. НКЗны модернизациялоо долбоорун базалык долбоорлоо аяктады, геологиялык изилдөөлөр жүргүзүлдү, бир нече көмөкчү объекттер, анын ичинде күкүрт кампасы жана эритме-бетон түйүнү курулду. Мындан тышкары "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАК тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, "Кыргызнефтегаз" ААК, "SPEC ENGINEERING INC" компаниясы менен "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКтын ортосундагы "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКтын мунайды кайра иштетүүчү заводун модернизациялоо жана реконструкциялоо боюнча долбоорду ишке ашыруу жөнүндө инвестициялык макулдашуу ишке ашырылат, бул ишканадагы көлөмдөрдү өстүрүүгө мүмкүндүк берет;

– 2025-жылы 17 %га өсүш күтүлгөн курулуш секторунун керектөөлөрүн камсыз кылуу үчүн иштеп жаткан ишканалардын туруктуу өндүрүштүк ишинин эсебинен курулуш материалдарын өндүрүүнүн 16,0 %га өсүшүнүн. Мында өсүш кубаттуулугу жылына 1,7 млн тонна болгон клинкер жана цемент өндүрүшү боюнча Чүй облусунун Кемин районундагы ишке киргизилген жаңы "Терек-Таш" заводунда өндүрүштүн көлөмүн өстүрүүнүн эсебинен күтүлүүдө. 2025-жылы курулуш материалдарын өндүрүү боюнча ишканаларды ишке киргизүү боюнча иш улантылат: "Асылташ" ЖЧК керамикалык плиткаларды өндүрүү боюнча заводду ачуу, "Изо-Пенопласт ЛТД" ЖЧК базальт буласын өндүрүү, "Кант цемент заводу" ЖЧКнын жаңы өндүрүштүк линиясы жана башкалар;

– иштеп жаткан өндүрүштөрдүн туруктуу иштешинин эсебинен фармацевтика продукциясын өндүрүүнүн көлөмүн 7 %га өстүрүүнүн (2023–2024-жылдардын жогорку базасынан кийин – 134,9 %, – 121,7 %), ошондой эле Чүй облусунун Сокулук районундагы 2024-жылы ишке киргизилген инфузиялык эритмелерди, ампулалардагы инъекцияларды жана көз тамчыларын өндүрүү боюнча "Биовит" жаңы заводунун көлөмдөрүн өстүрүүнүн, ал GMP стандартына ылайык келет, негизги жабдуулар жана кампалар да эл аралык стандарттарга ылайык келет;

– "ТНК "Дастан" ААК, "Кыргыз Унаа Курулуш" ЖЧК, "Скай Индастриал Групп" ЖЧК, "Бишкек штамптоочу заводу" МИ жана башкалар тарабынан чыгарылуучу продукциялардын номенклатурасын кеңейтүү боюнча тармактын ишканаларынын активдүү ишинин эсебинен машиналарды жана жабдууларды өндүрүүнүн 12 %га өсүшүнүн. "Бишкек штамптоочу заводу" МИнин

өндүрүштүн линияларын модернизациялоо жана ата мекендик өндүрүүчүнү колдоо максатында 10 жылдык мөөнөткө 3,8 млрд сом суммасында бюджеттик кредит бөлүнгөн, ал продукциянын ассортиментин кеңейтүүгө, импортту алмаштырууга жана продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары технологиялык линиялары Түштүк Кореянын, Кытайдын жана Кыргызстандын адистери менен биргеликте долбоорлонгон "Скай Индастриал Групп" ЖЧКнын акыркы муундагы лифттик жабдууларды жана көтөрүү механизмдерин даярдоо боюнча ишке киргизилген жогорку технологиялык көп тармактуу заводдо өндүрүштүн көлөмүнүн көбөйүшү күтүлүүдө. "Скай Индастриал Групп" ЖЧКнын лифттери өлкө боюнча мамлекеттик жана жеке сектордун негизги объекттерине орнотулат деп пландаштырылууда;

– оор жүк ташуучу автомобилдерди жана SHACMAN сериясындагы атайын багыттагы машиналарды чогултууга адистештирилген "Автомаш-радиатор" ЖЧКнын, "ТНК Шумкар" ААКтын, жеңил, жүк ташуучу автомобилдерди жана автобустарды чыгаруу боюнча "ДТ-Техник" ЖЧКнын, "Тулпар Моторс" заводунун өндүрүштүк кубаттуулуктарын өстүрүүнүн эсебинен транспорт каражаттарын өндүрүүнүн дээрлик 2 эсеге өсүшүнүн, келечекте ишканада автотранспорт каражаттарынын 20га жакын модели өндүрүлөт. Ошондой эле айыл чарба техникасын, мотоциклдарды, велосипеддерди жана башка атайын транспортту чыгарууну камтыган башка транспорт каражаттарын өндүрүүнүн өсүшү күтүлүүдө.

Көмүр казып алууну 5,8 %га, чийки мунайды жана жаратылыш газын – 2,7 %га жана металл рудаларын – 3,5 %га, башка пайдалуу кендерди – 8,8 %га көбөйтүүнүн эсебинен пайдалуу кендерди казып алуунун көлөмүнүн өсүшү күтүлүүдө. Бул тармакта кыйла чоң үлүштү металл рудаларын казып алуу ээлейт (65 %дан ашык).

2025-жылы электр энергиясын берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн көлөмүн эске алуу менен аны иштеп чыгуунун 5 %га өсүшүнүн жана газ өндүрүүнүн жана газ түрүндөгү отунду газ менен камсыздоо системалары аркылуу бөлүштүрүүнүн 8,7 %га өсүшүнүн эсебинен электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун көлөмүнүн 5,4 %га көбөйүшү күтүлүүдө. 2025-жылы кубаттуулугу 9 МВтга көбөйүүчү Үч-Коргон ГЭСинин үчүнчү гидроагрегатын; кубаттуулугу 60 МВтга көбөйүүчү Токтогул ГЭСинин үчүнчү гидроагрегатын реконструкциялоонун эсебинен жалпы пландалган кубаттуулукту – 127,3 МВт (анын ичинде ЧГЭС 58,3 МВт) көбөйтүү күтүлүүдө. Ошондой эле 19 чакан гидроэлектростанцияны эксплуатациялоого киргизүү пландалууда. Экономиканын секторлорунун жана калктын керектөөлөрүн толук канааттандыруу үчүн 3800 млн кВтс электр энергиясынын жетишпеген көлөмүн импорттоо пландалган.

Өнөр жай секторунун экономикалык өсүш темпине оң таасири 1,3 п.п., ИДПнын өндүрүштүк түзүмүндөгү салыштырма салмагы – 16,3 %ды түзөт.

**Курулуш секторунда** 2025-жылы курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмүнүн реалдуу өсүшү 16,9 % деңгээлинде күтүлүүдө жана капиталдык салымдардын 16,1 %га күтүлүп жаткан өсүшүнүн эсебинен 360,4 млрд сомду түзөт.

Каржылоонун ички булактарынын эсебинен төмөнкүдөй капиталдык салымдардын түшүүсү каралган:

1) республикалык бюджеттен “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 10,0 млрд сом суммасында. Биринчи кезектеги тартипте мамлекеттик капиталдык салымдардын ресурстары төмөнкүлөргө багытталат: мурда башталган курулуш объекттерин бүткөрүүгө жана аларды эксплуатациялоого берүүгө; стратегиялык маанидеги автомобиль жолдорун жана жалпысынан республиканын чек арага чектеш райондорундагы автожолдорду өнүктүрүүгө; мамлекеттик программага ылайык суу чарба курулмаларын, ирригациялык каналдарды курууга, бул өлкөнүн региондорунда жаңы сугат жерлеринин олуттуу аянттарын өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет; региондук өнүктүрүү концепциясын жана тармактык экономикалык программаларды эске алуу менен башка курулуш жана реконструкциялоо объекттерине.

Мындан тышкары 2025-жылы социалдык-экономикалык объекттерди, ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын, ирригациялык курулмаларды жана автомобиль жолдорун курууну, капиталдык оңдоону, реконструкциялоону каржылоону камсыз кылуу боюнча коюлган милдеттерди аткаруу максатында 15 млрд сом суммасында мамлекеттик казыналык облигациялар чыгарылат;

2) жергиликтүү бюджеттен, Бишкек шаары боюнча:

– инвестициялардын жалпы көлөмү 890 млн сомду түзгөн “Алга” спорттук комплексинин курулушу, анын ичинен 2025-жылы 494 млн сом өздөштүрүлөт;

– инвестициялардын жалпы көлөмү 914,2 млн сомду түзгөн 5 миң көрүүчүлүк орунга Д. Өмүрзаков атындагы стадиондун чакан спорттук аренасынын курулушу, анын ичинен 2025-жылы 432,4 млн сом өздөштүрүлөт;

– 8 борбордук жолду реабилитациялоо – 1 374 млн сом;

– 4 жаңы жолдун курулушу;

– “Манас” аэропортуна чейинки автомобиль жолун реконструкциялоо;

– үч жаңы көпүрөнүн курулушу (Шүкүров, Ауэзов көчөлөрүндө, Жибек Жолу проспектинде) – 303,9 млн сом;

– инвестициялардын жалпы көлөмү 56 млн АКШ долларын түзгөн тазалоочу курулмаларды реконструкциялоо жана

модернизациялоо, анын ичинен 2025-жылы 39 млн АКШ доллары, 2026-жылы – 17 млн АКШ доллары өздөштүрүлөт.

Мындан тышкары Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинен төмөнкү обьекттердин курулуштары жүзөгө ашырылат: Травматология жана ортопедия улуттук борбору; жаңы Ош базары; мурдагы "Ак-Кула" ипподромунун ордуна инвестициялардын жалпы көлөмү 3,0 млрд АКШ долларын түзгөн "Роял Централ Парк" көп функциялуу комплекстин курулушу, бул каражаттардын бир бөлүгү 2025-жылы өздөштүрүлөт; жаңы "Ак-Кула ипподромунун" курулушу; инвестициялардын көлөмү 95 млн АКШ долларын түзгөн катуу тиричилик калдыктарын утилдештирүү жолу менен электр энергиясын өндүрүү боюнча экотехнологиялык заводдун курулушу; "Көчө-жол тармагын өнүктүрүү" (3-фаза) долбоорун ишке ашыруу. Инвестициялардын жалпы көлөмү 220 млн кытай юанын түзгөн КЭР каражаттарынын эсебинен транспорттук түйүндөрдүн курулушу, анын ичинен 2025-жылы 110 млн өздөштүрүлөт; инвестициялардын жалпы көлөмү 210 млн АКШнын долларын түзгөн Бишкек шаарындагы ЖЭБ-2нин аймагында белгиленген кубаттуулугу 250 МВт ашык болгон, жаратылыш газы менен иштеген айкалыштырылган циклдеги электр станциясын куруу, иштетүү, иштеп чыгуу, эксплуатациялоо жана тейлөө, бул каражаттардын бир бөлүгү 2025-жылы өздөштүрүлөт; инвестициялардын жалпы көлөмү 300 млн АКШ долларын түзгөн "Бишкексельмаш" ЖЭБин техникалык жабдуу, бул каражаттардын бир бөлүгү 2025-жылы өздөштүрүлөт; бузулган ВДНХ комплексинин ордуна заманбап конгресс-холлду куруу; көп ярустуу токтоочу жайларды жана жол түйүндөрүн куруу;

3) 99,8 млрд сом суммасында ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен ("Кумтөр Голд Компани" ЖАКтын (43 948,3 млн сом); "Кыргызалтын" ААКтын (422,0 млн сом) инвестицияларынын эсебинен) ж.б.

Мындан тышкары 2025-жылы МИК тарабынан "Менин үйүм" программасынын алкагында жеткиликтүү социалдык турак жайды өнүктүрүү, турак жай курулушунун көлөмүн көбөйтүү боюнча иштер улантылууда. 2025-жылы 7 636 батирди эксплуатациялоого берүү пландалууда, анын ичинен Бишкек шаарында – 4 055 батир, Жалал-Абад облусунда – 2 409 батир, Ысык-Көл облусунда – 420 батир, Нарын облусунда – 433 батир, Талас облусунда – 319 батир.

Турак жай программасын ишке ашыруунун алкагында турак жай секторунун ар кандай багыттарын өнүктүрүү үчүн эл аралык жана ички каржылоо булактарынан каражаттарды пайдалануу каралган. СӨФтүн 100 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү жана ИӨБдүн 79 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү каражаттары жаңы турак жай объекттеринин курулушун каржылоого жумшалат, бул Кыргыз Республикасынын

жарандары үчүн жеткиликтүү турак жайдын көлөмүн олуттуу көбөйтүүгө мүмкүндүк берет;

4) 99,0 млрд сом суммасында калктын каражаттарынын эсебинен.

Тышкы каржылоо булактарынын эсебинен:

– чет өлкөлүк кредиттердин, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын (40,8 млрд сом суммасында күтүлүүдө);

– түз чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмүн 21,4 млрд сомго чейин көбөтүүнүн: "KAZ Minerals Bozymchak" ЖЧК (1 393,6 млн сом); "Full gold mining" ЖЧК (1 232,5 млн сом); "Чаарат Заав" ЖАК (5 478,6 млн сом); "Альянс Алтын" ЖЧК (5 014,0 млн сом); "Газпром Кыргызстан" ЖЧК (886,0 млн сом); "Эти Бакыр Терексай" ЖЧК (2 199,4 млн сом) ж.б.

2025-жылы мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун маанилүү багыттары транспорттук системаны, энергетикалык инфраструктураны, ошондой эле суу менен камсыздоону өнүктүрүү болуп калат.

Мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин көлөмү 44,2 млрд сомду түзөт, анын ичинен гранттар – 13,5 млрд сом (30,5 %), кредиттер – 28,4 млрд сом (64,2 %) жана Кыргы Республикасынын Министрлер Кабинетинин кошо каржылоосу – 2,4 млрд сом (5,3 %). Каржылоонун эң көп көлөмү 9,5 млрд сом өлчөмүндө (бардык мамлекеттик инвестициялардын 21,5 %ы) транспорт секторунда каралган. Энергетика тармагында каржылоонун көлөмү 6,0 млрд сом (бардык мамлекеттик инвестициялардын 13,5 %) суммасында каралган.

Курулуш тармагынын экономиканын өсүш темпине тийгизген таасири жакшы болот жана 1,4 п.п., ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндө курулуштун салыштырма салмагы – 8,9 %ды түзөт.

**Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө** 2025-жылы күтүлүүчү өсүш темпи 108,4 %ды түзөт. Мында дүң-чекене сооданын өсүшү 13,5 %га, транспорттук иште жана жүктөрдү ташууда 6,8 %га, мейманканалар жана ресторандар чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр – 21,2 %га, ошондой эле маалымат жана байланыш чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр – 6,2 %га күтүлүүдө.

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө күтүлүүчү жогорку өсүш темпи төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

– калктын кирешелеринин көбөйүшү менен шартталган керектөө суроо-талабынын жогорулашы;

– кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүк түрлөрүнүн санариптик форматка өтүшү жана салык жол-жоболорун фискалдаштырууну активдештирүү;

– 2025-жылы "Манас" эл аралык аэропортун реконструкциялоонун эсебинен рейстердин жыштыгынын көбөйүшү, ал аяктагандан кийин жүргүнчүлөрдүн агымын көбөйтүү үчүн

кошумча мүмкүнчүлүктөр түзүлөт, учуулардын коопсуздугу жогорулайт жана эксплуатациялык чыгымдар кыскарат;

– ресторандардын жана мейманканалардын тармагынын кеңейиши, тейлөө сапатынын жакшырышы;

– туристтик инфраструктураны өнүктүрүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун, анын ичинде кыйла көп жүргөн туристтик маршруттарда жана шаарлар аралык трассаларда 10 эс алуу түйүнүн (RestPoint) куруунун эсебинен жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн туристтердин агымынын көбөйүшү. Бир эле убакта республиканын ар кайсы региондорунда 40 туристтик базаны ишке киргизүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө, бул туристтик объекттердин жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга, туристтик сунуштардын спектрин кеңейтүүгө жана жергиликтүү экономиканын өнүгүшүнө түрткү берет;

– ири соода түйүндөрүнүн андан ары кеңейиши;

– автомобиль жолдорунун ички тармактарын жумушчу стандарттарга ылайык келтирүү, автотранспорт каражаттарынын паркын жаңылоо жана толуктоо аркылуу транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын жогорулашы;

– калкка жогорку технологиялык, жеткиликтүү маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүү.

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн экономикалык өсүш темпине оң таасири көбүрөөк болот жана 4,33 п.п. деңгээлинде, ИДПны өндүрүү түзүмүндө салыштырма салмагы – 52,1 %га бааланат.

2025-жылы инфляциянын деңгээли белгиленген орто мөөнөттүү 5–7 % диапазонунун алкагында болот деп күтүлүүдө.

Инфляциянын деңгээли төмөнкү факторлордун таасири астында түзүлөт:

– баа түзүүдө белгисиздикти жаратуучу валюталык курстун өзгөрмөлүүлүгү;

– Кыргыз Республикасынын 2025–2030-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына ылайык (2025-жылдын май айынан баштап калк үчүн электр энергиясына тарифтер 1,37 сомго чейин жогорулайт), ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатына ылайык (2025-жылдын 1-июнунан баштап калк үчүн жылытууга тарифтер 10 %га, ысык сууга 14,1 %га жогорулайт) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерине түзөтүүлөрдү киргизүү;

– ички рыноктун импорттук товарлардан көз карандылыгы, товардык-чийки зат рынокторундагы баалардын туруксуздугу, ошондой эле азык-түлүк товарларына (мөмө-жемиштерге, жашылчаларга) баанын сезондук өзгөрүшү;

– автомобиль транспорту менен бензинди, дизелдик отунду жана айрым мунай продукттарын экспорттоого, анын ичинде Казакстандан

ЕАЭБ өлкөлөрүнө ташууга (2025-жылдын 1-февралынан 30-июнуна чейин) убактылуу тыюу салуу жана аны мүмкүн болгон узартуу, ошондой эле мунай продукттарын темир жол транспорту менен ташып чыгууга чектөөлөрдү киргизүү;

– Казакстанда темир жол аркылуу жүк ташуу тарифтеринин жогорулашы (2025-жылдын 7-мартынан тартып ташуу наркы 16 %га жогорулады), бул Кыргыз Республикасынын ички рыногунда күйүүчү-майлоочу майлардын жана башка товарлардын баасына таасирин тийгизет;

– коңшу өлкөлөрдөн импорттолгон инфляциянын тобокелдиктери;

– калктын инфляциялык күтүүлөрү.

ЭВФнын баалоосу боюнча Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли 6–7 % чегинде болот.

Инфляциялык процесстердин динамикасына терс факторлордун таасири сакталган жана кошумча тышкы соккулар пайда болгон учурда инфляциянын маанилери болжолдонгон маанилерден ашып кетиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы баа жана финансылык туруктуулукка таасир этүү факторлоруна туруктуу негизде баа берет жана кырдаалга жараша акча-кредиттик саясаттын тиешелүү чараларын көрөт.

## 5-глава. 2026-жылга карата макроэкономикалык болжол

### § 1. Экономикалык саясаттын негизги чаралары

#### 1. Макроэкономикалык саясат

Макроэкономикалык саясат туруктуу жана инклюзивдүү экономикалык өсүүнү камсыз кылууга, жарандардын жашоо сапатын жана бакубаттуулугун жогорулатууга, ошондой эле глобалдык чакырыктардын шарттарында узак мөөнөттүү өнүгүү үчүн туруктуу базаны түзүүгө багытталат.

Өсүп жаткан глобалдык белгисиздиктин жана тышкы чакырыктардын шарттарында натыйжалуу макроэкономикалык саясатты түзүү тездик менен өзгөрүлүп жаткан дүйнөлүк коньюктурага экономиканы ыңгайлаштыруу зарылдыгы менен шартталган. Мындай жагдайларда мамлекеттин социалдык, экологиялык, экономикалык жана башка чакырыктарга өз убагында жана адекваттуу жооп берүү жөндөмдүүлүгү, ошол эле учурда улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн сактоо маанилүү болуп калат.

Экономиканы чыңдоого, потенциалды күчөтүүгө жана өндүрүштү өнүктүрүүгө, ошондой эле калктын бакубаттуулугун жакшыртууга багытталган Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 “2018–2040-жылдары Кыргыз

Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ийгиликтүү ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин биринчи кезектеги милдети бойдон калууда.

Программалык документтерде аныкталган макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу боюнча чараларды өз убагында ишке ашыруу экономикалык өсүштүн болгон туруктуу темптерин бекемдөөгө, өнүгүүнүн инновациялык жолуна ырааттуу өтүүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга, өндүрүштүн натыйжалуулугун жана продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Макулдашылган макроэкономикалык саясаттын негизги багыттары болуп экономикалык өсүштү колдоо, экономикалык иштин катышуучуларынын жигердүү иштешин, баалардын туруктуу деңгээлин, калктын иш менен камсыз болушунун жогорку деңгээлин камсыз кылуу, экономикага терс факторлордун таасиринин алдын алуу боюнча саясий чараларды өз убагында кабыл алуу саналат.

Макулдашылган акча-кредиттик жана бюджет-салыктык саясаттары макроэкономикалык жөнгө салуунун негизги инструменттери болуп калат.

Макроэкономикалык саясат калктын реалдуу кирешелерин жогорулатууга, бакубаттуулукту жогорулатууга, жашоо сапатын жакшыртууга багытталган жагымдуу чөйрөнү түзүү аркылуу экономикалык иштин ар кандай катышуучуларынын ортосунда консенсуска жетишүүгө багытталат.

Натыйжалуу макроэкономикалык саясатты жүргүзүү үчүн улуттук өнүктүрүү максаттарына жетүү траекториясынан четтөөлөрдү өз убагында аныктоо, алардын себептерин талдоо жана кесепеттерин алдын алуу/жеңилдетүү боюнча чараларды иштеп чыгуу боюнча мониторинг жана контроль жүргүзүлөт.

## 2. Акча-кредиттик саясат

Баалардын туруктуулугу экономиканы өнүктүрүү үчүн маанилүү шарттарды түзөт жана өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулуктун негизги элементи болуп саналат, ал өлкөдө жагымдуу бизнес чөйрөнү түзүүгө, инвестициялык климатты сактоого, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, чечимдерди кабыл алууда экономикалык субъекттердин белгисиздигин төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Өлкөдө баалардын туруктуулугуна жетишүү жана колдоо үчүн орто мөөнөттүү мезгилде инфляциянын деңгээлин 5–7 % чегинде кармап туруу максаттуу багыт болуп саналган тиешелүү акча-кредиттик саясат жүргүзүлөт.

Өлкөдө кабыл алынган өзгөрүлмө алмашуу курсунун режимине

ылайык анын алкагында чет өлкө валютасына суроо-талап менен сунуштун балансы ички валюта рыногунун рыноктук шарттарына ылайык түзүлөт, алмашуу курсунун ийкемдүүлүгү сакталат.

Акча-кредиттик саясатты ишке ашыруу республиканын узак мөөнөттүү экономикалык өсүшүнө көмөк көрсөтүү үчүн улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактоо милдеттерин эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

Экономикада акча массасынын тең салмактуу деңгээлин камсыз кылуу максатында акча-кредиттик инструменттер аркылуу банк системасында орун алган ашыкча ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча активдүү чаралар ишке ашырылат.

Инфляциянын деңгээлин аныктоочу кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү факторлорду талдоого өзгөчө көңүл бурулат. Иш жүзүндөгү инфляциянын болжолдонгон траекториядан олуттуу жана узакка четтөөлөрү болгон учурда Улуттук банк акча-кредиттик саясат боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алат.

Өлкөнүн бюджет-салыктык жана акча-кредиттик саясатын натыйжалуу координациялоо бааны жана ага жараша макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу максатын ийгиликтүү ишке ашырууга өбөлгө болот.

## 3. Бюджет-салыктык саясат

Орто мөөнөттүү мезгилде бюджет-салыктык саясат бюджеттин киреше базасын чыңдоонун, инвестициялык активдүүлүктү кеңейтүүнүн, ошондой эле ишкердикти өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн эсебинен экономикалык өсүшкө түрткү берүүгө багытталат.

Бюджеттик саясаттын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

– бюджеттик каражаттарды пайдаланууну көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү бюджеттин ачыктыгын жана отчеттуулугун күчөтүү боюнча иштер, мында системалуу көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү жана даректүүлүктү күчөтүү үчүн мамлекеттик финансыны оптималдуу пайдалануу камсыз кылынат;

– бюджеттер аралык мамилелер системасын өркүндөтүү;

– тышкы булактардан каржылануучу мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорунун потенциалдуу оң таасирин толук өлчөмдө ишке ашыруу үчүн мамлекеттик инвестицияларды башкарууну өркүндөтүү.

Мамлекеттин калктын алдындагы бардык социалдык милдеттенмелерин аткаруу менен мамлекеттик чыгымдардын социалдык багыты сакталат.

Социалдык милдеттенмелерди аткаруунун алкагында жарандардын бакубаттуулугун жана социалдык туруктуулукту камсыз

кылуу үчүн саламаттык сактоо, билим берүү, социалдык коргоо жана пенсиялык төлөмдөр сыяктуу негизги чөйрөлөрдү каржылоо улантылат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын туруктуулугун сактоо максатында мамлекеттик карыздын өлчөмүн, түзүмүн жана тобокелдиктерин үзгүлтүксүз контролдоо жана белгиленген эл аралык ченемдерге ылайык мамлекеттик карыздын туруктуулугунун бардык бюджеттик индикаторлорун жана туруктуулук индикаторлорун андан ары өркүндөтүүнү камсыз кылуу болот. Мамлекеттик карызды төлөөнүн негизги бөлүгү жакынкы жылдарга туура келерин белгилей кетүү маанилүү. Ушуга байланыштуу олуттуу чыгымдар негизги карызды төлөөгө багытталат, бул бюджеттик саясаттагы артыкчылыктардын бири болот.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-январындагы № 38 “2025–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун стратегиясын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2025–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруунун стратегиясын (мындан ары – Стратегия) ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик карызды башкаруу практикасын өркүндөтүүгө артыкчылыктуу көңүл бурулат, ал фискалдык тобокелдиктерди азайтууга жана карыздын алгылыктуу деңгээлинин босого маанилерин кармап турууга багытталган.

Стратегиянын башкы милдеттеринин бири мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү жана мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу масштабын кеңейтүү болуп саналат, бул каржылоо булактарын диверсификациялоого гана эмес, ошондой эле улуттук финансы секторун колдоого, анын ликвиддүүлүгүн жогорулатууга жана ички инвесторлордун кыйла кеңири катышуусун камсыздоого мүмкүндүк берет.

Мындан тышкары, зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети инвестициялык долбоорлорду каржылоо (еврооблигацияларды чыгаруу) үчүн ички рынокто чет өлкө валютасында каражаттарды тартууну карайт, мында чыгымдар менен тобокелдердин ортосундагы оптималдуу баланс камсыз кылынат. Мындай ыкма өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү артыкчылыктуу милдеттерди жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн ресурстарды тартууда ийкемдүүлүктү камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын салык саясаты 2025–2029-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын алкагында ишке ашырылат жана орто мөөнөттүү мезгилде салык салуунун адилеттүү жана туруктуу системасын түзүүгө, бизнес менен мамлекеттин кызыкчылыктарынын ортосундагы

балансты камсыз кылууга, салыктык башкарууну жөнөкөйлөтүүгө жана салык жол-жоболорунун ачыктыгын жогорулатууга багытталат. Бул ишкердик иш үчүн жагымдуу шарттарды түзөт, адилеттүү салык салууну камсыз кылат жана салыктык башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Көрсөтүлгөн багыттарды ишке ашыруу үчүн салык мыйзамдарына салык төлөөчүлөргө административдик оорчулукту азайтууга багытталган өзгөртүүлөр киргизилди. Тактап айтканда, айрым жеке адамдар үчүн бирдиктүү салык декларациясы жокко чыгарылып, салык милдеттенмелерин аткарууну жеңилдетет. Салыктык башкарууну жакшыртуу жана жергиликтүү бийлик органдарын колдоо боюнча иштер жүргүзүлөт, бул жер-жерлерде салыктык түшүүлөрдү натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк берет.

Салык саясатынын негизги багыттарынын бири заманбап салык инструменттерин жана технологияларын киргизүү болот. Салык системасынын мүмкүнчүлүктөрүн жана реалдуулугун эске алуу менен салык жол-жоболорун модернизациялоо жана жакшыртуу боюнча иштер улантылат. Жөнөкөйлөтүлгөн кагаз жүзүндөгү эсеп-фактуралар активдүү колдонулуп, 2025-жылдын 1-октябрынан баштап электрондук-кагаз эсеп-фактураларына этап менен өткөрүлөт. Ишкердик субъекттерин ККМ-онлайнды колдонууга толук өткөрүү, QR-коддорду колдонуу менен накталай эмес формада акы төлөөгө, түшүндүрмөлөрдүн бардык түрлөрүн электрондук форматка өткөрүү боюнча иштер жүргүзүлөт. Аралыктан салыктык контролдоо, ошондой эле текшерүүлөрдү жүргүзүүдө тобокелдикти аныктоого багытталган ыкма маанилүү ролду ойнойт, бул башкаруунун ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Орто мөөнөттүү мезгилде салык саясаты салык төлөөчүлөрдүн өз милдеттенмелерин аткаруусун жеңилдетүү жана алардын чыгымдарын кыскартуу максатында салык мыйзамдарын өркүндөтүүнү камтыйт. Салык органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, санариптик технологияларды жана автоматташтырылган контролдоо системаларын киргизүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

2025–2030-жылдарга салык саясатынын негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат:

– салык төлөөчүлөрдүн салык мыйзамдарын сактоосу, анын ичинде электрондук сервистерди кеңейтүү жана жөнөкөйлөтүү үчүн зарыл шарттарды түзүү;

– салык милдеттенмелерин аткарууга убакыт сарптоону кыскартууга мүмкүндүк берген жекелештирилген салык профилин киргизүү;

– текшерүүлөрдө аралыктан салыктык контролдоону жана тобокелдикти аныктоого багытталган ыкманы өнүктүрүү, бул салык

төлөөчүлөр менен салык органдарынын ортосундагы ачык-айкын жана натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат;

– санариптик технологияларды жана маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган методдорун киргизүү жолу менен салык кызматынын аналитикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

– электрондук эсеп-фактуралар жана товарларды маркалоо сыяктуу маалыматтык системаларды оптималдаштыруу.

Кыргыз Республикасынын бажы саясаты орто мөөнөттүү мезгилде тышкы экономикалык иш үчүн жагымдуу шарттарды камсыз кылууга жана санариптик технологияларды колдонууну кеңейтүү жолу менен бажылык жөнгө салууну андан ары өркүндөтүүгө багытталат.

Негизги милдет бирдиктүү, натыйжалуу жана технологиялык жактан заманбап бажы мейкиндигин түзүү болуп калат, ал бажы чек арасы аркылуу товарларды өткөрүүчү жерлерде бажы инфраструктурасынын элементтерин техникалык жабдууга карата типтүү талаптарды өркүндөтүү жана бирдейлештирүү жолу менен, анын ичинде радиациялык контроль, адамдарды кароо (карап текшерүү), жол жүктөрү менен кол жүктөрдү текшерүү, баңги жана жарылуучу заттарды издөө жана идентификациялоо, телевизиондук байкоо жүргүзүү системаларын, бажы жол-жоболорун жүргүзүүдө коопсуздукту, ачыктыкты жана ыкчамдыкты камсыз кылат.

Евразия экономикалык бирлигинин келишимине жана Бажы кодексине, ЕАЭБ жана ага мүчө мамлекеттердин үчүнчү өлкөлөр жана интеграциялык бирикмелер менен түзүлгөн эл аралык келишимдерге ылайык бажы органдарынын ортосунда натыйжалуу маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жана маалымат алмашууну уюштурууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул бажы контролун талаптагыдай деңгээлде камсыз кылууга, жол-жоболорду жүргүзүүнү тездетүүгө, бажы чөйрөсүндө укук бузуулардын алдын алууга көмөк көрсөтүүгө жана ошол эле учурда тышкы сооданы жөнөкөйлөтүүгө көмөк көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

2025–2030-жылдарга бажы саясатынын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

– бажы жол-жоболорун тездетүү жана жөнөкөйлөтүү – кечигүүлөрдү азайтуу үчүн контролдоонун жана электрондук документ жүгүртүүнүн заманбап системасын киргизүү;

– экспорттун жана импорттун өсүшү, тышкы экономикалык ишти өнүктүрүү үчүн товарлардын, транспорт каражаттарынын жана адамдардын коопсуз жана тез өтүшүн камсыз кылган заманбап, жогорку технологиялуу жана натыйжалуу чек ара өткөрүү пунктун түзүү;

– эл аралык транспорттук коридорлорду эл аралык каттамдар системасына интеграциялоо, өлкөнүн транспорттук-логистикалык потенциалын чыңдоо.

## 4. Инвестициялык саясат жана ишкердикти өнүктүрүү жаатындагы саясаты

Инвестицияларды жогорку деңгээлде камсыз кылуу экономикалык өсүштүн туруктуу темптерине жетишүүгө өбөлгө түзөт. Республиканын экономикасына инвестицияларды тартуу Кыргыз Республикасынын экономикалык саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат.

Инвестициялык саясаттын негизги максаты болуп Кыргыз Республикасында инвестициялык климаттын жагымдуулугун жогорулатуу, анын ичинде инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда менчикти жана инвестицияларды коргоону камсыз кылуу саналат.

Инвестициялар ички инвестициялардын, тикелей чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынын эсебинен тартылат.

Республиканын инвестициялык потенциалын жогорулатуу, экономиканын артыкчылыктуу чөйрөлөрүнө жана тармактарына инвестицияларды тартуу, инвестициялоо процессинин атаандаштыкка жөндөмдүү экспортко багытталган продукцияны өндүрүү менен өз ара байланышын камсыз кылуу үчүн, инвестицияларды тартуу чөйрөсүндө башкаруу системасын өркүндөтүүнүн маанилүү багыттары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-мартындагы № 75 “Инвестициялар чөйрөсүндөгү башкаруу системасын өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык потенциалын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы менен аныкталган.

Инвестицияларды тартуунун негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 352 “2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программаны бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программада аныкталган.

Инвестициялык жагымдуулукту жогорулатууда негизги көңүл инвестициялар үчүн коопсуздук кепилдиктерин берүүгө, бардык инвесторлор үчүн укуктук коргоону жана бирдей шарттарды камсыз кылууга, басмырлоонун жоктугуна кепилдик берүүгө, инвестициялык чечимдерди кабыл алуу процесстеринин ачык-айкындуулугуна, режимдин туруктуулугуна, жөнгө салуунун жөнөкөйлүгүнө жана мамлекеттик-жеке жөнгө салуу механизмдерин колдонууга бурулат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 352 “2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2022–2026-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке

өнөктөштүктү өнүктүрүү программасынын алкагында инвестицияларды натыйжалуу тартуунун негизги механизми өлкөдө экономикалык жана социалдык маанилүү долбоорлорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик жана жеке секторлордун ресурстарын жана тажрыйбасын бириктирүү аркылуу инфраструктураны өнүктүрүү үчүн мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү (мындан ары – МЖӨ) бекемдөө жана өнүктүрүү болот.

Өлкөнүн региондорунун инвестициялык жагымдуулугун жана потенциалын жогорулатуу боюнча иштер улантылат, анын ичинде "Баткен облусунун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырууну эске алуу менен инвесторлор региондорду инвестициялоо боюнча иштин алкагында бардык зарыл кепилдиктерди алышат.

Инвестициялык фонддор – Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Өзбек-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Венгрия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Азербайжан-Кыргыз өнүктүрүү фондунун, Түрк мамлекеттер уюмунун Инвестициялык фондунун ишин активдештирүү боюнча иштер жүргүзүлөт, алар инвестицияларды тартуу жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн натыйжалуу аянтча болуп саналат жана биргелешкен өндүрүштү жана ишканаларды түзүүгө өбөлгө түзөт.

"Узак мөөнөттүү" финансылык ресурстарга суроо-талап жогору болгон шарттарда аталган фонддордун иши өлкөдөгү артыкчылыктуу бизнес-долбоорлорду каржылоо үчүн жакшы ресурстук база болуп саналат. Мындан тышкары, аталган фонддордун иштеши соода-экономикалык мамилелерди чыңдоого, өнөктөш өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык кызматташтыктын потенциалын өстүрүү үчүн шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле аталган өнөктөш өлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына жеке инвестициялардын келишине түрткү берүү үчүн мультипликативдик натыйжа берет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-январындагы № 32 "Инвесторлордун даттанууларын кароонун жана аларды коштоонун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык инвесторлорду коштоо жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча активдүү иштер улантылат.

Кыргыз Республикасында инвестициялык климатты жакшыртуу, инвесторлордун, анын ичинде чет өлкөлүк инвесторлордун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо кепилдиктерин камсыз кылуу максатында "Кыргыз Республикасынын улуттук инвестициялык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы № 92 "Ысык-Көл облусунун аймагында өзгөчө укуктук режими бар атайын инвестициялык аймакты жана англис укугун колдонуу менен талаш-тартыштарды жөнгө салуу боюнча көз карандысыз эл аралык

борборду түзүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында иштер улантылат.

Ишкердикти өнүктүрүү боюнча саясат менчикти коргоонун конституциялык кепилдиктерин камсыз кылууга, экономиканын туруктуу өсүшүнө дем берүүгө, ишкердик субъекттеринин экономикалык ишине мамлекеттин негизсиз кийлигишүүсүн болтурбоого, ошондой эле инвесторлордун ишенимин жогорулатууга, жагымдуу инвестициялык климатты жана ишкер чөйрөнү түзүүгө багытталган Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 3 "Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө", 2022-жылдын 1-июлундагы № 212 "Кыргыз Республикасынын ишкерлеринин статусун жана беделин жогорулатуу жөнүндө" жарлыктарын ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлөт.

Ишкердикти өнүктүрүүгө кошумча дем берүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-февралындагы № 94 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасынын алкагында мамлекеттин жөнгө салуучу функцияларын, салыктык текшерүүлөрдү кыскартуу, салыктык башкарууну жөнөкөйлөтүү, бажы инфраструктураларын санариптештирүү, Ак ниет ишкерлердин реестрин түзүү жолу менен ишкерлердин статусун жогорулатуу, мамлекеттик-жеке диалогдо бизнес-ассоциациялардын ролун күчөтүү аркылуу Кыргыз Республикасынын ишкерлеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, бизнеске өзүн-өзү жөнгө салуу функцияларын берүү (ишкердик субъекттеринин ишине айрым мамлекеттик жана муниципалдык контролдоочу жана көзөмөлдөөчү функцияларды өткөрүп берүү) жолу менен жөнгө салуу саясатын либералдаштыруу боюнча бир катар иш-чаралар каралган.

Кыргыз Республикасынын ак ниет ишкерлеринин реестрине киргизүү аркылуу ишкердикке дем берүүчү механизмдерди колдонуу улантылат, алар төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ болот: а) медиа жарнама үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик телеканалдарынан акысыз эфир убактысын алат; б) салык жана бажы кызмат көрсөтүүлөрүн кезексиз алат; в) Кыргыз Республикасынан эл аралык көргөзмөлөргө, жарманкелерге, форумдарга акысыз катышат; г) Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү кошпогондо, Кыргыз Республикасынын ак ниет ишкерлеринин реестрине киргизилген учурдан тартып үч жылга мамлекеттик контролдоочу органдар тарабынан текшерүүдөн бошотулат; д) мамлекеттик кредиттөө программаларын ишке ашыруунун алкагында жеңилдетилген каржылоону алат.

Аялдардын ишкердигин колдоо максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-ноябрындагы № 270 “2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында аялдар ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө” токтому менен 2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында аялдар ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү боюнча программа бекитилген, ал мыйзамдык жана жөнгө салуучу базаны оптималдаштырууга, финансылык инфраструктураны өркүндөтүүгө, ишкер аялдар үчүн финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө, ишкердик инфраструктураны өнүктүрүүгө, ишкердик маданиятын жайылтууга жана ишкер аялдардын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган.

## 5. Инновациялык саясат

Мамлекеттик инновациялык саясат инновациялык чечимдерди жана технологияларды киргизүү үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө багытталат. Орто мөөнөттүү келечекте интеллектуалдык менчик (ИМ) рыногун өнүктүрүү ИМди түзүү жана коммерциялаштыруу жаатындагы потенциалды өстүрүү боюнча, ошондой эле укуктарды коргоо жана башкаруу механизмдерин өркүндөтүү боюнча чаралар менен коштолот.

Төмөнкүлөр боюнча саясат ишке ашырылат:

– экономиканы өнүктүрүүнүн жана жашоо деңгээлин жогорулатуунун инструменттери катары ИМдин мааниси жөнүндө калкка кеңири маалымдоо;

– келечектеги квалификациялуу кадрларды даярдоо үчүн мектеп программаларына STEAM билим берүүнү (илим, технология, инженерия, искусство, математика) киргизүү;

– авторлорго чыгармачыл эмгектерди жаратууга жана жайылтууга, анын ичинде ата мекендик интеллектуалдык продукттарды жайылтуу үчүн онлайн-платформаларды түзүү аркылуу дем берүү;

– өтүнмөлөрдү экспертизалоону тездетүү үчүн санариптик технологияларды жана жасалма интеллекттин элементтерин пайдалануу менен ИМ объекттерин каттоо системасын модернизациялоо;

– ИМ укуктарын коргоо чөйрөсүндө укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу;

– санариптик мейкиндикте бузууларды болтурбоого басым жасоо менен ИМ укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик базаны жаңылоо;

– бизнестин, ойлоп табуучулардын жана изилдөө институттарынын өз ара аракеттенүүсүн колдогон ИМ жана инновациялар экосистемасын өнүктүрүү;

– инновациялык ишке тартылган ишкерлер үчүн укуктук жана инфраструктуралык колдоону кеңейтүү.

Төмөнкү чаралардын комплекси ишке ашырылат:

– билим алуучулардын ар кандай категорияларынын керектөөлөрүн эске алуу менен ИМ боюнча кошумча билим берүү программаларын иштеп чыгуу;

– патенттик активдүүлүккө жана интеллектуалдык иштин натыйжаларын укуктук коргоого дем берүү;

– туруктуу өсүү жана инновациялык өнүгүү үчүн региондук ишкерлерге колдоо көрсөтүү;

– автордук укук жана чектеш укуктар маселелери боюнча коомдун маалымдуулугун жогорулатуу;

– өнөр жай менчик объекттерине укуктук коргоо берүү жана аларды каттоо системасын өркүндөтүү;

– ИМ чөйрөсүндөгү талаш-тартыштарды сотко чейинки жөнгө салуу процесстерин модернизациялоо;

– ИМ укуктарын коргоо жаатында соттук администрациялоону өркүндөтүү;

– экономикалык модернизациялоого көмөктөшүү үчүн инновациялык ишканаларды колдоо;

– бизнес-сектордо интеллектуалдык менчикти коммерциялаштыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

Бул иш-чараларды ишке ашыруу улуттук инновациялык системаны өнүктүрүүнүн бирдиктүү стратегиясын түзүүгө, мамлекеттин, бизнестин жана илимий коомчулуктун натыйжалуу кызматташуусу үчүн аянтчаны түзүүгө, ИМ укуктарын башкаруу чөйрөсүндө практикалык билимдердин жана компетенциялардын деңгээлин жогорулатууга, таланттуу жаштарды колдоого жана алардын интеллектуалдык активдүүлүгүнө дем берүүгө, контрафакттык продукцияларды жүгүртүү менен байланышкан тобокелдиктер жөнүндө коомдун маалымдуулугун жогорулатууга, ошондой эле интеллектуалдык менчик жана инновациялар маселелерине адистешкен эксперттердин кесипкөй коомдоштугун түзүүгө өбөлгө түзөт.

Ошентип, бул чараларды ишке ашыруу өлкөнүн инновациялык потенциалын узак мөөнөттүү өнүктүрүүнү жана интеллектуалдык менчик рыногунун ийгиликтүү иштеши үчүн шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

## § 2. Экономикалык өсүштү болжолдоо (өндүрүш боюнча)

Жогоруда көрсөтүлгөн өбөлгөлөрдү жана болжолдорду эсепке алуунун, экономикалык иштин катышуучуларынын саясат чаралары тарабынан калыптанган геосаясий шарттардын таасирин сактоо шартында кошумча колдоону колдонуунун негизинде 2026-жылга

экономикалык өсүш номиналдуу көлөм 2 067,0 млрд сом менен **108,6 %** деңгээлинде болжолдонууда.

2026-жылга экономика секторлорундагы негизги көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түрдө болжолдонууда:

9-таблица

**ИДПны түзүүчү тармактар боюнча түзүм жана өсүү темпи**

(өсүү темпи ДКН боюнча келтирилди)

| | 2025-жыл күтүлүүчү | | | | 2026-жыл болжол | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүү темпи % | ИДП-га карата % менен | ИДП-нын өсүшүнө салым-дын үлүшү п.п. | млн сом | өсүү темпи % | ИДП-га кара-та % менен | ИДП-нын өсүшү-нө салым-дын үлүшү, п.п. |
| **ИДП** | **1 779 721,2** | **108,5** | **100,0** | **8,5** | **2 067 019,1** | **108,6** | **100,0** | **8,6** |
| Өнөр жай | 290 418,8 | 107,7 | 16,3 | 1,26 | 330 898,2 | 107,5 | 16,0 | 1,22 |
| Айыл чарбасы | 145 206,5 | 104,0 | 8,2 | 0,34 | 160 232,2 | 104,2 | 7,8 | 0,34 |
| Курулуш | 158 747,5 | 116,9 | 8,9 | 1,40 | 196 390,6 | 116,6 | 9,5 | 1,48 |
| Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү | 926 356,6 | 108,3 | 52,1 | 4,33 | 1 073 482,4 | 108,1 | 51,9 | 4,22 |
| Продукттарга жана импортко таза салыктар | 258 991,8 | 108,4 | 14,6 | 1,22 | 306 015,6 | 108,9 | 14,8 | 1,30 |

8,6 % деңгээлинде болжолдонгон экономикалык өсүш өлкөнүн ИДПсын түзгөн экономиканын бардык тармактары тарабынан колдоого алынат.

Экономикада түзүлгөн тенденциялар мурдагыдай эле негизги үлүштү кызмат көрсөтүүчү тармактар – 51,9 %, ал эми товарларды өндүргөн тармактардын үлүшү – 33,3 % ээлеген экономиканын тармактары боюнча ИДПнын түзүмүнө таасир этет.

2026-жылы экономикалык өсүш суроо-талап жана сунуш тарабынан колдоого алынат.

Суроо-талап тарабынан экономикалык динамиканын негизги булагы ички суроо-талап бойдон кала берет. Ички суроо-талаптын негизин түзгөн акыркы керектөөнүн өсүшү 4,5 % деңгээлинде болжолдонууда. Негизги салым калктын жеке керектөөсүн камсыз кылат, 5,1 %га көбөйөт, ал эми мамлекеттик керектөө орточо 1,0 %га өсөт. Керектөө активдүүлүгүн бекемдөөгө калктын реалдуу акчалай кирешелеринин өсүшү өбөлгө түзөт. Жеке жактардын өлкөгө трансчек аралык акча которууларынын агымы да олуттуу колдоо көрсөтүүнү улантат – алардын көлөмү 13–15 %га көбөйөт, мында бул

каражаттардын 35–40 %га жакыны учурдагы керектөөгө багытталат, ошону менен үй чарбаларынын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн күчөтөт.

Кредиттөөнүн көлөмүн кеңейтүү ички суроо-талапка дем берүүчү кошумча фактор болуп калат. Берилген кредиттердин 10–12 % деңгээлинде өсүшү болжолдонууда, анын үстүнө керектөө кредиттеринин эсебинен өзгөчө активдүү өнүгүү улантылат. Бул калктын узак мөөнөткө колдонуу товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай түрлөрүнө жетүүсүн жеңилдетип, учурдагы керектөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

Инвестиция ички суроо-талаптын маанилүү элементи бойдон калууда. Дүң инвестициялардын көлөмү ИДПдан 34 % деңгээлинде бааланат, анын 32 % жеке инвестицияларга туура келет. Негизги капиталга салымдардын болжолдонгон 392,6 млрд сомго чейин көбөйүшү (анын ичинде 317,6 млрд сом – ички жана 75,0 млрд сом – тышкы) келечекте өндүрүштүк кубаттуулуктарды кеңейтүү жана технологиялык жаңылоо үчүн базаны түзүүгө өбөлгө түзөт.

Реалдуу эмгек акынын өсүшү да ички суроо-талапка колдоо көрсөтөт. 2026-жылы номиналдуу өлчөм 44 165 сомго жетип, реалдуу өсүш темпи 2,2 % түзөт.

Сунуш жагынан туруктуу өсүш экономиканын негизги секторлорунда позитивдүү динамика менен камсыз кылынат. Өсүштүн алдынкы драйверлери болуп кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш чөйрөсү саналат. Курулуш сектору өсүштүн жогорку темпин сактап калат, ал эми ИДПнын өсүшүнө анын салымы 1,48 п.п. түзөт. Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү салттуу түрдө экономиканын ири сектору бойдон калууда, ал экономикалык өсүшкө салымды 4,22 п.п. деңгээлинде камсыз кылат. Өнөр жай ИДПнын өсүшүнө 1,22 п.п. деңгээлинде салымды камсыз кылат. Өнөр жайда өзгөчө оң динамика алтынды эсепке албастан белгиленди (өсүш темпи 9,4 %га жетет), бул өнөр жай өндүрүшүнүн уланып жаткан диверсификациясын жана экономиканын чийки заттык эмес сегментинин бекемделишин чагылдырат.

2026-жылы суроо-талаптын жана сунуштун тең салмактуу өнүгүүсү түзүлөт. Бир жагынан, ички керектөө, инвестициялык активдүүлүк жана кредиттик экспансия суроо-талапты стимулдаштырууну улантса, экинчи жагынан – өнөр жай, курулуш жана кызмат көрсөтүүлөр секторундагы туруктуу өсүш тиешелүү сунушту камсыз кылат. Суроо-талаптын сунуштан орточо озуп кетиши бир аз инфляциялык басымды көрсөтүшү мүмкүн, бул өткөн жылдын декабрына карата инфляциянын болжолдонгон деңгээлинде 6,5 % деңгээлинде чагылдырылат.

## 1. Реалдуу секторду өнүктүрүү

### 1.1 Айыл чарбасы

Экономиканын агроөнөр жай секторун өнүктүрүү саясаты өлкөнүн калкын сапаттуу, коопсуз жана жеткиликтүү ата мекендик өндүрүштөгү айыл чарба продукциясы менен камсыз кылуу үчүн макулдашылган чараларды кабыл алууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинин өндүрүш көлөмүн көбөйтүүгө, натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, жаңы экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү издөөгө багытталат.

Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү төмөнкү артыкчылыктарга багытталат:

– азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында агроөнөр жай комплексинин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана агроөнөр жай интеграциясы;

– айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

– жер жана суу ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, айыл чарба өндүрүшүн климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо;

– агроөнөр жай комплексин башкарууну өркүндөтүү жана инновациялык өнүктүрүү.

Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги милдеттери төмөнкүлөр болот:

– айыл чарба багытындагы жерлерди пайдалануунун жана рыноктук айландырып иштетүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу;

– улуттук жана облустук деңгээлдерде агроөнөр жай комплексинде чарба жүргүзүүнүн кластердик методдорун киргизүү, анын ичинде айыл чарба продукциясын кайра иштетүү боюнча агрокластерлерди уюштуруу;

– ири жер пайдалануучулар үчүн фермерликти өнүктүрүү үчүн зарыл болгон өздөрүнүн жер участокторунда фермаларды куруу максатында шарттарды түзүү;

– фермерлердин инновацияларга жана заманбап технологияларга жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн тармактык илим жана кластердик бирикмелер менен кооперация механизмдерин иштеп чыгуу;

– айыл чарба продукциясынын байкоодо болуусун жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн айыл чарбасына санариптик технологияларды киргизүү;

– айыл чарбасында кооперацияны өнүктүрүү жолу менен майда товардык өндүрүштү жеңүү;

– ирригациялык тармакта сууну эсепке алууну жакшыртуу жана суу ресурстарын башкаруу үчүн технологияларды киргизүү;

– малдын жана башка жаныбарлардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн тоют өндүрүүнү жана мал селекциясын өнүктүрүү;

– айыл чарба инфраструктурасын жакшыртуу, анын ичинде ирригациялык системаларды жана электрлештирүүнү жакшыртуу.

Агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы № 25 "Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында жүзөгө ашырылат.

Көрсөтүлгөн багыттарды алдыга жылдыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 "2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында, ошондой эле төмөнкү программалык документтерде каралган иш-чаралар ишке ашырылат:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-июлундагы № 440 "2017–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген айыл тургундарын жаңы сугат жерлер менен камсыз кылуу үчүн ирригациялык инфраструктураны куруу каралган 2017–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын ирригациясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-мартындагы № 107-т тескемеси менен бекитилген кыртыштын күрдүүлүгүн чарба багытында сарамжалдуу пайдаланууну жана жерди коргоону жогорулатууга багытталган 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын кыртыштын күрдүүлүгүн жогорулатуу программасы;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 418 "Кыргыз Республикасында 2023–2027-жылдарга айыл чарба кооперациясын өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүүгө, агроөнөр жай продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган Кыргыз Республикасында 2023–2027-жылдарга айыл чарба кооперациясын өнүктүрүү программасы;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-декабрындагы № 671 "Кластердик өнүктүрүүнү колдонуу менен 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кластердик өнүктүрүүнү

колдонуу менен 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасы;

– 2031-жылга чейин Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексинде кластердик саясаттын концепциясы (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүү үчүн киргизилген).

Республиканын агрардык секторунда чарба жүргүзүүчү субъекттерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында долбоорлорду, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-мартындагы № 120-т тескемесине ылайык сүт, эт (бодо малдын жана майда малдын эти, канаттуулар, балык), кант, тоок жумурткалары, жашылчалар, мөмө-жемиштер, картошка, өсүмдүк майы, дан эгиндери агроөнөр жай кластерлерин өнүктүрүүгө жеңилдетилген кредит берүү жолу менен агрардык сектордун чарба жүргүзүүчү субъекттерин колдоо үчүн “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорун ишке ашыруу аркылуу жеңилдетилген кредиттерди берүү улантылат.

Жогоруда саналган программалык документтерде каралган чараларды ишке ашыруунун натыйжасында өсүмдүк өстүрүүчүлүктө – 5,4 %га жана мал чарбачылыгында – 3,2 %га өсүштүн эсебинен 2026-жылга айыл чарба, токой чарба жана балык чарбасынын продукциясын дүң чыгаруу 483,5 млрд сом көлөмүндө болжолдонууда, ал эми реалдуу өсүү темпи – 4,2 % деңгээлинде болжолдонууда.

10-таблица

**2025–2026-жылдарга айыл чарбасында өсүү темптеринин динамикасы**

| Көрсөткүчтөр | 2025-жыл, күтүлүүчү | | 2026-жыл болжол | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | % | млн сом | % |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык чарбасынын дүң продукциясы | 438 161,0 | 104,0 | 483 501,0 | 104,2 |
| анын ичинде: | | | | |
| өсүмдүк өстүрүүчүлүк | 209 132,4 | 105,2 | 234 501,9 | 105,4 |
| мал чарбачылыгы | 210 722,8 | 103,1 | 230 367,4 | 103,2 |

Айыл чарбасынын экономикалык өсүш темптерине тийгизген таасири нейтралдуу жана 0,34 пайыздык пунктту түзөт, анын ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндөгү үлүшү 7,8 %ды түзөт.

**Өсүмдүк өстүрүүчүлүк.** Өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясын өндүрүүнүн болжолдонгон өсүшү 5,4 % деңгээлинде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн төмөнкү түрлөрүн өндүрүүнү пландаштырылган көбөйтүү менен шартталган:

– айдоо аянттарынын (676,9 миң га чейин) жана түшүмдүүлүктүн (34,7 ц/га) өсүшү менен шартталган дан өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн 3,1 %га көбөйүшү болжолдонууда;

– кант кызылчасын өндүрүүнү 3,0 %га көбөйтүү болжолдонууда, бул айдоо аянттарын кеңейтүү (15,1 миң га чейин) жана дүң жыйымды жогорулатуу (1 071,2 миң тонна) менен байланыштуу. Аталган тармак азык-түлүк коопсуздугу жана импортту алмаштыруу саясатынын алкагында жогорку мамлекеттик көңүл буруу менен камсыз кылынат;

– май өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн 14,0 %га көбөйүшү болжолдонууда, дүң жыйымдын 22,8 миң тоннага чейин өсүшү жана айдоо аянттарынын 19 миң га чейин көбөйүшү менен. Олуттуу кеңейүү жеңилдетилген салык режиминин аракети (чийки затка КНСтин нөлдүк ставкасы) жана өсүмдүк майларына ички суроо-талаптын өсүшү менен шартталган;

– жашылчаларды өндүрүүнүн 2,8 %га көбөйүшү дүң жыйымдын (1 295,3 миң тонна) жана түшүмдүүлүктүн (215,0 ц/га) көбөйүшүнүн, ошондой эле ички керектөөнү жана экспорттук потенциалды кеңейтүүнүн эсебинен болжолдонууда;

– картошканын өсүшү 2,1 %га, дүң жыйымды 1 239,5 миң тоннага чейин көбөйтүүнүн жана айдоо аянттарын 66,45 миң га чейин кеңейтүүнүн эсебинен болжолдонууда;

– мөмө-жемиштерди өндүрүүнү 2,8 %га көбөйтүү, мөмө-жемиш берүүчү тигилген бак-дарактардын аянтын 54 миң га чейин кеңейтүүнүн жана багбанчылыкты өнүктүрүүнү активдүү мамлекеттик колдоонун натыйжасында болжолдонууда;

– бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүнү 3,3 %га көбөйтүү жана дүң жыйымды 299,6 миң тоннага чейин көбөйтүү болжолдонууда. Бул өсүш өлкөнүн түштүк региондорунда айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн активдешүүсү жана жагымдуу рыноктук конъюнктура менен шартталат.

Өсүштүн болжолдонгон көрсөткүчтөрү жаратылыш-климаттык шарттардын күтүлүүчү жагымдуу таасири жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүн мамлекеттик колдоонун улантылышы менен шартталган. Ошондой эле зарыл айыл чарба техникасы жана жер семирткичтер менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик колдоону улантуу, техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүгө региондорду адистештирүү пландаштырылууда.

**Мал чарбачылыгы**. Курч жугуштуу оорулардан эпизоотиялык абалдын бакубаттуулугун камсыз кылуунун, которуштуруп айдоодо көп жылдык чөптөрдүн аянттарын көбөйтүүнүн жана жайыттардын тоют ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун, ошондой эле инновациялык технологияларды киргизүүнүн эсебинен мал чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүшү 3,2 % деңгээлинде болжолдонууда.

Мында тирүү салмакта эт өндүрүүнүн болжолдонгон өсүшү 3,0 %ды түзөт, бул 2025-жылга салыштырмалуу 14,2 миң тоннага (487,2 миң тоннага чейин) көбөйүүгө алып келет. Сүт өндүрүүнү 3,2 %га көбөйтүү болжолдонууда, бул 60,2 миң тоннага (1 940,2 миң тоннага чейин), ал эми жумуртка өндүрүүнү 47,5 млн даанага (881,5 млн. даанага чейин) көбөйтүү менен 5,7 %га өсүшкө алып келет.

Бул сектордогу негизги тобокелдиктер өзүнө жагымсыз жаратылыш-климаттык шарттарды, айыл чарба жаныбарларынын генофондунун азайышын, күйүүчү-майлоочу материалдарга баалардын туруксуздугун, минералдык жер семирткичтердин жетишсиздигин жана кымбат баалуу жер семирткичтерди, ирригациялык иштерде суу ресурстарын сарамжалсыз пайдаланууну, соодадагы тоскоолдуктарды жана жагымсыз эпизоотиялык кырдаалды камтыйт.

## 1.2 Өнөр жай

Өлкөнүн экономикасында өнөр жай секторунун ролу өтө чоң: техникалык прогресстин негизи, өндүрүш үчүн чийки затты берүү, инновациялар, жаңы ачылыштар, жумуш орундарынын саны, мамлекеттик бюджетке салыктык келип түшүүлөр. Өнөр жайдын технологиялык маанилүүлүгү анын өндүрүштүк компоненттердин синергиясынын жана көптөгөн элементтердин көп тапшырмалуулугунун натыйжасында коңшулаш көптөгөн тармактарды пайда кылуу, ошондой эле экономиканын жакын тармактары үчүн олуттуу мультипликативдик эффект түзүү жөндөмдүүлүгүндө жатат. Адамзаттын ишин реалдуу өзгөрткөн инновацияларды жаратуу жөндөмдүүлүгүнөн тышкары, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн өнүгүү деңгээли өнөр жайдан жана алдынкы өндүрүштөн көз каранды. Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн, транспорт жана байланыш чөйрөсүндөгү инфраструктуралык долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн, билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн ж.б. кошумча стимулдардын пайда болушун күтүүгө болот.

Глобалдык жана региондук чакырыктардын шарттарында өндүрүштүк потенциалды өстүрүү, диверсификациялоо жана ишке ашыруу жолу менен экономикалык өсүштүн ички булактарын өнүктүрүү Кыргыз Республикасы үчүн өтө маанилүү милдет болуп саналат.

Жогорку технологиялардын жаңы дооруна кирген заманда алдынкы иштеп чыгууларды киргизүү жана натыйжалуулукту жогорулатууга аракет кылуу менен модернизация керек. Бул экономиканы чындап гана тим болбостон, эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү да түзөт.

Келечекте өнөр жайды өнүктүрүүнүн негизги максаты – келечекте жогорку кошумча наркы бар продукцияны экспорттоого басым жасоо менен заманбап, диверсификацияланган өнөр жай базасын түзүү, региондук рынокко чыгуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын өнөр жайын региондук чарбалык экономикалык байланыштарга натыйжалуу интеграциялоо.

2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук жаңы программасы экономиканы индустриялаштырууга өтүүгө багытталган. Ийгиликке жетүү үчүн инновациялык мамиле, технологиялык сабаттуулук жана инженердик ой жүгүртүү керек. Күчтүү өндүрүштүк базасыз улуттук экономиканын туруктуу өсүшүн жана өнүгүшүн камсыз кылуу мүмкүн эмес.

Өлкөнүн өнөр жай секторун өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 "2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-июлундагы № 178 "Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы өзгөчө кырдаал жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 5 "Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселелери жөнүндө" Жарлыгын, 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-февралындагы № 94 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-декабрындагы № 671 "Кластердик өнүктүрүүнү колдонуу менен 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кластердик өнүктүрүүнү колдонуу менен 2023–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы № 134 "2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын, Кыргыз

Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги № 172 “2035-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын улуттук энергетикалык программасынын долбоорун жактыруу жөнүндө” токтому менен бекитилген 2035-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын улуттук энергетикалык программасын ишке ашыруунун алкагында улантылат.

Өлкөнү активдүү индустриялаштыруу шартында негизги багыттар төмөнкүлөр болот:

– өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн заманбап технологияларды киргизүү;

– ресурстарды оптималдуу пайдалануу, өндүрүш факторлорун өркүндөтүү жана инновацияларды киргизүү үчүн өндүрүштүк кластерлерди жана ишканалар ортосундагы кооперацияны өнүктүрүү;

– энергияны үнөмдөөчү технологияларды киргизүүнүн эсебинен өнөр жайдын энергиялык натыйжалуулугун жогорулатуу;

– өнөр жайда атаандаштык чөйрөнү түзүү, экономикалык иштин бирдей жана алдын ала болжолдонгон шарттарын түзүү;

– жогорку кошумча нарк багыттарын өнүктүрүү, тышкы рынокторго чыгууну кеңейтүү жана үчүнчү өлкөлөр жана интеграциялык бирикмелер менен соода-экономикалык мамилелерди активдүү өнүктүрүү;

– импорттон көз карандылыкты азайтуу үчүн импортту алмаштыруу, өзгөчө азык-түлүк коопсуздугу жана комплекттөөчү товарларды жана фурнитураларды өндүрүү чөйрөсүндө;

– климаттык чакырыктарды жана туруктуу өнүктүрүүнү эске алуу менен ар бир керектөөчү үчүн энергетикалык коопсуздукту, энергиялык натыйжалуулукту, энергия булактарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн энергетиканы өнүктүрүүнүн жогорку (ылдам) темптери;

– мейкиндиктик жана социалдык-экономикалык дисбаланстарды четтетүү, туруктуу өсүү аймактарын түзүү жана жер-жерлерде өнүктүрүүнү башкарууга системалуу мамилени камсыз кылуу.

Адам капиталын өнүктүрүү, аналитика жана санариптештирүү, каржылоо жана инвестициялар, инфраструктураны өнүктүрүү жана ИИТКИ жана изилдөө долбоорлорун колдоо үчүн инновациялык жана технологиялык борборлорду түзүү, тоскоолдуктарды кыскартуу жана институттук чөйрөнү жакшыртуу, ата мекендик продукцияга болгон суроо-талапка дем берүү багыттарды ишке ашыруу үчүн колдоочу чаралар болуп саналат.

Ички жана тышкы рынокторду сапаттуу, жеткиликтүү, энергиялык натыйжалуу продукция менен камсыз кылуучу жогорку технологиялуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, туруктуу жана балансталган (суроо-талап жана сунуш бөлүгүндө) өнөр жайды

калыптандыруу, тармактын чет өлкөлүк технологияларга, жабдууларга, чийки зат компоненттерине көз карандылыгын төмөндөтүү жана калкты иш менен камсыз кылуу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын өнөр жайын өнүктүрүүнүн векторун аныктоо үчүн негизги милдеттер төмөнкүлөр болот: өнөр жай тармактарынын технологиялык базасын жаңылоо; жаңы технологияларды жана материалдарды түзүүгө багытталган илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга дем берүү; компаниялар үчүн ички жана тышкы рыноктордо атаандаштыктын бирдей шарттарын камсыз кылуу, ошондой эле ички рыноктордо атаандаштыкты өнүктүрүү, анын ичинде компаниялардын капиталындагы мамлекеттин үлүшүн этап-этабы менен кыскартуу; жогорку кошумча нарк менен продукциянын экспортуна дем берүү; жаңы тармактарды өнүктүрүү үчүн инновациялык инфраструктураны түзүү; шаарлардын өнөр жай зоналарында өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу маселелерин чечүү; инновациялык продукцияны рынокко чыгаруу үчүн жөнгө салуучу тоскоолдуктарды алып салуу ж.б.

Ички өндүрүштүн көлөмдөрүн өстүрүү жана өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу үчүн экономиканын реалдуу секторуна инвестициялардын агымына дем берүү жана ишканаларга негизги каражаттарды түзүүгө жана кайра өндүрүүгө салым кошууга мүмкүндүк берүүчү финансылык ресурстарды тартуу булактарын диверсификациялоо боюнча иштер улантылат. Бул импортко көз карандылыкты төмөндөтүү жана жогорку кошумча наркы бар улуттук продукцияны тышкы рыноктorго чыгаруу максатында өндүрүштүк кубаттуулуктарды кайра жабдуу жана модернизациялоо үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Республиканын өндүрүштүк кубаттуулугун натыйжалуу пайдалануу жана өнөр жай потенциалын андан ары өнүктүрүү максатында иштеп жаткан ишканалардын, катышуунун мамлекеттик үлүшү бар ишканалардын ишин активдештирүү жана жаңы өндүрүштөрдү, ошондой эле токтоп турган ишканаларды ишке киргизүү боюнча иш-чаралар планы ишке ашырылат. 100 өнөр жай объектин ишке киргизүү боюнча долбоор ишке ашырылууда.

Энергетиканы туруктуу өнүктүрүү, өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун, экономиканын реалдуу секторунун энергиялык натыйжалуулугун, ар бир керектөөчү үчүн энергия алып жүрүүчүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана айлана-чөйрөгө техногендик таасирди азайтуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги № 172 “2035-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын улуттук энергетикалык программасынын долбоорун жактыруу жөнүндө” токтому менен бекитилген 2035-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын улуттук энергетикалык программасына киргизилген

негизги багыттар ишке ашырылат. Негизги багыттар төмөнкүлөр болуп саналат: генерациялоочу кубаттуулуктарды кеңейтүү жана диверсификациялоо, энергиялык натыйжалуулукту жогорулатуу жана суроо-талапты башкаруу, энергетикалык инфраструктураны модернизациялоо жана санариптештирүү, региондук интеграцияны бекемдөө, экологиялык туруктуулук жана климаттык адаптация. Күз-кыш мезгилинде энергетика системасынын туруктуу иштөөсүн камсыз кылуу жана республиканын калкын электр, жылуулук энергиясы жана жаратылыш газы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу; Токтогул ГЭСинин каскадында авариялык кырдаалдарга жол бербөө максатында Токтогул суу сактагычындагы суунун деңгээлин контролдоону күчөтүү; тармактагы каражаттардын тартыштыгын жоюу боюнча туруктуу каржылоо булактары; энергетика секторунда ачык-айкындуулукка жетишүү үчүн заманбап технологияларды колдонуу башкы милдеттер бойдон калууда.

Электр энергиясынын өсүп бараткан тартыштыгын жоюу максатында мамлекет тарабынан ГЭСтерди, күн жана шамал станцияларын жана башка генерациялоочу объекттерди куруу боюнча чаралар көрүлдү. Эң масштабдуу долбоорлордун бири кубаттуулугу 1860 МВт болгон Камбар-Ата-1 ГЭСин куруу болуп саналат, 2023-жылы даярдык иштери башталды жана биринчи гидроагрегаттарды ишке киргизүү 2031-жылга пландаштырылууда. Жалпысынан 2030-жылга чейин болжол менен 30 электр энергетикалык объектти киргизүү пландаштырылууда, бул тартыштыкты жоюуга, энергетикалык көз карандысыздыкты камсыз кылууга жана электр энергиясын башка өлкөлөргө экспорттоого мүмкүндүк берет, атап айтканда CASA-1000 долбоору боюнча.

Кыргыз Республикасынын энергетикалык тармагынын туруктуу өнүгүүсүн, туруктуу жана ишенимдүү иштешин камсыз кылуу жана энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу, ошондой эле өндүрүштүн рентабелдүүлүгүнө жетишүү максатында тарифтик саясат электр энергиясына бааларды 2030-жылга чейин этап-этабы менен жогорулатууну карайт. Учурдагы тарифтер өндүрүштүн жана модернизациянын реалдуу чыгымдарын жаппайт, бул тармактын финансылык туруктуулугун төмөндөтөт жана секторду инвесторлор үчүн жагымсыз кылат.

Жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү саясат мамлекеттин жана тоо-кен бизнесинин кызыкчылыктарынын балансын сактоонун негизинде түзүлөт. Кен казуу тармагын өнүктүрүү саясатынын негизги багыттары төмөнкүлөр болот:

– мыйзамдар жана мамлекеттик жөнгө салуу жаатында жагымдуу шарттарды түзүү;

– геологиялык инфраструктураны өркүндөтүү;

– даярдалган кендерди пайдаланууга киргизүү жолу менен алтын казып алуу тармагын тездетип өнүктүрүү;

– жаңы пайдалуу кен чыккан жерлерди өздөштүрүү жана кошумча жумуш орундарын түзүү;

– жаңы кен чыккан жерлерди пайдаланууга киргизүү жана иштетилип жаткан кен чыккан жерлерди казып алууну көбөйтүү жолу менен көмүр жана мунайгаз өнөр жайын тездетип калыбына келтирүү;

– алдынкы кен казып алуу технологияларын киргизүү жана казып алуунун ысырапчыл жана экологиялык жактан зыяндуу методдорун колдонууга каршы туруу;

– геологиялык чалгындоо иштерине дем берүү жана андан ары узак мөөнөттүү өсүш үчүн аларга база түзүү менен жаңы кендерди ачуу боюнча натыйжалуу чараларды көрүү;

– жалпы мамлекеттик маанидеги жер казынасынын участокторун уставдык капиталында мамлекеттин 100 % катышуусу менен гана улуттук кен казуучу компания тарабынан иштетүү;

– жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө уруксат берүүчү жана башка документтерди берүүдө санариптик платформаларды кеңири колдонуу.

Байытуу фабрикаларын куруу өлкөнүн аймагында кошумча нарк чынжырларын түзүүнүн реалдуу инструменттеринин бири болуп калат. Кен казуучу ишканалардын жергиликтүү калк менен болгон чыр-чатактарын чечтүү боюнча, ошондой эле экологиялык коопсуздук боюнча зарыл талаптарды сактоо жана инвестициялык бизнес-долбоорлорду ишке ашырууда заманбап технологияларды колдонуу боюнча чаралар сунушталат.

Кыргыз Республикасынын мунайды кайра иштетүү өндүрүшүндө чет өлкөлүк өнөктөштөрдү ата мекендик мунайды кайра иштетүүчү ишканаларды модернизациялоого тартуу жана отундун сапатынын жогорку экологиялык стандарттарын өндүрүүгө өтүү үчүн шарттар түзүлөт.

Өлкөдө курулуш материалдарын өндүрүүнүн көлөмүн андан ары жогорулатуунун олуттуу потенциалы жана курулуш индустриясынын өнөр жай базасын өнүктүрүү турак жай жана өнөр жай курулушунун көлөмүн көбөйтүүгө, жаңы архитектуралык-курулуш системаларына өтүүгө, чийки затты казып алуудан баштап даяр продукцияны өндүрүүгө чейин жаңы кооперациялык чынжырчаларды түзүүдө жеткиликтүү каржылоону көбөйтүүгө багытталат.

Өнөр жай саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп экспортту өнүктүрүү жана колдоо саналат. Ал үчүн өнөр жайды техникалык жактан кайра жабдуу боюнча милдеттерди чечүү, инженердик кадрларды даярдоо жана окутуу системасын түзүү, жаңы технологияларды киргизүү, өнөр жай түзүмдөрүн жүгүртүү каражаттары жана чийки зат менен камсыз кылуу, экспорттук

продукцияны өндүрүүнү өбөлгөлөөчү механизмдерди түзүү зарыл. Кыргыз Республикасына берилген преференциялардын жалпы системасы+ (мындан ары – ПЖС+) статусунун аркасында Кыргыз Республикасынан экспорттоочулар ЕБге нөлдүк тарифтик ставкалар боюнча, башкача айтканда иш жүзүндө алымсыз товарларды жеткире алышат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ЕБ өлкөлөрүнө продукцияны экспорттоону өстүрүү үчүн жергиликтүү ишканаларга ПЖС+ мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү чаралардын комплексин ишке ашырат.

Региондордо өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүү, мейкиндик жана социалдык-экономикалык дисбаланстарды четтетүү максатында, жашоого жөндөмдүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүштүк потенциалды түзүү боюнча чаралар каралат, ал өзүнө башкаруунун кластердик принциптерин киргизүү, өнөр жайды өнүктүрүүнүн аймактык-тармактык критерийлерин айкалыштыруу, өнүгүүнүн алдыда турган аймактарын түзүү менен шаарлардын, райондордун өнөр жай зоналарында өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу маселелерин камтыйт.

Кыргыз Республикасынын ЕАЭБде иштөө шарттарында Бирликтин алкагында экономикалык интеграциянын мүмкүнчүлүктөрүн, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин кооперациялык кызматташтыгын өнүктүрүү максатында өнөр жай жаатындагы кооперациялык долбоорлорду финансылык колдоо механизмдерин максималдуу пайдалануу менен өндүрүштүк потенциалды өстүрүү, диверсификациялоо жана ишке ашыруу жолу менен экономикалык өсүштүн ички булактарын өнүктүрүү өтө маанилүү милдет болуп саналат. Бул милдет 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин “Өнөр жай саясаты жана кызматташтык” 92-беренесине ылайык иштелип чыккан ЕАЭБ алкагындагы өнөр жай кызматташтыгынын негизги багыттарынын алкагында ишке ашырылууда.

Өнөр жай продукциясынын жалпы көлөмүндө жети тармак экономикалык жана салык түзүүчү болуп саналат. Алардын ичинде: негизги металлдарды өндүрүү жана тамак-ашты кайра иштетүү, текстиль жана тигүү өндүрүшү, башка металл эмес минералдык продуктуларды, мунайзаттарды өндүрүү, металл кендерин казып алуу жана энергетика. Жалпысынан көрсөтүлгөн тармактар өнөр жай продукциясынын дээрлик 90 %ын чыгарат жана тиешелүү түрдө республиканын өнөр жай продукциясынын экспортунун түзүмүндө эң көп үлүштү алтын, азык-түлүк товарлары, тигүү продукциясы жана курулуш материалдары ээлейт.

Өнөр жай секторунда көрсөткүчтөр өсүү темпинин олуттуу олку-солку болушу менен мүнөздөлөт. Көпчүлүк учурда бул олку-солкулуктар негизги металлдарды казып алуу боюнча кендерди

иштетүүчү ишканалардын ишине сектордун жогорку көз карандылыгы (өнөр жайдын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 40 %га жакын), ошондой эле жаратылыш-климаттык факторлордун таасиринен энергетика тармагынын туруксуз иштеши (өнөр жайдагы үлүшү 10 %га жакын) менен шартталган.

Өнөр жай секторунда 2026-жылга өндүрүштүн көлөмүнүн 6,8 % реалдуу өсүшү болжолдонууда, алтын өндүрүүнү эсепке албаганда 9,3 % деңгээлинде өсүш болжолдонууда.

11-таблица

**Өнөр жай тармактарында өсүү темпинин динамикасы, өткөн жылга карата % менен[3]**

| | 2025-жыл | 2026-жыл |
|---|---|---|
| | күтүл. | бол-жол |
| **Өнөр жай, бардыгы** | **107,1** | **106,8** |
| Алтын өндүрүүнү эсепке албаганда өнөр жай | 110,0 | 109,3 |
| анын ичинде: | | |
| пайдалуу кендерди казып алуу | 103,8 | 103,3 |
| иштетүү өндүрүшү | 107,7 | 107,6 |
| электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу) | 105,4 | 105,1 |
| суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана экинчи чийки затты алуу | 106,6 | 104,4 |

Жалпысынан ИДПнын көлөмүндө 16,0 % салыштырма салмагы менен ИДПнын өсүшүнө өнөр жайдын салымы 1,22 пайыздык пунктта болжолдонууда.

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмүндө эң жогорку салыштырма салмагы (78,8 %) менен иштетүү өндүрүшүндө 2026-жылы реалдуу өсүш 7,6 % деңгээлинде болжолдонууда, ал негизинен төмөнкүлөрдүн эсебинен шартталган:

– продуктуларды (суусундуктарды кошкондо) өндүрүү көлөмүнүн реалдуу өсүшү (өнөр жайдын жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы 16,2 %), мында суроо-талап туруктуу болгон нан, ун, сүт жана эт азыктарын жана башка тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча ишканалардын туруктуу ишинин эсебинен 12 %га өсүш болжолдонууда. Негизги чаралар кластердик бирикмелердин агрегатору катары тамак-аш жана кайра иштетүү өндүрүшүн жана кластердик өндүрүштү өнүктүрүү; эл аралык стандарттардын талаптарына жооп берген жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн алынган айыл чарба продукциясынын, аны кайра иштетүү продуктуларынын, логистикалык борборлордун, адистештирилген мал

[3]Иштетип алма чийки заттын наркын эсепке албастан

союу цехтеринин сапатын аныктоо үчүн атайын лабораторияларды түзүү, ветеринардык контролду күчөтүү жана көзөмөлдүктү камсыз кылуу, кайра иштетүүчү өндүрүш ишканаларын жеңилдетилген каржылоону улантуу болот. 2027-жылга чейин 30дан кем эмес жаңы ишканаларды түзүү жана 30дан кем эмес иштеп жаткан тамак-аш өндүрүш ишканаларын модернизациялоо, 2027-жылга чейин республиканын түштүгүндө жана түндүгүндө продукцияны сактоо жана сатуу боюнча 3төн кем эмес логистикалык борборду түзүү пландалган. Бул чаралар өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн салыштырма салмагын жогорулатууга мүмкүндүк берет;

– текстиль өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү; кийим жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдарын өндүрүү (өнөр жайдын жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы – 3,6 %) жаңы ишканаларды ишке киргизүүнүн жана сатуунун жаңы рынокторун өздөштүрүү менен экспорттук берүүлөрдү көбөйтүүнүн эсебинен 6 %га өстү. 2025-жылы Токмок шаарындагы “Алдос Текстиль” ЖЧК жана “Бурана Текстиль” ЖЧК, Чүй облусундагы “Инсан Текстиль” ЖЧК жана “KG TEX” ЖЧК долбоорлорун ишке ашыруу каралууда. 2027-жылга чейин Ош шаарында “Кыргыз Текстиль ЛТД” ЖЧК текстиль кластерин түзүү пландалууда;

– курулуш материалдарын өндүрүү көлөмүнүн 10,6 %га өсүшү, анын өнөр жайдын жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы 7,5 %ды түзөт, ал төмөнкүлөрдүн эсебинен өсөт: а) жөнөтүү географиясын кеңейтүүнүн (Армения, Казакстан, Россия, Өзбекстан, Латвия) жана “Интергласс” ЖЧКнын өндүрүштүк кубаттуулугуна суроо-талаптын жогорулашынын, мында айнек өндүрүшүнүн көлөмү өндүрүлгөн продукциянын ассортиментин кеңейтүү менен 25 млн кв. м жетет (термикалык жылмаланган айнек; ламинаттоочу пленкалардын ар кандай түрлөрүн колдонуу менен көп катмарлуу курулуш айнек; күмүш менен капталган күзгү; үч коргоо классындагы окко туруктуу айнек); б) “Түштүк-Кыргыз Цемент” ЖАКынын, “Курулуш материалдарынын түштүк комбинаты” ЖЧКнын, “Ак-Сай Цемент” ЖЧКнын, “ТехноЛин” ЖЧКнын кубаттуулуктарынын туруктуу иштешинин жана “Кант цемент заводу” ААКтын, “Терек-Таш” ЖЧКнын кубаттуулуктарын өстүрүүнүн эсебинен болжолдонгон цемент жана асбест-цемент буюмдарын өндүрүү 18 %га өсүшү, бул ички рыноктун цементке болгон керектөөсүн толугу менен жабууга, ошондой эле курулуш материалдарын өндүрүү боюнча иштеп жаткан ишканаларды – керамикалык курулуш кыштарын, курулуш гипстерин, майдаланган кум жана урандыларды чыгаруу, иштеп жаткан кыш заводдорун модернизациялоо жана реконструкциялоо аркылуу ташты иштетүү ж.б. курулуш материалдарын өндүрүүнүн абалы жана өнүгүү

келечеги курулуш индустриясынын өнүктүрүү жана цемент жана айнек өндүрүшүнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат;

– Кумтөр, Жерүй, Талды-Булак-Сол жээк кендерин иштетүү боюнча ишканалардын туруктуу ишинин эсебинен негизги металлды өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн 4,6 %га өсүшүнө өбөлгө түзөт, мында көлөмдөрдүн 1,5 %га көбөйүшү болжолдонууда. Мындан тышкары көбөйүү “Эти Бакыр Терексай” ЖЧК, “Макмал Голд Компани” ЖЧК ишканаларында негизги металлдарды өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүнүн эсебинен болжолдонууда, мында физикалык көлөмдөрдүн 5,6 %га өсүшү болжолдонууда;

– машиналарды жана жабдууларды өндүрүүнүн көлөмүн 5,4 %га көбөйтүү, алар тармактын ишканаларында өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүнүн, чыгарылуучу продукциянын номенклатурасын кеңейтүүнүн эсебинен камсыз кылынууга тийиш;

– машина курууну динамикалык өнүктүрүүнүн, баарыдан мурда тармактык субсидиялардын (жеңилдетилген автокредиттөө, жеңилдетилген лизинг), мамлекеттик сатып алуулардын, ошондой эле автомобиль чогултуу өндүрүшүнүн өндүрүштүк аянттарын кайра ишке киргизүү боюнча инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун эсебинен транспорт каражаттарын өндүрүү көлөмдөрүнүн 2,4 эсеге өсүшү;

– электр жабдууларын жана машиналарды (өсүш 3,2 %га), жыгач жана кагаз буюмдарын; полиграфиялык ишти (3,0 %га), химиялык продукцияны (4,5 %га), фармацевтикалык продукцияны (8,5 %га), резина жана пластмасса буюмдарын (6,2 %га), компьютерлерди, электрондук жана оптикалык жабдууларды (6,5 %га), эмеректерди, машиналарды жана жабдууларды оңдоо жана орнотуу (8,9 %га) боюнча ишканалардын туруктуу иштеши.

Пайдалуу кендерди казып алууда (өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүндө салыштырма салмагы 9,6 %) 2026-жылы өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү 3,3 % деңгээлинде болжолдонууда, анын ичинде таш көмүрдү жана күрөң көмүрдү казып алуу 7,5 %га, металл кендерин казып алуу – 2,7 %га, чийки мунайды жана жаратылыш газын казып алуу – 1,0 %га көбөйөт.

Бул тармакта өндүрүштүн болжолдонгон көлөмү төмөнкү чараларды ишке ашыруунун эсебинен күтүлүүдө:

– Кавак күрөң көмүр кенинин жана республиканын түштүк регионунун кендерин чалгындоо жана иштетүү үчүн лицензия алган кен чыккан жерлеринин чийки зат базасын андан ары өнүктүрүү;

– Кавак бассейнинин жана түштүк регионунун кендерин иштетүүдө сорттоочу комплексти куруу боюнча маселелерди иштеп чыгуу;

– инвесторлорду тартуу жана тиешелүү тоо-кен транспорттук техникаларды жана жабдууларды сатып алуу менен “Кыргызкөмүр” МИнин өндүрүштүк потенциалын өнүктүрүү;

– кыргыз-кытай чек арасындагы “Торугарт” өткөрүү пунктуна жакын жерде көмүр логистикалык борборун куруу, ошондой эле “Эркештам” өткөрүү пунктуна жакын жерде енталык конвейери бар көмүр логистикалык борборун куруу боюнча кытай компаниялары менен маселелерди биргелешип иштеп чыгуу;

– көмүр байытуучу, кокс, түтүнсүз көмүр брикеттерин өндүрүүчү ишканаларды колдоо жана дем берүү;

– өлкөнүн бардык геологиялык маалыматтарын толук санариптештирүү, геологиялык маалыматты табигый жана жасалма алып жүрүүчүлөрдө сактоо боюнча стандарттарды иштеп чыгуу жана киргизүү;

– мунайдан/газдан алынуучу запастарды көбөйтүү, өзгөчө Фергана ойдуңунун түштүк-батыш, түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Чыгыш-Чүй, Ысык-Көл ойдуңдарында деталдуу геологиялык иштерди көбөйтүү жолу менен ресурстарды запастарга которуу;

– Бозымчак, Иштамберди, Жамгыр ж.б кендеринде руданы казып алуунун көлөмүн көбөйтүү.

Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоодо (жабдууда) (салыштырма салмагы 10,7 %) 2026-жылга көлөмдүн 5,1 %га өсүшү болжолдонууда.

Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн эсеби электр энергиясын ички керектөөнүн өсүшүн эске алуу менен электр энергиясын иштеп чыгууну көбөйтүүнүн эсебинен аткарылган. 2026-жылга электр энергиясын иштеп чыгуу 15 297,7 млн кВт саат көлөмүндө болжолдонууда, бул 2025-жылы күтүлгөнгө салыштырмалуу 466,3 млн кВтс көп, 2026-жылы жалпы пландалган кубаттуулуктун көбөйүшү 163,2 МВт (анын ичинде МГЭС 154,2 МВт) Үч-Коргон ГЭСинин экинчи гидроагрегатын реконструкциялоонун эсебинен болжолдонууда, мында кубаттуулугу 9 МВтга көбөйөт. Ошондой эле 12 чакан гидроэлектростанцияны ишке киргизүү пландалууда. Ошол эле учурда экономика секторлорунун жана калктын керектөөлөрүн толук канааттандыруу үчүн 3700 млн кВтс электр энергиясынын жетишпеген көлөмүн импорттоо пландалган.

Жылуулук энергиясын иштеп чыгуунун өсүшү 3,5 % (3300 миң Гкал) деңгээлинде болжолдонууда жана болжолдонгон мезгилдин климаттык шарттарына жараша болот.

Газ өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү; газ менен камсыздоо системалары аркылуу газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүү жаратылыш газын бөлүштүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүнүн эсебинен 8,0 % деңгээлинде болжолдонууда. 2013-жылдын 26-июлунда кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы

Кыргыз Республикасынын аймагында жаратылыш газын ташуу, бөлүштүрүү жана сатуу чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө макулдашууга ылайык Россия тарап Кыргыз Республикасына жаратылыш газын транзиттөө үчүн болгон техникалык мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды эске алуу менен керектөөчүлөр үчүн жаратылыш газын үзгүлтүксүз жеткирүүнү, ошондой эле түзүлгөн контракттарда каралган көлөмдө жаратылыш газын кепилденген жеткирүүнү кепилдейт. “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы жыл сайын коомдун инвестициялык программаларын иштеп чыгат жана бекитет, алардын алкагында республиканын региондорун газдаштыруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт. Республиканын региондорун газдаштыруу көмүр казып алууну көбөйтүү менен бирге отун-энергетикалык балансты диверсификациялоого, республиканын энергиянын бир булагына көз карандылыгын азайтууга, кыш мезгилинде электр тармактарына жүктөмдү кыскартууга мүмкүндүк берет.

Өнөр жайдын түзүмүндө суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана экинчи чийки затты алуу анча чоң эмес салыштырма салмакка ээ (0,9 %), мында сууну чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү (суу менен жабдуу) көлөмүнүн 4,8 %га, калдыктарды чогултуу, иштетүү жана жок кылуунун, экинчи чийки затты алуунун – 2,5 %га жана калдыктарды зыянсыздандыруунун жана башка иштетүүнүн – 5 %га өсүшүнүн эсебинен 4,4 % деңгээлинде реалдуу өсүш болжолдонууда.

2026-жылы өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн өсүшүнө республиканын бардык региондорунда жетишүү болжолдонууда. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнө негизги салымды салттуу түрдө төмөнкүлөр кошот: Чүй (48,0 %), Ысык-Көл (15,2 %), Жалал-Абад (9,4 %) облустары жана Бишкек шаары (14, 8 %), алардын суммалык үлүшү 87,4 %ды түзөт. Ысык-Көл жана Чүй облустарында өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү Кумтөр, Талды-Булак-Сол жээк кенин иштетүү боюнча ишканалардын туруктуу ишинин жана мунайды кайра иштетүүчү “Джунда” заводунун өндүрүшүнүн көлөмүн көбөйтүүнүн, Жалал-Абад облусунда – Бозымчак, Иштамберди, Терексай кендеринде өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүнүн жана электр энергиясын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүнүн эсебинен болжолдонууда.

Өнөр жай тармагында белгиленген көрсөткүчтөрдүн жетишсиздигине алып келиши мүмкүн болгон тобокелдиктер болуп төмөнкүлөр саналат:

– геосаясий кырдаалды, жаңы логистиканы курууда өздүк нарктын кымбатташына алып келген жеткирүү чынжырын жок кылган санкциялык тирешүүнү улантуу;

– рыноктук конъюнктуранын волатилдүүлүгү;

– негизги соода өнөктөштөрү болгон өлкөлөрдө экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөшү, бул кирешелердин булагы болгон салттуу жеткирилген продукцияларга, кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын азайышына, экспорттук баалардын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн;

– мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө жөнгө салуунун болжолдонбогон чаралары;

– иштеп чыгуу үчүн жүгүртүү каражаттарынын жетишсиздиги;

– өнөр жай тармагындагы ишканалардын инвестициялык жагымсыздыгы (эскирген технологиялар, рентабелдүүлүктүн төмөн деңгээли, жер казынасын пайдалануу үчүн жер участокторун берүү жол-жоболору, документтерди тариздөө татаалдашкан жана көп сандаган макулдашууларды, экспертизаларды ж.б. талап кылат);

– электр энергиясынын өчүрүлүшү;

– пландалган ишканалардын, кендердин өз убагында ишке киргизбеши, техногендик факторлордон улам өндүрүштүн белгиленген күтүлгөн көлөмдөрүнүн аткарылбашы; чийки зат менен камсыз болбошу, пландалган капиталдык салымдарды каржылоо булактары менен камсыз кылуудагы үзгүлтүктөр;

– жетишсиз башкаруу; техникалык адистиктеги квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги;

– мүлктү натыйжасыз пайдалануу; атаандаштардын активдүүлүгүнүн жогорулашы.

### 1.3 Курулуш

Шаар курулушун өнүктүрүүдө мамлекеттик саясат жана мамлекеттик жөнгө салуу, курулуш тармагын өнүктүрүүнүн келечегин аныктоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-январындагы № 14 “2020–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын курулуш тармагын өнүктүрүү стратегиясын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2020–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын курулуш тармагын өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлөт.

Артыкчылыктуу багыттар төмөнкүлөр болот:

– курулушта жана курулуш материалдарын, буюмдарын жана конструкцияларын өндүрүүдө өндүрүштүк потенциалды өнүктүрүү;

– жаратылышты сарамжалдуу жана тең салмактуу пайдалануу;

– калкты турак жай, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият жана спорт объекттери менен камсыз кылуу;

– архитектурада жана курулушта маданий жана улуттук өзгөчөлүктү камсыз кылуу;

– курулушта илимдин, техниканын жана технологиянын инновациялык багыттарын жөнгө салуу;

– архитектура жана шаар куруунун мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана аймактык органдарынын шаар курууну өнүктүрүү, калктуу конуштардын аймактарын көрктөндүрүү жана бул жааттагы иштерин координациялоо.

Мындан тышкары төмөнкү багыттар боюнча иштер пландалууда: социалдык-маданий багыттагы объекттерди куруунун эсебинен региондордо инфраструктураны өнүктүрүү; Кыргыз Республикасынын курулуш тармагына BIM технологияларын киргизүү үчүн жол картасын иштеп чыгуу; мамлекеттик курулуш тармагын башкаруунун бирдиктүү системасын киргизүү.

Курулуш тармагын өнүктүрүү ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу улуттук экономиканын өсүшүн камсыздоочу маанилүү багыттардын бири болуп саналат. Курулуш секторунда өнүктүрүүнүн комплекстүү чараларын кабыл алуунун натыйжасында капиталдык салымдардын 18,4 %га көбөйүшү болжолдонууда, анын көлөмү 392,6 млрд сомду түзөт.

12-таблица

**2025–2026-жылдарга курулуш тармагындагы өсүү темптеринин динамикасы**

| **Көрсөткүчтөр** | **2025-жыл күтүлүүчү** | | **2026-жыл болжол** | |
|---|---|---|---|---|
| | **млн сом** | **%** | **млн сом** | **%** |
| Негизги капиталга инвестициялар | 313 318,5 | 116,1 | 392 561,5 | 118,4 |
| анын ичинде: | | | | |
| ички инвестициялар | 251 172,1 | 110,1 | 317 594,1 | 119,5 |
| тышкы инвестициялар | 62 146,4 | 148,9 | 74 967,4 | 114,0 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 360 380,2 | 116,9 | 445 835,7 | 116,6 |

2025-жылы күтүлүүчү капиталдык салымдардын түзүмү ички инвестициялардын үлүшүн көбөйтүү жагына 80,2 %дан 81,0 %га чейин өзгөрөт (негизги үлүштү ишканалардын, уюмдардын жана калктын каражаттары ээлейт, алар 70 %га жакынды түзөт) жана тышкы инвестициялардын үлүшүн 19,8 %дан 19,1 %га чейин төмөндөтүү жагына өзгөрөт.

Курулуштагы артыкчылыктуу багыттар: жеке турак-жай куруу объекттери, транспорттук магистраль жана энергетика объекттери (электр берүү линияларын куруу боюнча иштер), айыл чарба объекттери (ирригациялык курулмалар) ж.б.

Республикалык бюджеттен капиталдык салымдардын эсебинен 10 млрд сом суммасында финансылык каражаттардын түшүүсү күтүлүүдө, ал биринчи кезекте мурда башталган курулуш объекттерин аяктоого жана аларды пайдаланууга берүүгө, стратегиялык маанидеги автомобиль жолдорун жана суу чарба курулмаларын, ирригациялык

каналдарды куруунун мамлекеттик программасына ылайык жалпысынан республиканын чек арага чектеш райондорунда жайгашкан автожолдорду өнүктүрүүгө багытталат, бул өлкөнүн региондорунда жана региондук өнүктүрүү концепциясын жана тармактык экономикалык программаларды эске алуу менен курулуштун жана реконструкциялоонун башка объекттеринде жаңы сугат жерлеринин көп аянттарын өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда республикалык бюджеттен “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каражаттар экономиканын секторлорун өнүктүрүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн республикалык бюджетке жыл сайын өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн эсебинен эки эсеге көбөйүшү мүмкүн.

Ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен 136,3 млрд сом суммасындагы капиталдык салымдардын болжолдуу көлөмү “Кумтөр Голд Компани” ЖАКтын (30,8 млрд сом), “Кыргызалтын” ААК жана башкалардын инвестицияларынын эсебинен түзүлөт.

2026-жылы энергетика жана транспорт тармактарында ири инвестициялык долбоорлор ишке ашырылат, алар курулушту өнүктүрүүгө негизги салым кошот.

Каржылоонун эң чоң көлөмү бардыгы болуп 9,5 млрд сом (бардык мамлекеттик инвестициялардын 23,2 %) өлчөмүндө транспорт секторунда каралган, муну менен “Тараз – Талас – Суусамыр 4-фаза, 104,6–197,6 км автожолун реабилитациялоо” долбоорунун (2,5 млрд сом – АКГ, ИӨБ), Балыкчы – Каракол – Балыкчы айланма жолун реабилитациялоо (Корумду – Балбай Баатыр участогу) долбоорунун (2,1 млрд сом – АКГ, ИӨБ, СӨФ, КАЭӨФ, ОПЕК), “БАРЭК 1 жана БАРЭК 3 коридорлорун бириктирүүчү жолдор” долбоорунун (391,4 млн сом – АӨБ), Ысык-Көл айланма автожолун жакшыртуу боюнча (Барскоон – Каракол участогу) долбоорунун (2,0 млрд сом – АӨБ), Арал – Суусамыр автожолун реабилитациялоо (887,5 млн сом – ЕАӨБ), Борбор Азиядагы региондук жолдорду өркүндөтүү программасынын үчүнчү фазасы (РБЖЖП БА -3) (1 млрд сом – ДБ), “Негизги эл аралык жолдорду жакшыртуу” (103,2 млн сом – JICA) долбоорлорунун жана башкалардын эсебинен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу үчүн өсүп жаткан керектөөлөрдү андан ары камсыз кылат.

Энергетика тармагында каржылоо көлөмү 7,6 млрд сом суммасында (бардык мамлекеттик инвестициялардан 18,4 %) каралган алар төмөнкүдөй долбоорлорду ишке ашыруунун эсебинен күтүлүүдө, булар: “Камбар-Ата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү” (2,9 млрд сом – ЕАӨБ), “Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, II фаза” (841,2 млн сом – АӨБ, ЕАӨБ), “Токтогул ГЭСин реабилитациялоо, III фаза” (568,5 млн сом – АӨБ), “Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо”

(2,0 млрд сом – АӨБ), “Электр энергетика секторун модернизациялоо жана туруктуу өнүктүрүү” (684,2 млн сом – ДБ, SEKO), “Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо” (452,5 млн сом – ЕАӨБ), кубаттуулугу 18 МВт болгон Кара-Көл ГЭСин куруу, кубаттуулугу 100 МВт болгон Куланак ГЭСин куруу жана башкалар.

2026-жылы Ысык-Көл облусундагы Орто-Токой суу сактагычында инвестициянын жалпы көлөмү 36 млн АКШ долларына жакын чакан гидроэлектр станциясынын курулушун аяктоо пландалууда. Станциянын долбоордук кубаттуулугу 21 МВт, ал эми жылдык орточо өндүрүшү 75 млн кВт с түзөт. Башкы подрядчы болуп кытайлык CHMC (China National Heavy Machinery Corporation) компаниясы саналат. Ишти аяктоо 2026-жылдын биринчи жарымына пландалган.

Бул долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын энергетика тармагынын абалын бир топ жакшыртат жана коңшу мамлекеттердин ортосундагы электр энергиясын алмашууну, ошондой эле транзиттик агымдарды көбөйтүү үчүн жагымдуу негизди түзөт.

Өлкөнүн туристтик потенциалын жогорулатуу чөйрөсүндө 2026-жылы төмөнкү долбоорлорду аяктоо пландалууда:

– 2025-жылдын май айында Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда Борбордук Азиядагы эң ири “Үч чоку” лыжа базасынын курулушу башталат. “Үч чоку” долбоорунун биринчи этабын 2026-жылдын декабрында аяктоо пландалууда, андан кийин курорт алгачкы туристтерди кабыл ала алат. Долбоор үч зонаны камтыйт – Жыргалаң, Бозучук жана Ак-Булак, ал эми маршруттардын жалпы узундугу 250 км түзөт, анын ичинде 120 км Жыргалаңда жайгашат;

– сегиз корпустан турган үч жылдыздуу мейманканаларды куруу. Инвесторлорду тартуу менен төрт жана беш жылдыздуу мейманканаларды куруу пландалууда. Биринчи этапта Жыргалаңда этно-шаарчага бириккен 49 мейманкана курулуп, анда үч, төрт жана беш жылдыздуу мейманканалар болот. Комплекстеги эң бийик имарат алты кабатка жетет. Курорт орто класстагы туристтерге да, бай конокторго да жеткиликтүү болот;

– Ысык-Көлдө азербайжан тарап ишке ашырып жаткан беш жылдыздуу мейманкананын курулушу 2023-жылдын октябрь айында башталган жана 2026-жылдын октябрына чейин бүткөрүү пландалууда. Объект Кара-Ой айылында жайгашып, мезгилдин бардык талаптарына жооп берет.

Капиталдык салымдардын эсебинен 22,9 млрд сом суммасында түз чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмү болжолдонууда:

– “KAZ Minerals Bozymchak” ЖЧК (448,8 млн сом);
– “Full gold mining” ЖЧК (1 245,2 млн сом);
– “Чаарат Заав” ЖАК (4 945,6 млн сом);
– “Альянс Алтын” ЖЧК (3 931,0 млн сом);

– “Газпром Кыргызстан” ЖЧК (1 000,0 млн сом);

– ж.б.

Жалпысынан, 2020–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын курулуш тармагын өнүктүрүү стратегиясынын алкагында шаар куруу мыйзамдарын оптималдаштыруу, мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер участокторун алып коюу жана кыймылсыз мүлк объекттерин бузуу механизмдерин иштеп чыгуу, жер мыйзамдарын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык келтирүү улантылат.

Мындан тышкары архитектура жана курулуш тармагында бүтө элек курулуш объекттеринин санын кыскартуу жана сметалык-ченемдик базаны жакшыртуу жаатында мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнү өркүндөтүү улантылат.

Ушуга байланыштуу төмөнкүдөй натыйжалар күтүлүүдө:

– капиталдык салымдардын натыйжалуулугун жогорулатуу;

– энергия натыйжалуу жана ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды ишке киргизүү;

– курулушта жана турак жай-коммуналдык чарбада баа түзүүнү оптималдаштыруу;

– имараттардын жана курулмалардын коопсуздугуна талаптарды жогорулатуу;

– шаар куруу документтерин камсыз кылуу.

Экономиканы капиталдаштыруунун пландалган көлөмдөрүнүн негизинде 2026-жылга курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмүнүн реалдуу өсүшү 16,6 % деңгээлинде болжолдонууда жана 445,8 млрд сомду түзөт. Курулуш тармагынын экономикалык өсүш темпине тийгизген таасири оң болот жана 1,48 пайыздык пунктту, ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндө курулуштун салыштырма салмагы 9,5 %ды түзөт.

Ошону менен бирге курулушту өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизиши жана болжолдонгон көрсөткүчтөргө жетпей калышына алып келиши мүмкүн болгон тобокелдиктер бар, атап айтканда:

– ири инвестициялык долбоорлордун бир бөлүгүн каржылоонун мүмкүн болгон үзгүлтүккө учурашынан улам чет өлкөлүк кредиттердин, гранттардын жана гуманитардык жардамдын кыскарышы (каржылоонун өз убагында ачылбашы);

– 2025–2027-жылдарга мамлекеттик инвестициялар боюнча бюджеттин долбоорунда каралган инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу (тышкы булактар), мында төмөндөө багытында кайра карап чыгуу мүмкүн. Себептери ички көйгөйлөрдөн, донорлор менен макулдашуунун узакка созулган жол-жоболорунан улам өздөштүрүлбөгөн каражаттар жана башкалар болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу кийинки транштар убактылуу токтотулуп, Кыргыз Республикасына келбей калышы мүмкүн;

– айрым долбоорлордун бир бөлүгүн каржылоодо мүмкүн болгон үзгүлтүктөн улам ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен капиталдык салымдардын кыскарышы;

– калктын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлашынан улам калктын каражаттарынын эсебинен каржылануучу капиталдык салымдардын азайышы, анын натыйжасында турак жай курулушунун көлөмүнүн азайышы;

– чет өлкөлүк инвесторлордун капиталдык чыгымдарынын төмөндөшүнөн жана каржылоонун башка кошумча булактары боюнча маалыматтардын жоктугунан тике чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмүнүн кыскарышы;

– бүткөрүлгөн объекттерди кабыл алуу актысына байланышкан көйгөйлөр, алардын айрымдары өткөн жылдарда бүткөрүлгөн, бирок кабыл алуу-өткөрүү актылары тариздelген эмес, бул объекттердин толук эмес, жетишсиз жабдылышына, жаңы курулган объекттерди инфраструктурага кошуудагы кыйынчылыктарга байланыштуу;

– негизинен Кыргыз Республикасына импорттолуучу курулуш материалдарына баалардын туруксуздугу;

– чектөөчү чараларга байланыштуу санкциялык режимдерди сактоо менен байланышкан логистикалык чынжырчалардын үзгүлтүккө учурашы.

### 1.4 Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн өсүшү калктын кирешелеринин оң динамикасы, туристтик сектордун активдешүүсү жана экономикада чакан жана орто бизнестин үлүшүнүн көбөйүшү менен шартталат. Санариптик чечимдерди тездик менен киргизүү, онлайн-соода платформаларын кеңейтүү, ошондой эле креативдүү экономика жана маалыматтык технологиялар менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын өсүшү тармактын өнүгүшүнө кошумча түрткү берет.

Кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүүнүн негизги багыттары төмөнкүдөй программалык өлкөлүк документтерде аныкталган: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 “2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 90 “2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын бекитүү жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-апрелиндеги № 204 “2024–2030-жылдардын

мезгилине Кыргыз Республикасынын формалдуу эмес экономикадан формалдуу экономикага өтүү боюнча улуттук программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2024-2030-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын формалдуу эмес экономикадан формалдуу экономикага өтүү боюнча улуттук программасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 707 “2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программа, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 765 “2025–2030-жылдарга туризмди туруктуу өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2025–2030-жылдарга туризмди туруктуу өнүктүрүү программасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 258 “2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген 2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 29-мартындагы “Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2023-2027-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2023–2027-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары ж.б.

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн дүң көлөмүнүн өсүү темпи 2026-жылы 108,2 % деңгээлинде болжолдонууда. Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү мурдагыдай эле ИДПнын түзүмүндө үстөмдүк кылуучу үлүштү (50,0 %дан ашык) ээлейт жана өсүш түзүмүндө – 4,22 п.п. көбүрөөк салым кошот.

Экономиканын кызмат көрсөтүүчү тармактарынын түзүмүндө эң көп үлүштү дүң жана чекене соода – 37,8 %, транспорттук иштин кызмат көрсөтүүлөрү – 8,1 % жана финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу кызмат көрсөтүүлөрү 8,9 % ээлейт.

Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо чөйрөсүндө дүң чыгаруунун 12,7 %га өсүшү калктын кирешесинин көбөйүшүнүн фонунда керектөө суроо-талабын жогорулатуунун эсебинен болжолдонууда, буга калктын акчалай кирешесинин 12,5 %га , эмгек акынын 8,5 %га , пенсиянын өлчөмүнүн 4,0 %га өсүшү, ошондой эле социалдык төлөмдөрдүн көлөмүн кеңейтүү өбөлгө түзөт. Ички рынокто товардык ресурстардын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн үй чарбаларында айыл чарба продукциясын өндүрүүнү өнүктүрүү, ошондой эле электрондук коммерцияны өнүктүрүү жана платформалык чечимдерди түзүүнү, локалдуу

бизнести өбөлгөлөөнү жана санариптик аянтчалар аркылуу ата мекендик товарларды экспорттоону илгерилетүүнү караган маркетплейстердин экосистемасын түзүү кошумча драйвер болуп калат.

Транспорттук инфраструктураны (аэропорттор, темир жолдор жана автомобиль жолдору) өнүктүрүүнүн эсебинен транспорт ишинин жана жүктөрдү сактоонун кызмат көрсөтүүлөрүнүн 7,4 %га өсүшү; жарандык авиацияны өнүктүрүү жана аба коопсуздугун камсыз кылуу, аэропортторду реконструкциялоо – транспорттук коридорлордун ишинин жакшырышы жүк агымдарынын жана жүргүнчүлөрдүн агымынын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт:

– темир жол менен Өзбекстан Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен Кыргыз Республикасынын түштүк облустарына темир жол транспорту менен жүк ташууну көбөйтүү үчүн Өзбекстан темир жолу менен биргеликте жеңилдетилген тарифтик шарттарды түзүү;

– “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы тарабынан Кыргыз Республикасынын түштүк региондоруна көмүрдү экспорттоо жана экспорттук-импорттук багыттар боюнча жүктөрдүн башка түрлөрүн ташуу үчүн жеңилдетилген шарттарды белгилөөгө;

– темир жол транспорту менен Кытайдан жана Кытайга жүк ташуу үчүн Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан – Афганистан мультимодалдык коридорун өнүктүрүү;

– Кыргыз Республикасы менен Иран Ислам Республикасынын темир жолдорунун ортосундагы кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагында Иран Ислам Республикасына/андан контейнерлерди ташуу үчүн атайын тарифти 90 %га чейин арзандатуу менен белгилөө;

– темир жол транспорту менен эл аралык транзиттик жүк ташуулардын көлөмүн көбөйтүү үчүн Ош станциясына эл аралык транзиттик станция статусун ыйгаруу.

Мейманкана комплексинин жана коомдук тамактануу сервисин өнүктүрүүнүн эсебинен мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 18,6 %га өсүшү.

Өсүштүн негизги факторлору:

– туризмди өнүктүрүүнү колдоо фондунун ишинин алкагында сервистин сапатын жогорулатууга жана туристтер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган туристтик тармактын инфраструктурасын өнүктүрүү;

– мейманкана бизнеси жана тамак-аш чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин кеңейтүү, анын ичинде тейлөө стандарттарын жогорулатуу, заманбап сервистик технологияларды

киргизүү жана кызмат көрсөтүүлөрдү туристтердин ар кандай категорияларына адаптациялоо;

– инфраструктурасы жана логистикасы өнүккөн, экотуризмге, медициналык жана спорттук туризмге басым жасоо менен туристтик кластерлерди түзүү;

– альпинизм, треккинг жана спорттун кышкы түрлөрү үчүн шарттарды түзүү аркылуу тоо туризмин өнүктүрүү;

– тарыхый маршруттарды илгерилетүү жана жаңы туристтик продукттарды түзүү аркылуу маданий туризмди өнүктүрүү.

Маалымат жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнүн 5,9 %га өсүшү интернет-трафикке суроо-талапты жогорулатууга өбөлгө түзүүчү жаңы санариптик продуктуларды түзүү, ошондой эле калкка жогорку технологиялык жана жеткиликтүү маалыматтык-коммуникациялык кызматтарды көрсөтүүнү кеңейтүү менен камсыздалат. Абоненттердин интернет-жеткиликтүүлүктүн ылдамдыгына жана сапатына болгон муктаждыгынын жогорулашына жооп катары республика боюнча була-оптикалык байланыш линиянын (мындан ары – БОБЛ) жалпы узундугунун өсүшү олуттуу таасирин тийгизет. БОБЛдун жогорку өткөрүү жөндөмдүүлүгү көрсөтүлүүчү санариптик кызматтардын спектрин жана көлөмүн кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү менен телекоммуникациялык инфраструктуранын туруктуулугун жана өткөрүү жөндөмдүүлүгүн олуттуу жогорулатууга мүмкүндүк берет. Бир эле учурда “кагазсыз” форматка өтүү менен мамлекеттик жана коммерциялык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү процесси, анын ичинде “Түндүк” бирдиктүү системасы менен интеграция аркылуу улантылат, бул калкты жана бизнести санариптик технологияларды колдонууга тартууну күчөтөт. Тармакты өнүктүрүү үчүн кошумча стимул санариптик чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүн андан ары кеңейтүүнү камсыз кылган 5G технологиясын киргизүү болот.

13-таблица

**2025–2026-жылдарга кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн тармактарында өсүш темпинин динамикасы**

| Көрсөткүчтөр | 2025-жыл күтүлгөн | | 2026-жыл болжол | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | % | млн сом | % |
| **Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү, бардыгы** | **1 422 061,0** | **108,4** | **1 647 915,5** | **108,2** |
| анын ичинде тармактар боюнча: | | | | |
| дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 517 983,0 | 113,5 | 622 206,8 | 112,7 |
| транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо | 114 624,5 | 106,8 | 133 681,5 | 107,4 |

| Көрсөткүчтөр | 2025-жыл күтүлгөн | | 2026-жыл болжол | |
|---|---|---|---|---|
| | млн сом | % | млн сом | % |
| мейманканалар жана ресторандар | 77 251,0 | 121,2 | 100 485,7 | 118,6 |
| маалымат жана байланыш | 62 516,5 | 106,2 | 68 257,4 | 105,9 |
| финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 133 318,6 | 107,8 | 146 490,5 | 107,2 |
| кыймылсыз мүлк операциялары | 114 510,3 | 103,9 | 125 268,2 | 103,3 |
| кесиптик, илимий жана техникалык иш | 41 660,6 | 103,5 | 49 093,4 | 104,1 |
| административдик жана көмөкчү иш | 13 879,8 | 100,5 | 14 648,4 | 100,8 |
| мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо | 119 626,9 | 100,2 | 132 563,4 | 101,2 |
| билим берүү | 102 109,3 | 103,9 | 110 858,3 | 103,3 |
| саламаттык сактоо жана калкты социалдык тейлөө | 75 473,0 | 104,2 | 90 414,2 | 103,9 |
| искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 14 038,3 | 103,3 | 15 881,6 | 103,6 |
| башка тейлөө иш | 34 696,4 | 101,9 | 37 651,1 | 102,8 |
| жеке үй чарбаларынын жалданма жумушчулар менен иши; жеке үй чарбаларынын ар кандай товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өз керектөөсү үчүн өндүрүшү | 372,8 | 107,1 | 415,0 | 106,9 |

Мындан тышкары, бул тармактын негизги сегменттери болуп билим берүү жана медициналык кызмат көрсөтүүлөр, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий жана техникалык иш, искусство, оюн-зоок жана эс алуу, жалданма жумушчулар менен жеке үй чарбаларынын иши, жеке үй чарбалары тарабынан ар кандай товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү ж.б., алардын иштеши өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө жана калктын жашоо сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү кызматтардын ар түрдүүлүгүн түзөт.

Билим берүү чөйрөсүндө негизги басым окуучулардын ар түрдүү категорияларынын керектөөлөрүн эске алуу менен кошумча билим берүү программаларын түзүүгө жана 12 жылдык окутууга өтүү боюнча алдыдагы реформага багытталат. Дарыгерге электрондук кезек, пациенттин электрондук карточкасы, мектепке электрондук жазылуу ж.б. сыяктуу санариптик технологияларды киргизүү аркылуу медициналык жана билим берүү кызматтарынын көбөйүшү болжолдонууда.

Маданият жана искусство чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө иштеп жаткан театрлардын, кинозалдардын туруктуу иши, алардын репертуарын кеңейтүү өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, негизги маданий жайларды оңдоо жана реконструкциялоо боюнча пландалган иштер ата мекендик сахналарга чет элдик артисттерди, маданият ишмерлерин тартууга мүмкүндүк берет, бул кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүүгө кошумча түрткү берет.

Бул чөйрөлөрдү өнүктүрүү калктын кирешесинин көбөйүшү, чакан жана орто бизнестин кеңейиши, ошондой эле санариптик технологиялардын интеграциясы менен колдоого алынат. Акыркы үч жылда калктын акчалай кирешеси 44 %дан ашык өстү, орточо айлык номиналдык эмгек акынын өлчөмү орточо 40 %га , пенсиянын орточо өлчөмү 30 %га көбөйдү, ал эми ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдун өлчөмү 38 %га көбөйдү. Бардык бул жагдайлар, өз кезегинде, ички суроо-талапты колдоо, тиешелүүлүгүнө жараша, дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүн жогорулатуу, транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо, мейманканалар жана ресторандар ж.б.

Мында кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө алдыга коюлган милдеттерди аткарууну камсыз кылуу боюнча белгилүү тобокелдиктер бар:

1) дүйнөдөгү татаал геосаясий кырдаалдын сакталышы;

2) инфляциянын деңгээлинин мүмкүн болуучу өсүшүнө байланыштуу калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү;

3) мигранттардан акча которуулардын түшүүсүнүн азайышы;

4) кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир тармактарында (туризм, маалыматтык технологиялар ж.б.) адистердин жетишсиздиги алардын өнүгүүсүн чектеши мүмкүн;

5) өлкөнүн экономикасына чет өлкөлүк түз инвестициялардын азайышы;

6) өлкөнүн экономикасында ишкердик активдүүлүктүн төмөндөшү.

## 6-глава. Тышкы экономикалык иш

2026-жылы Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык иши дүйнөлүк рыноктордо өлкөнүн позициясын бекемдөөгө, экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө жана ата мекендик продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталат. Негизги басым экспорттук түзүмдү диверсификациялоо, продукциянын сапатын жакшыртуу жана экспорттук берүүлөрдүн географиясын кеңейтүү жолу менен экспорттун көлөмүн көбөйтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жасалат.

Экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү, экспорттук потенциалдын туруктуу өсүшүн жана ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча милдеттерди натыйжалуу аткаруу үчүн тышкы экономикалык ишти мамлекеттик колдоо чараларын ишке ашыруу улантылат. Өлкөнүн соода-экономикалык кызыкчылыктарын эл аралык аренада илгерилетүү үчүн экономикалык дипломатиянын инструменттерин колдонууга өзгөчө көңүл бурулат.

Дүйнөлүк рынокто ата мекендик продукциянын экспорттук потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу

чаралары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-декабрындагы № 801 “2025–2028-жылдарга “Кыргызстанда жасалган” улуттук экспорттук программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2025-2028-жылдарга “Кыргызстанда жасалган” улуттук экспорттук программасын жүзөгө ашыруунун алкагында ишке ашырылат. Негизги максаттар экспорттун көлөмүн көбөйтүү, экспорттук иш финансылык агымдарды тартуу жана “Кыргызстанда жасалган” бренди менен продукцияларды эл аралык таанууну жогорулатуу болуп саналат. Негизги максатка жетүү үчүн тышкы соода формалдуулуктарын оптималдаштыруу, экспортту илгерилетүүнүн жана экспорттук потенциалды өнүктүрүүнүн натыйжалуу системасын түзүү, экспорттоочулардын эл аралык интеграциясын күчөтүү жана “Кыргызстанда жасалган” брендин илгерилетүү, экспорттоочулардын финансыга жеткиликтүүлүгүнүн артыкчылыктуу секторлорун камсыз кылуу, укуктук механизмдерди өркүндөтүү жана продукцияны экспорттук рынокторго жылдыруу үчүн эл аралык жана региондук стандарттарды киргизүүнү камсыздоо, ошондой эле шайкештикти баалоо жана метрология боюнча институттарды модернизациялоо боюнча иштер жүргүзүлөт. Колдоо көрсөтүү жана өнүктүрүү адал-индустриянын продукциясын кошуп, бирок бул тизме менен чектелбестен экспорттун төмөнкү товардык түзүмүнө багытталат: текстиль жана тигүү продукциясы, анын ичинде салттуу колго жасалган буюмдар жана бут кийим; жемиштерден, жашылчалардан жасалган даяр продукция; жаңгактан жана буурчактардан жасалган даяр продукция; даяр кургатылган продукция; бал жана аары продукциясы; сүт продукциясы; эт жана балык продукциясы; зергер буюмдары.

Ата мекендик продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында жогорку экспорттук потенциалы бар экономиканын артыкчылыктуу секторлорунда экспорттук акселерациялык программа ишке киргизилет. Программа ар тараптуу колдоо үчүн кеминде 20 пилоттук компанияны тандайт. Программаны ишке ашыруу үчүн эл аралык уюмдардын жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн ресурстарын тартуу, ошондой эле алар менен биргеликте экспортту илгерилетүү боюнча иш-чараларды өткөрүү пландаштырылууда. Мындан тышкары, ар кандай секторлордон жана региондордон экспорттоочу ишкерлердин потенциалын бекемдөө боюнча чаралар ишке ашырылат.

Азыркы учурда ата мекендик өндүрүүчүлөрдү жана экспортёрлорду тартуу үчүн продукцияны максаттуу рыноктордо илгерилетүү максатында 2024-жылдын ноябрында “Термез” эл аралык соода борборунда (Өзбекстан Республикасы) сатып алынган павильонду тариздөө жана даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Павильон соода операцияларын уюштуруу жана Өзбекстан

Республикасына, Афганистанга жана Түштүк Азиянын өлкөлөрүнө продукцияларды экспорттоого көмөктөшүү үчүн колдонулат.

Кытай Эл Республикасынын (мындан ары – КЭР) рыногун өздөштүрүү Кыргыз Республикасын жакынкы беш жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп саналат. Учурдагы чакырыктарга карабастан, бүгүнкү күндө экспорттун көлөмүн көбөйтүү боюнча олуттуу чаралар көрүлдү. Атап айтканда, КЭР рыногуна төмөнкү товардык категорияларды: эт, бал, сүт продукциясы, аквакультура, мөмө-жемиш жана дан өсүмдүктөрүн жеткирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган тиешелүү эл аралык протоколдорго кол коюлду.

Кыргыз Республикасынын продукциясынын КЭРге экспортунун өсүшүн кармаган негизги көйгөйлөрдү четтетүү үчүн (өндүрүштүн майда товарлары, Кытай керектөөчүлөрүнүн арасында кыргыз продукциясынын аз таанылышы, маркалоо, таңгактоо жана сапат боюнча КЭРдин стандарттарынын талаптарына шайкеш эместиги, ошондой эле чет тилин билбегендигин, эл аралык иш-чараларга катышуу үчүн маркетингдик көндүмдөрдүн жана финансылык каражаттардын жоктугун кошо алганда, тышкы рынокторго чыгууга ата мекендик ишкерлердин жетишсиз даярдыгы) КЭР рынокторунда продукцияны илгерилетүүгө жана КЭР рыногуна жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга, өндүрүүчүлөрдү экспорт алдында даярдоого багытталган чаралардын комплексин ишке ашыруу сунушталууда. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июлундагы № 431-т тескемесине ылайык КЭР менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы сооданы жогорку сапаттуу өнүктүрүүнү илгерилетүү боюнча жана Кыргыз Республикасынын КЭРге экспортунун көлөмүн көбөйтүү боюнча жол карталарын ишке ашыруу улантылат. Бул процессте КЭРдин аймагында (2024-жылдын 21-сентябрында Сиань шаарында жана 2024-жылдын 27-июнунда Үрүмчү шаарында) Кыргыз Республикасынын соода павильондорун ачууга өзгөчө маани берилет, алардын иштөө максаты экспорттук потенциалга ээ болгон Кыргыз Республикасынын продукциясын презентациялоо, ошондой эле КЭР менен соода-экономикалык кызматташтыкты чыңдоо болуп саналат.

Сооданы өнүктүрүү жана өлкөнү эл аралык жеткирүү түйүндөрүнө интеграциялоо максатында Кыргыз Республикасынын кургактагы портторун Сиань шаарынын (КЭР) аймагында жана Кыргыз Республикасынын аймагында кургактагы портторду ачуу маселеси иштелип чыгууда. Бул долбоор болжол менен 40 млн АКШ долларын инвестициялоону талап кылат жана интеграцияланган бажы кампаларын, контейнер кампаларын, муздаткыч чынжыр кампаларын, интеграцияланган кеңсе имараттарын, бажы имараттарын жана мейманканаларды камтыйт. Долбоорду ишке ашыруу максатында

“Shaanxi huisen kaiyuan Enterprise Management Co” Ltd компаниясы менен өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлду.

Чүй облусунда “Кыргыз-кытай инвестициялык холдинги” ЖЧКсы демилгечи катары чыккан, инвестициянын жалпы көлөмү 700 млн АКШ долларынан кем болбогон “Манас” соода-логистикалык комплекси” инвестициялык долбоорун ишке ашыруу соода шаарын, эл аралык көргөзмө борборун, бонд зоналары бар кампа жана логистикалык камсыздоо борборун, ири габариттик жабдуулар маркетплейстерин, ошондой эле турак жай жана мейманкана комплекстерин түзүүнү карайт. Бул долбоорду ишке киргизүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө, инновацияларды жана заманбап технологияларды киргизүүгө, улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, инфраструктураны өнүктүрүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө, квалификациялуу кадрлардын санын көбөйтүүгө өбөлгө түзөт жана чет өлкөлөрдөгү эмгек миграциясынын деңгээлин төмөндөтүүгө багытталат.

Тышкы рыноктордо ата мекендик продукцияны илгерилетүү жана чет мамлекеттерде Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу үчүн КЭРде, Өзбекстанда жана Түркияда экспорттук ишти колдоонун жетишерлик натыйжалуу механизми болуп саналган соода өкүлчүлүгүнүн институттары ишке киргизилди.

Айыл чарба продукцияларын жана кайра иштетүү продукцияларын экспорттоону колдоо максатында экспортко багытталган өндүрүүчүлөрдү субсидиялоо боюнча чараларды иштеп чыгуу улантылат.

Санариптик кайра түзүүлөр жана электрондук соода Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 “2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын алкагында артыкчылыктуу багыттар катары аныкталган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 707 “2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программаны бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2023–2026-жылдарга Кыргыз Республикасында электрондук коммерцияны колдоо жана өнүктүрүү боюнча программанын алкагында мамлекеттик жөнгө салууну оптималдаштырууга, институттук чөйрөнүн сапатын жакшыртууга жана электрондук коммерцияны өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган реформаларды жүргүзүү боюнча иштер улантылат.

Негизги багыттары төмөнкүлөр болот:

1) жеке инвестициялык ишти өнүктүрүү үчүн негиз катары электрондук коммерциянын катышуучуларынын чыгымдарын кыскартуу, алардын ишин коргоо жана коопсуздугун камсыз кылуу;

2) инвестицияларды илгерилетүү, товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана экспортко көмөк көрсөтүү;

3) электрондук коммерция ишкердик субъекттеринин финансылык инфраструктурасын өркүндөтүү жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү;

4) кадрларды даярдоодо жана кайра даярдоодо колдоо көрсөтүү жана көмөктөшүү, санариптик ишкердик субъекттеринде көндүмдөрдү жана демилгелерди өнүктүрүү.

ЕАЭБ алкагында өз ара электрондук сооданы жөнгө салууга, катышуучулардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого, ошондой эле Бирликтин алкагында алардын ортосунда өз ара иштешүүнүн жалпы эрежелерин орнотууга багытталган Товарлар менен электрондук соода жөнүндө макулдашуунун үстүндө иш жүргүзүлүүдө.

Глобалдык процесстердин таасиринен улам бир катар өлкөлөр тарабынан эң зарыл товарларга карата кабыл алынган протекционисттик аракеттерди эске алуу менен экспорттук саясат биринчи кезекте өлкөлөрдүн ички рыногунун керектөөлөрүн камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен оңдолот, анын ичинде товарлардын айрым категорияларынын экспортуна чектөөлөрдү киргизүү.

Алдыдагы мезгилде экономиканын тармактарын атаандаштык баалары боюнча чийки зат, материалдар жана инвестициялык товарлар менен камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен тарифти эскалациялоо принцибин ишке ашыруу улантылат.

Байкалган экономикалык чакырыктарга байланыштуу ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин керектелүүчү маанилүү товарларды өндүрүүчүлөрү импорттолуучу чийки заттарды берүүнү токтотууга жана учурдагы логистикалык чынжырчанын үзүлүшүнө байланыштуу кыйынчылыктарга дуушар болушат. Бирликтин туруктуулугун жогорулатууга, ички рынокту учурдагы шарттарда зарыл болгон товарлар менен толтурууга багытталган биринчи кезектеги колдоо чараларын көрсөтүү, ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин экономикаларынын туруктуулугун жогорулатууга багытталган чараларды ишке ашыруу максатында ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин артыкчылыктуу өнөр жай жана айыл чарбасы тармактарында колдонулган маанилүү товарларга жана чийки заттарга бажы алымдарынын ставкаларын төмөндөтүү жана тарифтик жеңилдиктерди белгилөө боюнча иштер улантылат.

Импорттук алымдарды азайтуу, ошондой эле соода жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча ДСУ макулдашуусун ишке ашыруу

импорттун көлөмүнүн өсүшүнө оң таасирин тийгизет жана “көмүскө” импорттун кыскарышына түрткү берет.

ЕАЭБ алкагында үчүнчү өлкөлөр: Индонезия, БАЭ, Египет, Монголия менен эркин соода зоналары жөнүндө макулдашууларды, ошондой эле Кыргыз Республикасы менен Сингапур Республикасынын ортосунда кызмат көрсөтүүлөр менен соода жана инвестициялар жөнүндө эки тараптуу макулдашууну түзүү боюнча сүйлөшүүлөр улантылууда.

Чийки зат ресурстарынын олуттуу тартыштыгын болтурбоо жана Кыргыз Республикасынын өнөр жай ишканаларын зарыл болгон чийки зат менен камсыз кылуу максатында бир катар товарларды ташып чыгууга (экспорттоого) тыюу салууну 6 айлык мөөнөткө узартуу пландалууда. Тыюу кара металлдардын сыныктарына жана калдыктарына, макулатурага жана кагаз калдыктарына, ракушечник-акиташка, мурда колдонулган катализаторлорго жана баалуу металлдардын, жыгач жана жыгач материалдарынын калдыктарына, ошондой эле баалуу металлдарды камтыган баалуу металлдарга жана чийки зат товарларына тиешелүү болот. Мындан тышкары, тышкы экономикалык иштин катышуучуларынын суроо-талабы боюнча өлкөнүн өнөр жай ишканалары үчүн өтө маанилүү болгон товарлардын жана чийки заттын айрым түрлөрүн экспорттоого тыюу салууларды киргизүү зарылдыгына талдоо жүргүзүлөт.

Улуттук контролдоо тизмесине (мындан ары – УКТ) киргизилген контролдонуучу продукцияны Мамлекеттик бажы кызматынын тобокелдиктерди башкаруу системасына (мындан ары – ТБС) интеграциялоо боюнча иштер күчөтүлөт. Көрсөтүлгөн продукцияларга карата мамлекет тарабынан бул товарларды өлкөнүн чегинен тышкары санкцияланбаган реэкспорттоону болтурбоого багытталган контроль жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 243 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы № 63 “Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукцияларынын улуттук контролдоо тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу” токтомуна ылайык экспорттук контроль чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды шайкеш келтирүү үчүн Кыргыз Республикасынын УКТ экспорттук контролго алынуучу аскердик багыттагы 7 контролдонуучу продукция киргизилген.

2026-жылга тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү 2025-жылы 5,2 % номиналдык өсүшү менен 17,1 млрд АКШ долл. деңгээлинде болжолдонууда.

Экспорттук жөнөтүүлөрдүн көлөмү 4,5 млрд АКШ доллары суммасында болжолдонууда жана цементтин 14,5 %га, негизги металлдардын – 8,0 %га , жеңил өнөр жай продукциясынын – 15,0 %га,

жашылча жана жемиштердин – 4,8 %га ж.б. экспортун көбөйтүүнүн эсебинен 14,5 %га көбөйөт.

Импорттун көлөмү 12,6 млрд АКШ долл. өлчөмүндө болжолдонууда жана өсүш 102,2 %ды түзөт. Импорттун дээрлик бардык негизги статьялары боюнча көлөмдөрдүн көбөйүшү күтүлүүдө.

Натыйжада товарлардын экспортунун жана импортунун терс сальдосу 8,0 млрд АКШ долл. деңгээлинде түзүлөт. Бул коңшу өлкөлөргө курулуш материалдарынын айрым түрлөрүн экспорттоонун кыскарышы менен шартталган, алар жаңы материалдарды киргизүүнү жана өздүк өндүрүштүн кубаттуулуктарын андан ары көбөйтүүнү пландоодо. Мунайзатка жана азык-түлүккө болгон дүйнөлүк баалардын өсүшүнүн эсебинен импорттун көлөмү көбөйөт, ошондой эле жаңыдан түзүлүп жаткан жеңил өнөр жай жана машина куруу ишканаларынын керектөөлөрүн жабуу үчүн чийки зат товарларынын импорту көбөйөт. Мындан тышкары, ички керектөөнүн тартыштыгын жабуу үчүн 2027-жылга чейин электр энергиясынын жылдык импорту (орточо 3,7 млрд кВт. саат) пландалган.

14-таблица

**Пайдалануу боюнча ИДП (ИДПга карата % менен)**

| **Көрсөткүчтөр** | **2025-жыл баалоо** | **2026-жыл баалоо** |
|---|---|---|
| **Керектөө** | 95,8 | 92,2 |
| Жеке | 81,1 | 77,5 |
| Мамлекеттик | 14,7 | 14,8 |
| **Дүң инвестициялар** | 34,3 | 34,2 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 2,5 | 2,0 |
| анын ичинде: мамлекеттик инвестициялардын программалары (тышкы) | 2,4 | 1,9 |
| Жеке инвестициялар | 31,7 | 32,3 |
| Экспорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | 47,7 | 46,5 |
| Импорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | 77,9 | 73,0 |
| Таза экспорт (товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) | -30,1 | -26,5 |

* ЭВФ методикасы боюнча

2026-жылы акыркы пайдалануу методу боюнча ИДПнын түзүмү ички суроо-талапка туруктуу басым жасоону, туруктуу инвестициялык активдүүлүктү жана тышкы соода балансындагы оң жылыштарды чагылдырат.

Калктын кирешесинин өсүшү жана инвестициялык активдүүлүктүн жогорулашы менен шартталган ички суроо-талаптын туруктуу кеңейиши болжолдонууда. Акыркы керектөөнүн реалдуу өсүшү 4,5 %дын деңгээлинде күтүлүүдө. Мында ИДПда керектөөнүн

үлүшү 2025-жылы күтүлгөн 95,8 % га салыштырганда 92,2 % га чейин төмөндөйт, бул инвестициялардын өсүшүнүн озуп кеткен темптери, ошондой эле импортко көз каранды керектөөнүн төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Мындай жылыштар жарым-жартылай үй чарбаларынын учурдагы керектөөдөн үнөмдөөгө жана инвестицияга багыттоого байланыштуу.

ИДПнын түзүмүндө жеке керектөөнүн үлүшү 5,1 % өсүү темпинде 77,5 %дын деңгээлинде болжолдонууда. Жеке керектөөнүн көбөйүшү калктын акчалай кирешесинин өсүшү, керектөө кредиттөөсүнө жеткиликтүүлүктүн кеңейиши, эмгек рыногундагы шарттардын жакшырышы жана иш менен камсыз кылууга дем берүү боюнча чаралар менен колдоого алынат.

Инвестициялык активдүүлүктү андан ары кеңейтүү болжолдонууда. 2026-жылы дүң инвестициялар 10,5 %га өсөт, алардын ИДПдагы үлүшү 34,2 %ды түзөт. Өсүш инфраструктуралык жана өндүрүштүк долбоорлорду, анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин ишке ашыруунун, ошондой эле жеке сектордун активдүү катышуусунун эсебинен камсыз кылынат. Мында бир катар ири долбоорлорду аяктоонун фонунда мамлекеттик инвестициялардын ИДПдагы үлүшү 2,5 %дан 2,0 %га чейин, анын ичинде мамлекеттик инвестициялар (тышкы) программалары боюнча 2,4 %дан 1,9 %га чейин төмөндөйт. Ошол эле учурда жеке инвестициялар 31,7 %дан 32,3 %га чейин өсүп, оң динамиканы көрсөтөт, бул өлкөнүн өндүрүштүк потенциалын кеңейтүүгө бизнестин туруктуу кызыкчылыгын чагылдырат.

Тышкы экономикалык сектордо да жагымдуу тенденциялар байкалат. Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту ИДПнын 46,5 % түздү, бул 2025-жылдын деңгээлинен бир аз төмөн (47,7 %). Бирок импортту ИДПнын 77,9 %ынан 73,0 %ына чейин кыскартуу таза экспорттун терс сальдосун (-)30,1 %дан (-)26,5 %га чейин кыскартууга мүмкүндүк берет. Бул ичкки өндүрүштүн акырындык менен бекемделишин жана импорттук жеткирүүлөргө көз карандылыктын азайгандыгын көрсөтөт.

## 7-глава. Региондук өнүктүрүү

Кыргыз Республикасынын региондорун өнүктүрүүнүн негизги багыттары 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы № 350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы № 134 “2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү социалдык-

экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын региондорун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруунун алкагында жүзөгө ашырылат.

Региондорду өнүктүрүү аймактардын социалдык-экономикалык деңгээлин теңдөөгө, региондордо экономикалык өсүшкө дем берүүгө, инфраструктураны өнүктүрүүгө, инвестициялык жагымдуулукту жогорулатууга, инфраструктураны модернизациялоого, эмгек потенциалын өнүктүрүүгө жана аймактардын мейкиндик байланышын камсыздоого багытталган.

Региондорду өнүктүрүүнүн негизги милдеттери:

– экономикалык өсүштүн таяныч борборлорун түзүү;

– айылдык жана чек арага чектеш аймактарды өнүктүрүү;

– өндүрүштүк, транспорттук, энергетикалык жана социалдык инфраструктураны модернизациялоо жана өнүктүрүү;

– региондорго ишкердик активдүүлүккө дем берүү жана инвестицияларды тартуу;

– аймактык башкаруу системасын оптималдаштыруу;

– жер-жерлерде адам капиталын өнүктүрүү.

Аймактык түзүлүштү рационалдаштыруу жана оптималдаштыруу, жер-жерлерде башкаруу функцияларынын кайталанышын кыскартуу, административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүү (консолидациялоо), региондордун социалдык-экономикалык жана жаратылыш-ресурстук потенциалын сарамжалдуу пайдалануунун негизинде калкка сапаттуу, жеткиликтүү кызматтарды көрсөтүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, башкаруу системасындагы түзүмдүк өзгөртүүлөрдү ишке ашыруу зарылдыгы менен шартталган административдик-аймактык реформа улантылат.

Кыргыз Республикасында башкаруу системасын реформалоону камсыз кылуучу жаңы административдик-аймактык түзүлүштү уюштурууну мыйзам менен бекитүү максатында "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги административдик-аймактык бирдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган, аны менен административдик-аймактык реформанын натыйжалары боюнча өлкөнүн бардык региондорунда административдик-аймактык бирдиктер бекитилген. Аталган Мыйзам менен 231 бириккен айыл аймагынын жана 33 республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаарлардын схемалык картасына жана чегинин баяндалашына ылайык административдик чеги түзүлгөн жана бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 15-ноябрында № 326 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун райондук/региондук бөлүмдөрүн жана өкүлчүлүктөрүн пилоттук жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын убактылуу жетектөөсүнө өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоор жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында, башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана жер-жерлерде координацияны жакшыртуу максатында жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга министрликтердин жана ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнө убактылуу жетекчиликти өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Бул чараны ишке ашыруу жеринде чечимдерди ыкчам кабыл алууга, жергиликтүү бийлик органдарынын жоопкерчилигин жогорулатууга, башкарууну оптималдаштырууга жана көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жакшыртууга алып келет.

Жергиликтүү коочулуктун демилгелерин өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-сентябрындагы № 586 "2024–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоо программасын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген 2024–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоо программасы аркылуу ишке ашырылат, ал жарандардын социалдык инфраструктура, билим берүү, саламаттык сактоо жана ишкердик чөйрөлөрүндөгү долбоордук демилгелерин колдоону карайт.

Кыргыз Республикасынын Баткен облусун комплекстүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-февралындагы № 94-т тескемеси менен бекитилген 2021–2035-жылдарга Кыргыз Республикасынын Баткен облусун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча Жол картасын аткаруу боюнча 2025–2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-сентябрындагы № 159 КПҮ токтому менен бекитилген 2021–2035-жылдарга Кыргыз Республикасынын Баткен облусун өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча активдүү иштер жүргүзүлүүдө.

2021–2035-жылдарга Баткен облусун өнүктүрүүгө республикалык бюджетте каралган каражаттар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-мартындагы № 166 "Баткен облусун 2021-2035-жылдары өнүктүрүү программасын ишке ашырууга республикалык бюджетте каралган каражаттарды пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген каражаттарды пайдалануунун тартибине ылайык

жумшалат, анда “Баткен облусунун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ишке ашырылышы жыл сайын бөлүнүүчү каражаттардын эсебинен каржылана турган долбоорлорду тандоо жол-жобосу каралган.

Региондук саясаттын иш-чараларын ишке ашыруу бардык региондордун туруктуу экономикалык өсүшүнө жетишүүнү, калктын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатууну, чек арага жакын жана айылдык райондордо жакырчылыкты кыскартууну, транспорттук, энергетикалык жана социалдык инфраструктураны өнүктүрүүнү, региондордун өлкөнүн ички дүң продуктусуна кошкон салымын көбөйтүүнү, ишкердик активдүүлүккө дем берүүнү, жаңы жумуш орундарын түзүүнү жана Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында социалдык туруктуулукту бекемдөөнү камсыз кылат.

Региондор боюнча 2026-жылга ИДПны өндүрүүнүн негизги үлүшү баалоо боюнча Бишкек шаарынын, Чүй, Ош, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын экономикасынын иштешинин эсебинен 85,3 % салыштырма салмагы менен камсыз кылынат. Көрсөтүлгөн облустардын ИДПсын өндүрүүнүн жалпы көлөмүнүн олуттуу үлүшү Жалал-Абад облусунун аймагында республикада иштелип чыккан электр энергиясынын 90,0 %га жакыны өндүрүлгөндүгүнө, Ысык-Көл облусунда Кумтөр алтын кенин иштетүү боюнча ишканалар жайгашкандыгына, Чүй облусунда Талды-Булак Сол жээк кенин иштетүү боюнча (“Алтынкен” ЖЧКсы) аффинаждык заводу, “Джунда” НКИ, “Интергласс” ЖЧК такта айнек заводу, “Кант цемент заводу” ААК, “Үмүт жана Ко” ЖЧКсы сыяктуу ири ишканалар жайгашкандыгына, Бишкек шаарында (49,2 %) ири ишканалар жайгашкандыгына, чакан жана орто бизнес, ошондой эле көпчүлүк ири базарлар топтолгондугуна байланыштуу. Талас облусундагы Жерүй кенин эксплуатациялоого киргизүү менен дүң продукциянын көлөмү өсүүдө. Үлүштүн калган бөлүгү башка облустардын: Баткен, Нарын, Талас жана Ош шаарынын ортосунда салыштырмалуу салмагы 14,7 %дын деңгээлинде бөлүштүрүлөт.

Региондор боюнча экономиканын бардык секторлорунда өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү болжолдонууда:

– айыл чарбасында негизги үлүштү Чүй (27,4 %), Ысык-Көл (12,2 %), Ош (17,5 %), Жалал-Абад (19,4 %) облустары ээлейт;

– өнөр жайда негизги үлүштү Ысык-Көл (15,2 %), Чүй (48,0 %), Жалал-Абад (9,4 %) облустары жана Бишкек шаары (14,8 %) ээлейт;

– транспорт, тоо-кен жана энергетика тармактарында инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун, ошондой эле айылды суу менен камсыз кылуунун эсебинен курулушта негизги үлүштү Бишкек шаары (35,2 %), Чүй (10,3 %), Жалал-Абад (16,6 %) жана Ысык-Көл (14,7 %) облустары ээлейт;

– кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө бардык региондордо көлөмдөрдүн өсүшү болжолдонууда, негизги үлүштү Бишкек (54,4 %) жана Ош (6,4 %) шаарлары, Чүй (10,3 %), Ош (7,0 %), Жалал-Абад облустары (9,7 %) ээлейт.

15-таблица

**ИДПнын өсүшүнө аймактык салымдар**

| Көрсөткүчтөр | 2025-жыл, күтүлүүчү | | 2026-жыл, болжол | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | өсүү темпи, % | млн сом | өсүү темпи % | ИДПга карата % менен | ИДПнын өсүшүнө салым % менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **1 779 721,2** | **108,5** | **2 067 019,0** | **108,6** | **100,0** | **8,6** |
| анын ичинде, облустар жана шаарлар боюнча: | | | | | | |
| Баткен | 54 667,2 | 104,7 | 60 854,7 | 105,1 | 2,9 | 0,16 |
| Жалал-Абад | 179 596,9 | 109,2 | 204 639,3 | 108,8 | 9,9 | 0,89 |
| Ысык-Көл | 146 625,2 | 106,4 | 164 328,0 | 106,3 | 7,9 | 0,52 |
| Нарын | 42 605,6 | 107,1 | 53 492,8 | 106,6 | 2,6 | 0,16 |
| Ош | 119 406,0 | 107,7 | 134 725,4 | 107,5 | 6,5 | 0,50 |
| Талас | 54 560,1 | 105,1 | 60 365,2 | 104,9 | 2,9 | 0,15 |
| Чүй | 253 976,1 | 110,5 | 276 580,8 | 109,6 | 13,4 | 1,38 |
| Бишкек ш. | 833 230,4 | 109,3 | 982 252,1 | 109,7 | 47,5 | 4,52 |
| Ош ш. | 95 053,7 | 105,5 | 129 780,8 | 105,3 | 6,3 | 0,29 |

## 8-глава. Социалдык чөйрө

Социалдык камсыздоо саясаты орто мөөнөттүү келечекте мурдагыдай эле биринчи кезекте мамлекеттин кепилденген социалдык милдеттенмелерин толук көлөмдө аткарууга, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана мамлекеттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын (турмуштук оор кырдаалда турган (ТОК) балдар жана үй-бүлөлөр, майыптыгы бар адамдар, улгайган жарандар) абалын жакшыртууга багытталат.

Негизги көңүл үй-бүлө институтун чыңдоо жана өнүктүрүү; энеликти, аталыкты жана балалыкты колдоо; ТОКтогу үй-бүлөлөрдү жана балдарды коомго социалдаштыруу жана интеграциялоо үчүн шарттарды түзүү; улгайган адамдардын укуктарын коргоого жана жашоо шарттарын жакшыртууга багытталган чаралардын комплексин киргизүү маселелерине багытталат.

Эл аралык стандарттарга жана ченемдерге ылайык майыптуулук көйгөйлөрүн аныктоо жана аны чечүү мамилелерин этап-этабы менен өзгөртүү пландалууда. Ошондой эле социалдык жактан корголбогон жарандардын категорияларынын заманбап санариптик

технологиялардын негизинде реабилитациялык, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга күч-аракеттер жумшалат.

Социалдык контракттын негизинде жакыр жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык жардам көрсөтүү боюнча иштер улантылат.

Эмгек жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү чөйрөсүндө орто мөөнөттүү келечекте негизги багыттар болуп төмөнкүлөр саналат:

– татыктуу эмгек менен камсыз кылуу боюнча программаны кабыл алуу (татыктуу эмгек акы, татыктуу иш менен камсыз кылуу, социалдык өнөктөштүк);

– эмгек жана эмгек мамилелери чөйрөсүндө, анын ичинде эмгекти коргоо жана коопсуздук, эмгек шарттары, калкты иш менен кмасыздоого көмөктөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин өркүндөтүү;

– калкты иш менен камсыз кылуунун жаңы формаларын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле жумушсуз жарандарды ишке орноштурууга жана окутууга багытталган инновациялык платформаларды/методдорду киргизүү;

– квалификациялардын улуттук алкагынын негизинде кадрларды кесиптик даярдоону жана кайра квалификациялоону жакшыртуу чараларын көрүү. Ошондой эле эмгек рыногун болжолдоонун сапатын жогорулатуу боюнча иштер активдештирилет;

– эмгек мамилелерин жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү системасын санариптештирүү.

Миграция чөйрөсүндөгү иштин негизги артыкчылыктуу багыттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 191 “2021–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын миграция саясатынын концепциясын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2021–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын миграция саясатынын концепциясында (мындан ары – Концепция) аныкталган.

Эмгек миграциясынын географиясын кеңейтүү, жарандардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн чыңдоодо аларды колдоо, эмгек миграциясы өлкөсүндө алардын укуктук жана экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча конкреттүү чаралар ишке ашырылат. Ошондой эле эмгек мигранттарына жана мекендештерге иштеп тапкан каражаттарын өлкө экономикасына өз ыктыяры менен инвестициялоо үчүн шарттар түзүлөт.

Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарды кабыл алуу жана аларды коомго интеграциялоо үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча чаралар көрүлөт.

Пенсиялык системаны реформалоонун кезектеги этабынын алкагында, улгайган жарандардын жетиштүү жашоо деңгээлин камсыз кылууга, пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун колдоого,

ошондой эле камсыздандыруу принциптерин күчөтүүгө көмөк көрсөтүүгө жөндөмдүү болгон социалдык камсыздандыруунун жана пенсия менен камсыз кылуунун натыйжалуу жана иштиктүү системасын түзүү максатында “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө”, “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен пенсиялык саясатты өркүндөтүү боюнча чаралар көрүлдү, алар:

1) пенсиянын базалык бөлүгүн толук өлчөмдө чегерүү;

2) пенсиянын биринчи камсыздандыруу бөлүгүнүн (1996-жылга чейинки стаж үчүн) өлчөмүн эсептөөнүн жана дайындоонун жол-жобосун жөнөкөйлөтүү;

3) III топтогу майыптар үчүн пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүн толук өлчөмдө белгилөө;

4) баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсиялар үчүн:

– окугандыгы жөнүндө документти талап кылбастан баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсияга укук берүүчү жаш чегин 16 жаштан 18 жашка чейин жогорулатуу;

– күндүзгү окуу гана эмес, сырттан окуу формасы боюнча да пенсияга укук берүү;

5) райондук коэффициент белгиленбеген калктуу конушка көчүп барган пенсионердин мурда райондук коеффициентти эсепке алуу менен белгиленген үстөктөрүн сактап калуу;

6) өткөн мезгил үчүн пенсионер өз убагында талап кылбаган пенсиянын кошуп эсептелген суммаларын төлөп берүү мөөнөтүн 3 жылдан 5 жылга чейин көбөйтүү;

7) мөөнөтүнөн мурда пенсияларды пенсиянын өлчөмүн азайтуу менен жана азайтуусуз жокко чыгаруу;

8) пенсияга чыгуу курагын өзгөртпөстөн 2024-жылы 5 жылдан 2045-жылга 20 жылга чейин пенсияга чыгуу укугун алуу үчүн зарыл болгон камсыздандыруу стажын этап-этабы менен киргизүү;

9) 1 гектарга чейин дыйкан-фермердик чарбаларга (мындан ары – ДФЧ) камсыздандыруу төгүмдөрүн ыктыярдуу төлөө укугун берүү менен камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотуу.

Ошол эле учурда 1 гектардан ашык ээлик кылган ДФЧ үчүн – жеке ишкерлер үчүн кыскартылган орточо эмгек акыдан 6 % (бул пункт 2025-жылдан 1-июнунан тартып күчүнө кирет).

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосун өнүктүрүү саясаты коомдук ден соолукту чыңдоого, жарандардын активдүү узак жашоосу үчүн шарттарды түзүүгө жана медицина тармагында реформаларды жүргүзүүнү улантууга багытталат. Негизги күч-аракеттер башкарууну оптималдаштырууга жана медициналык жардам

көрсөтүүнүн, анын ичинде саламаттык сактоонун баштапкы звеносун өнүктүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталат. Энени жана баланы коргоого өзгөчө артыкчылык берилет: алдын алуу, эрте диагноз коюу жана адистештирилген жардам программалары, анын ичинде алыскы калктуу конуштарда кеңейтилет. Чаралар өлкөнүн бардык жарандары үчүн жеткиликтүү болгон туруктуу, технологиялык жана социалдык багыттагы саламаттык сактоо системасын түзүүгө багытталган.

Саясат Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы № 600 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019–2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасы жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019–2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасына ылайык жүргүзүлүүдө. Бул Программада негизги көңүл алдын алуучу иш-чараларды күчөтүү менен коомдук саламаттык сактоо кызматынын ролун жогорулатуу боюнча туруктуу прогресске жетишүүгө, БМСЖ кызматын күчөтүүгө, стационарларда медициналык жардам көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жакшыртуу менен баштапкы медициналык-санитардык жардам кызматын (мындан ары – БМСЖ) күчөтүүгө, саламаттык сактоого электрондук технологияларды киргизүүгө багытталган.

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү башкы күч-аракеттер төмөнкү артыкчылыктуу милдеттерди чечүүгө багытталат:

1) кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин кеңейтүүнүн, БМСЖны каржылоону көбөйтүүнүн жана профилактикалык иштин жаңы методдорун киргизүүнүн эсебинен калкты БМСЖ менен камтууну 90 %га чейин көбөйтүү;

2) жугуштуу эмес ооруларды эрте аныктоо жана дарылоо боюнча программаларды ишке ашырууну кошкондо, алдын алуу иш-чараларын күчөтүү, бул өлүмдүн көрсөткүчтөрүн кыскартууга мүмкүндүк берет;

3) эпидемия тобокелдигин азайтуу үчүн эмдөөгө карата мамилени оптималдаштыруу, анын ичинде 1 жашка чейинки балдарды эмдөө менен камтууну көбөйтүү (95 %га чейин);

4) саламаттык сактоонун инфраструктурасын өнүктүрүү:

– региондордо перинаталдык борборлордун жана көп профилдүү ооруканалардын курулушун аяктоо (учурдагы программалардын негизинде);

– саламаттык сактоо уюмдарын капиталдык оңдоодон өткөрүү, аларды заманбап жабдуулар менен жабдуу;

– алыскы райондордо медициналык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кошумча мобилдүү клиникаларды түзүү;

5) саламаттык сактоону санариптештирүү:

– 2030-жылга карата БМСЖ уюмдарынын 100 %ына электрондук медициналык карталарды киргизүү;

– алыскы региондордо телемедицинаны пайдалануу үлүшүн 50 %га чейин жогорулатуу;

– бейтаптардын ыңгайлуулугун жогорулатуу үчүн стационарларда жана поликлиникаларда кезектерди башкарууну автоматташтыруу.

Орто мөөнөттүү мезгилге Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүү саясаты жогорку квалификациялуу адам капиталын түзүүгө багытталган туруктуу, заманбап жана жеткиликтүү билим берүү чөйрөсүн түзүүгө багытталган.

Билим берүү системасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 “2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген 2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасына ылайык өнүгөт.

Мектепке чейинки билим берүү базалык көндүмдөрдү калыптандырууда жана балдарды мектепте окууга даярдоодо негизги ролду ойнойт. Негизги көңүл төмөнкү чаралар аркылуу мектепке чейинки билим берүүнү камтууну көбөйтүүгө жана анын сапатын жогорулатууга багытталат:

– 100 жаңы кыска мөөнөттүү бала бакчаларды ачуу;

– камтууну көбөйтүү үчүн 570 иштеп жаткан бала бакчаларды трансформациялоо;

– региондордо “Өкмөттүк акселератор” программасын кеңейтүү;

– аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн ваучердик каржылоо механизмин пилоттук тестирлөө;

– мектепке чейинки билим берүүнүн жаңы Мамлекеттик стандартын иштеп чыгуу жана киргизүү;

– “Балалык” мектепке чейинки билим берүү программасын (3–5 жаштагы балдар үчүн) жаңыртуу;

– мектепке чейинки билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү инструменттерин иштеп чыгуу жана жаш балдардын өнүгүүсүн баалоо боюнча улуттук изилдөө жүргүзүү.

Мектепте билим берүүнүн деңгээлинде реформанын негизги линиясы 12 жылдык мектептик окутууга негизделген жаңы билим берүү парадигмасын түзүүгө багытталат:

– бул алты жашар балдарды мектепке окутуу менен 100 % камтуу дегенди билдирет;

– жогорку мектепте профилдик жана кесиптик билим берүү;

– сынчыл оң жүгүртүүгө, көйгөйлөрдү чечүүгө жана адаптациялоого багытталган окуу программаларына өтүү;

– кыргыз, орус жана башка тилдерде сапаттуу окуу материалдарына жетүү менен аралыктан билим берүү платформаларын өнүктүрүү;

– долбоордук жана командалык окутуу, анда студенттер чыныгы көйгөйлөр жана кыйынчылыктар менен иштешет;

– виртуалдык чындыктын интерактивдүү панелдерин, билим берүү колдонмолорун жана технологияларын колдонуу;

– окутуу процессине натыйжалуу киргизүү үчүн мугалимдерди заманбап технологияларга окутуу;

– тажрыйбалуу мугалимдер жаңы педагогдорду колдой турган насаатчылык схемаларды түзүү;

– иштин натыйжалуулугуна негизделген дем берүүлөр: иштин натыйжалуулугун баалоону ишке ашыруу.

Мектепте билим берүүнүн деңгээлинде төмөнкү иш-чаралар ишке ашырылат:

– 12 жылдык мектепте окутуу үчүн жаңы билим берүү стандартын, ошондой эле башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүүнүн предметтик стандарттарын иштеп чыгуу;

– билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун жаңы модулдарын иштеп чыгуу;

– 12 жылдык билим берүүнү ишке киргизүүнү маалыматтык коштоо, аны ишке ашыруунун динамикасына мониторинг жүргүзүү үчүн штаб түзүү;

– мектептерди заманбап окуу китептери менен камсыз кылуу;

– билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү (билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү боюнча жаңы департамент түзүлгөн), анын ичинде PISA-2025 программасын ишке ашыруу (180–250 мектептин базасында);

– мугалимдерге комплекстүү методикалык колдоо көрсөтүү – облустардын, шаарлардын жана райондордун деңгээлинде методикалык борборлорду реформалоо;

– кыргыз улутунун дөөлөттөрүнүн, улуттук каада-салттарынын негизинде мектеп окуучулары менен тарбия иштерин бекемдөө, басмырлоонун алдын алуу, аң-сезимдүү жоопкерчилик, аяр мамиле кылуу жана мектеп турмушуна активдүү катышууга басым жасоо менен келечекке даярдоо.

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн деңгээлиндеги негизги

милдеттер:

– баштапкы кесиптик билим берүүнү өнүктүрүү үчүн ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү;

– кошумча 10 миң адамды камтуу менен эң көп талап кылынган кесиптер боюнча кыска мөөнөттүү курстарды өткөрүү;

– жумушчу кесиптерге окутуунун маалыматтык системасын өнүктүрүү;

– атайын дисциплиналар боюнча окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу;

– WorldSkills форматында (окуучулардын 15 % камтуу менен) жумушчу кесиптери боюнча чемпионаттарды өткөрүү;

– 65 кесиптик лицейдин базасында дуалдык окутууну өнүктүрүү, жумуш ордунда окутуу жана иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүүнү чыңдоо;

– көз карандысыз сертификаттоо жана текшерүү.

Орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү боюнча негизги пландар:

– колледждерде алдынкы тажрыйба борборлорун түзүү;

– колледждерде жана ЖОЖдордо пилоттук ваучердик каржылоо;

– вертилкалдык жана горизонталдуу байланыштарды камсыз кылуу – “кесиптик лицей – колледж – ЖОЖ”;

– кесиптик орто жана жогорку билим берүүдө даярдоо багыттарын ирилештирүү;

– жаштардын ишкердигин өнүктүрүүгө дем берүүчү дуалдык окутуу – стартап долбоорлор;

– жогорку окуу жайларынын жана колледждердин улуттук рейтингдери;

– жогорку кесиптик билим берүүнү “Университет 4.0” моделине трансформациялоо. Эл аралык илимий изилдөөлөр. Интеллектуалдык жаштарды колдоо;

– өзгөчө статусу бар ЖОЖдордун базасында 5 инновациялык ХАБды түзүү;

– ЖОЖдорду өнүктүрүү үчүн 4 млн АКШ доллары өлчөмүндө инновациялык фондду түзүү.

2024–2028-жылдарга илим жана илимий-техникалык саясаттын алкагында Кыргызстандын тарыхы жана кыргыз тили, айыл чарбасы, биологиялык жана азык-түлүк коопсуздугу, жашыл экономика, саламаттык сактоо жана адам жашоосунун сапаты, санариптик трансформация ж.б. жаатындагы изилдөөлөрдү камтыган артыкчылыктар аныкталды. Климаттын өзгөрүшү, экологиялык демилгелер, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу жана жашыл каржылоо (тышкы карызды “жашыл” демилгелерге алмаштырууну

кошкондо) маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.

Билим берүү системасын санариптештирүүнүн деңгээлинде өткөн жылдын негизги жетишкендиги билим берүү системасындагы үч негизги реестрди: окуучулардын реестрин, мугалимдердин реестрин жана билим берүү мекемелеринин реестрин санариптик өзгөртүп түзүү болду.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, чет өлкөдөгү мигранттардын балдары жана кайтып келген жарандар үчүн мамлекеттик документтерди берүү менен мектепте толук билим берүүнү камсыз кылуучу биринчи мамлекеттик “Туңгуч” онлайн-мектебин ишке киргизүү пландалууда.

Мугалимдер санариптик трансформациялоонун борборунда болот. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну санариптик колдоо билим берүү ресурстарынын санариптик китепканасы аркылуу жүргүзүлөт. Жасалма интеллект менен интеграцияланган платформа сабактар үчүн тесттерди, тапшырмаларды, окуу программаларын жана башка материалдарды автоматтык түрдө түзөт.

2026-жылга карата “Мектептерге электрондук кезек” системасы толугу менен модернизацияланат, ал балдарды жашаган жери боюнча мектептерге жана бала бакчаларга бөлүштүрүүнү камсыз кылат, көпчүлүк ата-энелерди маалымкаттарды чогултуудан арылтат. Мектепти өз алдынча тандоону каалагандар үчүн “Түндүк” тиркемеси бош орундар болгон учурда каалаган мектепке кезекке турууга мүмкүнчүлүк берет.

“Балалык” автоматташтырылган маалыматтык системасы иштелип чыгат, ал республиканын бардык мектепке чейинки билим берүү мекемелерин жана алардагы тарбиялануучуларды эсепке алууну камсыз кылат.

Болжолдонгон макроэкономикалык параметрлерге, программаларда жана пландарда аныкталган чараларды ишке ашырууга жараша 2026-жылы социалдык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй болжолдонот:

– калктын акчалай кирешесинин номиналдык өсүшү 12,5 % деңгээлинде болжолдонууда. Акчалай кирешелердин түзүмүндө орточо эмгек акынын 8,5 %га өсүшү болжолдонууда жана 2026-жылы 44 165,6 сомду түзөт;

– калктын акчалай кирешесинин өсүшүн эске алуу менен калктын жан башына ИДПнын өсүшү 14,3 % деңгээлинде болжолдонууда;

– жашоо минимумунун (ЖМ) өлчөмү 2024-жылдагы 7 963,7 сомдон 2026-жылы 8990,3 сомго чейин жогорулайт. Эмгекке жарамдуу курактагы калктын жашоо минимумуна карата орточо айлык эмгек акынын катышынын коэффициенти 4,4 деңгээлинде түзүлөт;

– пенсиянын номиналдык өлчөмү 2025-жылы күтүлгөн көрсөткүчкө салыштырмалуу 2026-жылы 4,0 %га көбөйөт жана 11 538,7 сомду түзөт;

– жалпы жумушсуздуктун болжолдонгон деңгээли акырындык менен төмөндөйт жана 2026-жылы 3,5 %ды түзөт. 2026-жылга жакырчылыктын деңгээли 25,6 % болжолдонууда, 2023-жылы иш жүзүндөгү деңгээли 29,8 % болгон.

## 9-глава. 2027–2030-жылдарга макроэкономикалык болжол

Орто мөөнөттүү мезгилге экономикалык саясат негизги тармактарды модернизациялоонун, инвестицияларды активдүү тартуунун, ички рынокту өнүктүрүүнүн, экономиканы санариптештирүүнүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен туруктуу экономикалык өсүш үчүн негиздерди түзүүгө багытталган.

Коюлган максаттардын алкагында жогорку технологиялык жана илим сыйымдуу өндүрүштөрдү өнүктүрүү, региондук жана глобалдык рыноктордо экспорттук позицияларды бекемдөө, өнөр жайда жана айыл чарбасында инновациялык чечимдерди ишке киргизүү, энергетикалык көз карандысыздыкты камсыз кылуу, каржылоого жетүүнү кеңейтүүгө багытталган финансылык реформаларды тереңдетүү, ошондой эле ишкердик активдүүлүккө дем берүү жана атаандаштык чөйрөнү калыптандыруу үчүн натыйжалуу институттарды түзүү негизги артыкчылыктар болуп саналат.

Орто мөөнөттүү мезгилде Кыргыз Республикасы эл аралык экономикага интеграцияны тереңдетүүгө, соода-экономикалык байланыштарды чыңдоого, жаңы тармактарды өнүктүрүүгө жана инвестицияларды активдүү тартууга умтулат.

2027–2030-жылдарга макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн болжолдуу маанилерин баалоо программалык документтерде каралган чараларды жана инвестициялык долбоорлорду толук, ийгиликтүү жана өз убагында ишке ашырууну жана алардын өлкөнүн экономикасына натыйжалуу таасирин карайт. Экономикалык кайра түзүүлөр ИДПнын ар жылдык өсүш темпин орточо 8,2 %дан кем эмес камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Жалпысынан орто мөөнөттүү мезгилге инфляциянын деңгээли максаттуу багытка шайкеш келе тургандыгы жана соккулар болбогон шартта бир маанилүү көрсөткүчтөрдүн деңгээлинде кармалышы күтүлүүдө. Макроэкономикалык туруктуулук тенденцияларын бекемдөөгө багытталган макулдашылган акча-кредит жана бюджет-салык саясатын жүргүзүүнү улантуу негизге киргизилген. Ошол эле учурда акча-кредит саясатынын негизги максаты баалардын туруктуулугуна жетүү жана кармап туруу болуп калат.

2027–2030-жылдарга айыл чарба продукциясынын реалдуу көлөмүнүн жылдык орточо өсүшү өсүмдүк өстүрүүнүн түшүмдүүлүгүн жана мал чарбасынын өнүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча мамлекет жана жеке сектор тарабынан көрүлгөн чаралардын эсебинен 4,1 % деңгээлинде болжолдонууда. Коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү иш-чаралар ишке ашырылат:

– бир кыйла көп талап кылынган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үлүшүн көбөйтүүнүн эсебинен айдоо аянттарынын түзүмүн оптималдаштыруу;

– суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана климаттык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен ирригациялык инфраструктураны модернизациялоо боюнча программаларды ишке ашыруу;

– түшүмдүүлүктү жана экспорттук потенциалды жогорулатуу үчүн заманбап агротехнологияларды, органикалык, минералдык жана органоминералдык жер семирткичтерди колдонуу;

– мал чарбасын сапаттуу тоюттар менен камсыз кылуу жана эпизоотиялык туруктуу кырдаалды сактоо;

– айыл чарба өндүрүшүнүн негизги каражаттарын жаңылоо, машина-трактор паркын модернизациялоо жана техникалык сервистик кызматтарды өнүктүрүү;

– колдонуудагы жеңилдетилген кредит берүү, лизинг жана агрокамсыздандыруу программалары аркылуу айыл чарба өндүрүүчүлөрүн мамлекеттик колдоону улантуу;

– кооперацияны өнүктүрүү аркылуу майда товардык өндүрүштү жеңип чыгуу жана фермерлерди өндүрүштүк бирикмелерге бириктирүү;

– агроөнөр жай комплексинде кластердик ыкманы ишке киргизүү;

– айыл чарба продукциясын натыйжалуу топтоону, сактоону, сатууну жана кайра иштетүүнү уюштуруу үчүн соода-логистикалык борборлорду түзүү;

– квалификацияны жогорулатуу жана натыйжалуу башкаруу үчүн айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө билим берүү программаларын жана аларды консультациялык колдоону өнүктүрүү;

– эл аралык көргөзмөлөргө жана соода миссияларына катышууну кошкондо, продукциялардын экспортун колдоо жана тышкы рыноктордо илгерилетүү боюнча программаларды өнүктүрүү;

– айыл чарба жерлерин инвентаризациялоону аяктоо жана аларды сарамжалдуу пайдалануу механизмдерин ишке киргизүү.

2027–2030-жылдарда өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү төмөнкүлөрдүн эсебинен орточо жылдык 108,0 % деңгээлинде болжолдонууда:

– иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын туруктуу иштөөсүнүн, токтоп турган өндүрүштөрдү калыбына келтирүүнүн;

– Кумтөр (ачык тоо-кен иштери менен катар бай руданы казып алуу боюнча жер астындагы иштин башталышынын эсебинен жылына орточо 15 %га өсүш болжолдонууда, ошондой эле 2028-жылдан баштап заманбап технологияларды колдонуу менен алтынды алуу үчүн калдык сактоочу жайда калдыктарды кайра иштетүү пландалууда), Жерүй кендеринде казуунун көлөмүн көбөйтүүнүн (жер астындагы казып алуу ишинин башталышынын эсебинен жылына орточо 12 %га өсүш болжолдонууда) жана Чаарат кенин эксплуатацияга киргизүүнүн;

– мунайды кайра иштетүүчү заводдордун өндүрүштүк кубаттуулугунун көлөмдөрүн көбөйтүүнүн, мында мунайзаттарды өндүрүүнүн орточо жылдык 7,3 %га өсүшү болжолдонууда;

– жаңы кубаттуулуктарды колдонууга киргизүү пландалгандыгына байланыштуу электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу көлөмдөрүн жогорулатуунун: а) кубаттуулугу 9 МВтга көбөйтүлүүчү Үч-Коргон ГЭСинин биринчи гидроагрегатын реконструкциялоонун эсебинен; кубаттуулугу 100 МВт Куланак ГЭСин эксплуатацияга киргизүүнүн эсебинен 2027-жылы жалпы пландалган кубаттуулукту көбөйтүү болжолдонууда – 3522 МВт, анын ичинде ЧГЭС – 163 МВт, СЭС – 3150 МВт, ВЭС – 100МВт). Ошондой эле 17 ЭКБ объектин эксплуатацияга киргизүү пландалууда, алардын ичинен 13 чакан ГЭС, 3 күн электр станциясы жана 1 шамал электр станциясы; б) 2028-жылдан 2030-жылга чейин Камбар-Ата ГЭС-2нин кубаттуулугу 120 МВт экинчи гидроагрегатын эксплуатацияга киргизүүнүн, ошондой эле ЭКБ тармагында 7 объектти эксплуатацияга киргизүүнүн эсебинен жалпы пландалган кубаттуулукту – 1970 МВт (анын ичинде ЧГЭС – 25,7 МВт, СЭС – 1824 МВт) көбөйтүү болжолдонууда.

Газ менен жабдуунун башкы схемасын – керектөөчүлөргө газ берүүнүн ишенимдүүлүгүн олуттуу жогорулатуучу масштабдуу долбоорду ишке ашыруу улантылат. 2030-жылга карата Кыргыз Республикасына жаратылыш газынын келип түшүүсү бардыгы 2 451,0 млн $м^3$ көлөмдө болжолдонууда, жыл сайын орточо өсүш 1,5 эсени түзөт, бул газ менен камсыздоо системалары аркылуу газ түрүндөгү отунду бөлүштүрүү кызматтарынын көлөмүн көбөйтүүгө, ошондой эле иштеп жаткан ЖЭБдерди газга өткөрүүгө мүмкүндүк берет. Электр энергиясы менен жылытылган көп кабаттуу үйлөрдү газ менен жылытууга жана жылуулук насосун орнотууга өткөрүү пландалууда, бул электр энергиясын керектөөнү азайтат жана аны натыйжалуу пайдаланууга алып келет. 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын газ менен камсыздоо жана газдаштыруунун башкы схемасына ылайык “Газпром” ААК республиканы газдаштыруунун деңгээлинин 22 %дан 60 %га чейин өсүшүн камсыз кылууну пландоодо.

2027–2030-жылдарда **курулуш тармагын** өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот:

– калктын аялуу катмары үчүн жеткиликтүү социалдык турак жайды куруу;

– турак жай курулушунун, социалдык жана өнөр жай багытындагы объекттердин көлөмдөрүн көбөйтүү, жаңы архитектуралык-курулуш системаларын, имараттардын типтерин жана заманбап технологияларды ишке киргизүү;

– айыл тургундарын жаңы сугат жерлери менен камсыз кылуу үчүн ирригациялык инфраструктураны куруу, ошондой эле колдонуудагы ирригациялык инфраструктураны модернизациялоо жана реабилитациялоо;

– региондук жолдорду реабилитациялоо, анын ичинде ар бир айылга чейинки жолдорду асфальттоо;

– курулуш тармагында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин активдүү колдонуу;

– төмөнкү ири долбоорлордун курулушуна инвестицияларды тартуу: Камбар-Ата ГЭС-1ди куруу, Жогорку-Нарын ГЭСинин каскадын куруу, “Асман” шаарын жана башка объекттерди куруу.

Мындан тышкары калктын санынын өсүшү жана Бишкек жана Ош сыяктуу республиканын ири шаарларына ички миграция турак жай курулушун активдүү өнүктүрүүгө жана жаңы кичи райондордун түзүлүшүнө өбөлгө түзөт.

Бардык каржылоо булактарынан капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 2027–2030-жылдарда орточо 13,7 %га өсөт (2027-жылы 483,6 млрд сомдон 2030-жылы 811,4 млрд сомго чейин). 2026-жылы болжолдонгон капиталдык салымдардын түзүмү ички инвестициялардын үлүшүн көбөйтүү жагына 2030-жылы капиталдык салымдардын жалпы көлөмүнүн 81,5 %ына чейин жана ага ылайык өлкөгө чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын үлүшү азайгандыктан, тышкы инвестициялардын үлүшү 18,5 %га чейин төмөндөө жагына өзгөрөт.

Курулуш тармагында 2027–2030-жылдарда реалдуу өсүштүн орточо жылдык темпи 14,3 % деңгээлинде болжолдонууда.

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө 2027–2030-жылдарда өсүш жылына орточо 108,1 % деңгээлинде болжолдонууда, экономикалык өсүшкө салымдын эң көп салыштырма салмагы 4,1 пайыздык пунктту түзөт. Бул өсүш калктын номиналдуу акчалай кирешелеринин жылына орточо 12,8 %га өсүшү менен шартталган керектөө суроо-талабын кеңейтүүнүн эсебинен камсыз кылынат. Өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары төмөнкүлөр болот: региондордогу экономикалык активдүүлүктүн негизги булагы катары чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү, мамлекеттик жөнгө салуу системасын өркүндөтүү жана бизнес үчүн административдик тоскоолдуктарды

азайтуу, бул кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө жеке секторду кеңейтүүгө өбөлгө түзөт; заманбап логистикалык борборлорду (Global Hub, Wildberries) куруу жана ачуу, бул жүктөрдү сактоонун жана иштетүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ташууларды оптималдаштырууга жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга мүмкүндүк берет; туристтик инфраструктураны жакшыртуу, туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү инновациялык өнүктүрүү (кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн өнүктүрүүнүн маанилүү фактору "Кыргыз Куршевель" туристтик комплексин куруу болуп эсептелет, анын биринчи этабын аяктоо 2026-жылдын декабрына белгиленген. Бул жылына 850 миң туристти кабыл алууга мүмкүндүк берет жана экономикалык өсүштүн маанилүү драйвери болуп, 4600 жумуш орудун түзөт).

Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык иши орто мөөнөттүү мезгилде ата мекендик өндүрүштүн продукциясын тышкы рыноктордо активдүү илгерилетүүгө жана эл аралык соода-экономикалык кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталат. Эркин соода жана инвестициялар жөнүндө региондук жана региондор аралык макулдашууларга катышууга өзгөчө көңүл бурулат, бул сатуунун жаңы рынокторуна жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга жана түз чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга мүмкүндүк берет. Буга байланыштуу мамлекеттин тышкы экономикалык кызыкчылыктарын илгерилетүүгө жана коргоого багытталган экономикалык дипломатиянын инструменттерин колдонуу менен Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк дипломатиялык жана соода өкүлчүлүктөрүнүн ишин активдештирүү каралган. Өнөктөш өлкөлөр менен институттук өз ара аракеттенүүнү чыңдоо глобалдык соода процесстерине Кыргыз Республикасынын бир кыйла натыйжалуу катышуусуна өбөлгө түзөт.

Экспорт каналдарын кеңейтүү жана эл аралык рыноктордо кыргыз продукциясынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында электрондук соода механизмдерин жана санариптик платформаларды активдүү пайдалануу пландалууда. Жүргүзүлүп жаткан санариптик трансформациянын алкагында аналитикалык маалыматтарга, тышкы рынокторго чыгуу боюнча практикалык сунуштамаларга жана санариптик маркетингдин заманбап инструменттерине жеткиликтүүлүктү камсыз кылган экспорттоочуларды колдоонун бирдиктүү санариптик платформасы түзүлөт.

Экспорттук инфраструктураны өнүктүрүүнүн алкагындагы артыкчылыктуу багыттардын бири логистика жана транспорттук инфраструктура жаатындагы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу болот. Атап айтканда кургактагы портторду түзүү, соода-логистикалык борборлорду өнүктүрүү жана эл аралык транспорттук коридорлорго натыйжалуу интеграциялоону камсыз

кылуу каралууда, бул өлкөнүн транзиттик потенциалын олуттуу жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Тышкы экономикалык иштин стратегиялык маанилүү багыты катары каралган Кытай Эл Республикасынын (КЭР) рыногун андан ары өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Мурда ишке ашырылган чаралар, анын ичинде түзүлгөн эл аралык макулдашуулар жана протоколдор тышкы экономикалык чакырыктарга карабастан, ата мекендик продукцияны КЭРге экспорттоонун туруктуу оң динамикасын камсыздайт деп күтүлүүдө.

2027–2030-жылдар мезгилинде тышкы соода жүгүртүүнүн өсүшү жылына орточо 6,4 % жана 2030-жылы 21 944,0 млн АКШ долларына жетет деп болжолдонууда. 2027–2030-жылдарда товарлардын экспортунун көлөмүнүн номиналдык өсүшү орточо 7,9 %, ал эми импорт – 5,9 % деңгээлинде болжолдонууда.

2027–2030-жылдарда **социалдык өнүктүрүү саясаты** мамлекеттин кепилденген социалдык милдеттенмелерин толук көлөмдө аткарууга, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана мамлекеттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жарандардын социалдык корголбогон категорияларынын абалын жакшыртууга топтолот.

Калкты социалдык коргоо чөйрөсүндө орто мөөнөттүү келечекте жарандардын бир кыйла аялуу категорияларына даректүү социалдык жардам көрсөтүү, эмгекке жарамдуу калктын экономикалык активдүүлүгүнө дем берүү жана оор турмуштук кырдаалдан чыгууга көмөк көрсөтүү боюнча иштер улантылат.

Пенсиялык системанын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү аркылуу пенсияларды жогорулатуу боюнча чаралар ишке ашырылат, ал пенсиялык системадагы камсыздандыруу принциптерин андан ары жакшыртуу үчүн пенсиялык камсыздоону реформалоого жана пенсионерлердин ар түрдүү курактык топторунун керектөөлөрүн эске алуу менен пенсиялык системанын камсыздандыруу курамын модернизациялоого багытталат.

Болжолдонгон макроэкономикалык параметрлерге жараша 2027–2030-жылдарда социалдык көрсөткүчтөр төмөнкүдөй түрдө түзүлөт:

– 2027–2030-жылдарда калктын акчалай кирешесинин номиналдык өсүшү орточо 12,8 % деңгээлинде болжолдонууда. Акчалай кирешенин түзүмүндө эмгек акынын өсүшү орточо 8,8 %ды түзөт;

– 2027–2030-жылдарда калктын жан башына ИДПнын өсүшү орточо 13,3 % деңгээлинде бааланууда;

– жашоо минимумунун өлчөмүнүн 2027-жылы 9484,8 сомдон 2030-жылга карата 11 147,9 сомго чейин көбөйүшү болжолдонууда.

Эмгекке жарамдуу курактагы адамдар үчүн орточо айлык эмгек акынын жашоо минимумуна болгон катышынын коэффициенти 2030-жылга карата 5,0 деңгээлинде болушу күтүлүүдө;

– пенсиянын номиналдык өлчөмүн 2030-жылы 13 498,7 сомго чейин жогорулатуу болжолдонууда жана 2027-жылга салыштырмалуу 12,5 %га жогорулайт. 2030-жылга карата жакырчылыктын деңгээли 20,9 %га чейин төмөндөйт.

## 10-глава. Корутунду

2026–2030-жылдарда орто мөөнөттүү келечекте экономикалык өсүш жылына орточо 8,3 %га болжолдонууда.

Орто мөөнөттүү максаттуу макроэкономикалык көрсөткүчтөргө инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу, өлкөнүн мамлекеттик активдерин натыйжалуу башкаруу, экономиканын бардык тармактарына дем берүү үчүн мамлекеттик жөнгө салуу системасын реформалоо аркылуу жетишилет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан зарыл болгон учурда дүйнөлүк конъюнктуранын начарлашына байланыштуу терс процесстердин жана дисбаланстардын/тобокелдиктердин экономикага мүмкүн болуучу күтүүсүз таасирин азайтууга багытталган чаралардын системасы иштелип чыгат.

Орто мөөнөттүү мезгилге болжолдонгон максаттуу көрсөткүчтөрдү аткаруунун маанилүү шарттары саясий туруктуулукту сактоо, экономиканын секторуна болжолдонгон инвестициялардын түшүүсү, ошондой эле программалык документтерде түптөлгөн саясаттын чараларын натыйжалуу ишке ашыруу болуп саналат.

Ошол эле учурда экономикада иш жүзүндө түзүлгөн кырдаалды, 2025-жылы социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн күтүлгөн көрсөткүчтөрүн азайтууга/көбөйтүүгө багытталган жаңы факторлордун пайда болушун эске алуу менен 2026–2030-жылдарга болжолдонгон макроэкономикалык көрсөткүчтөр оңдоп-түзөтүлөт.

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунун көрсөткүчтөрүнүн тизмеги ушул Болжолдун 1–14-тиркемелерде аныкталган.

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
1-тиркеме

**2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

| **Аталышы** | **Өлчөө бирдиги** | **2024-жыл** | **2025-жыл** | **2026-жыл** | **2027-жыл** | **2028-жыл** | **2029-жыл** | **2030-жыл** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүдө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| **1-глава. ИДПны өндүрүү** | | | | | | | | |
| **Номиналдуу ИДП** | **млн сом** | **1 523 235,8** | **1 779 721,2** | **2 067 019,1** | **2 398 447,3** | **2 779 309,1** | **3 190 869,9** | **3 663 594,8** |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 109,0 | 108,5 | 108,6 | 108,9 | 108,6 | 107,8 | 107,6 |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | % | 104,7 | 107,6 | 107,0 | 106,6 | 106,7 | 106,5 | 106,7 |
| **Кошулган нарк** | | | | | | | | |
| Өнөр жай | млн сом | 251 034,5 | 290 418,8 | 330 898,2 | 380 085,4 | 449 439,6 | 517 876,6 | 575 394,2 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 105,6 | 107,7 | 107,5 | 107,9 | 110,3 | 106,7 | 103,3 |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | млн сом | 131 114,1 | 145 206,5 | 160 232,2 | 175 975,8 | 194 004,7 | 213 390,8 | 232 952,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 106,3 | 104,0 | 104,2 | 104,1 | 104,3 | 103,9 | 104,0 |

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **1-глава. ИДПны өндүрүү** | | | | | | | | |
| Курулуш | млн сом | 125 855,1 | 158 747,5 | 196 390,6 | 247 013,2 | 301 348,2 | 355 119,3 | 421 530,5 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 118,0 | 116,9 | 116,6 | 118,1 | 115,2 | 111,7 | 112,3 |
| Кызматтарды көрсөтүү чөйрөсү | млн сом | 794 212,4 | 926 356,6 | 1 073 482,4 | 1 238 106,4 | 1 420 114,2 | 1 625 604,4 | 1 876 724,6 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 109,3 | 108,3 | 108,1 | 108,4 | 107,6 | 107,8 | 108,2 |
| Продуктуларга жана импортко таза салык | млн сом | 221 019,7 | 258 991,8 | 306 015,6 | 357 266,5 | 414 402,3 | 478 878,8 | 556 993,5 |
| **Маалымкат:** | | | | | | | | |
| ИДП алтынды эсепке албаганда | млн сом | 1 432 479,8 | 1 676 434,7 | 1 951 554,3 | 2 262 105,6 | 2 601 211,5 | 2 976 925,4 | 3 424 147,9 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 110,3 | 108,9 | 108,9 | 108,8 | 107,9 | 107,7 | 107,9 |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен | % | 103,6 | 107,5 | 106,9 | 106,5 | 106,5 | 106,3 | 106,6 |
| Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда ИДП | млн сом | 1 464 392,9 | 1 714 967,6 | 1 994 910,2 | 2 308 415,6 | 2 651 280,1 | 3 029 928,2 | 3 490 582,5 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен[1] | % | 110,3 | 108,9 | 108,8 | 108,6 | 107,8 | 107,5 | 108,0 |
| Дефлятор, мурдагы жылга карата % менен[1] | % | 103,2 | 107,5 | 107,0 | 106,5 | 106,6 | 106,4 | 106,6 |

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **2-глава. ИДПны пайдалануу[1]** | | | | | | | | |
| Акыркы керектөө | млн сом | 1 503 048,3 | 1 705 681,1 | 1 906 796,2 | 2 171 519,9 | 2 468 221,6 | 2 784 034,2 | 3 141 273,7 |
| Анын ичинде: | | | | | | | | |
| Жеке керектөө | млн сом | 1 271 761,0 | 1 444 228,9 | 1 601 006,9 | 1 822 967,5 | 2 081 653,6 | 2 354 456,3 | 2 662 486,8 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 104,8 | 105,6 | 105,1 | 106,5 | 107,0 | 106,6 | 106,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 97,8 | 107,6 | 105,4 | 107,0 | 106,7 | 106,1 | 106,1 |
| Мамлекеттик керектөө | млн сом | 231 287,3 | 261 452,2 | 305 789,3 | 348 552,4 | 386 568,0 | 429 577,9 | 478 786,9 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 98,5 | 100,8 | 101,0 | 101,5 | 101,1 | 101,3 | 101,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 108,7 | 112,1 | 115,8 | 112,3 | 109,7 | 109,7 | 109,7 |
| Дүң инвестициялар[2] | млн сом | 529 539,2 | 610 365,4 | 707 502,0 | 851 719,2 | 996 820,7 | 1 172 219,2 | 1 372 147,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 106,4 | 110,3 | 110,5 | 115,2 | 110,1 | 109,8 | 109,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 107,4 | 104,5 | 104,9 | 104,5 | 106,3 | 107,1 | 106,9 |
| Анын ичинде: | | | | | | | | |

[1] 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу
[2] Эл аралык валюта фондунун методикасы боюнча

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **2-глава. ИДПны пайдалануу[1]** | | | | | | | | |
| Мамлекеттик инвестициялар | млн сом | 41 523,3 | 45 377,7 | 40 664,7 | 38 523,7 | 25 074,7 | 13 285,9 | 17 243,4 |
| Алардын ичинен: мамлекеттик инвестициялардын долбоорлору | млн сом | 40 033,0 | 41 885,7 | 38 816,3 | 36 772,6 | 23 934,9 | 12 682,0 | 16 459,6 |
| Жеке инвестициялар | млн сом | 488 015,9 | 564 987,7 | 666 837,3 | 813 195,5 | 971 746,0 | 1 158 933,3 | 1 354 903,7 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | млн сом | -509 351,7 | -536 325,3 | -547 279,1 | -624 791,8 | -685 733,2 | -765 383,5 | -849 826,0 |
| Анын ичинде: | | | | | | | | |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту | млн сом | 796 250,2 | 849 411,9 | 961 561,4 | 1 064 148,5 | 1 202 998,6 | 1 318 718,7 | 1 445 558,3 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 105,0 | 101,5 | 107,2 | 105,6 | 108,7 | 104,3 | 104,2 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 108,1 | 105,1 | 105,6 | 104,8 | 104,0 | 105,1 | 105,2 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту | млн сом | 1 305 601,9 | 1 385 737,2 | 1 508 840,5 | 1 688 940,3 | 1 888 731,8 | 2 084 102,2 | 2 295 384,3 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 100,0 | 100,7 | 103,6 | 105,7 | 106,1 | 104,0 | 104,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | % | 101,3 | 105,4 | 105,1 | 105,9 | 105,4 | 106,1 | 105,8 |

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл күтүлүүдө | 2026-жыл болжол | 2027-жыл болжол | 2028-жыл болжол | 2029-жыл болжол | 2030-жыл болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3-глава. Социалдык көрсөткүчтөр** | | | | | | | | |
| Калктын жан башына ИДП | миң сом | 210,9 | 242,4 | 277,1 | 315,8 | 359,1 | 405,0 | 457,2 |
| Калктын жан башына ИДП | АКШ долл. | 2 418,8 | 2 769,9 | 3 134,1 | 3 536,3 | 4 012,5 | 4 500,1 | 5 052,3 |
| Жакырчылыктын деңгээли[3] | % | 27,5 | 26,2 | 25,6 | 24,3 | 22,8 | 21,5 | 20,9 |
| Калктын акчалай кирешеси[3] | млн сом | 874 737,1 | 979 705,5 | 1 102 168,7 | 1 242 144,1 | 1 406 107,1 | 1 586 088,9 | 1 785 936,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 106,7 | 105,4 | 105,9 | 106,8 | 107,1 | 106,7 | 107,0 |
| Жашоо минимуму | айына сом | 7 963,7 | 8 465,4 | 8 990,3 | 9 484,8 | 10 025,4 | 10 596,8 | 11 147,9 |
| Эмгекке жарамдуу улуу курактагы калк үчүн жашоо минимуму | айына сом | 8 906,5 | 9 467,6 | 10 054,6 | 10 607,6 | 11 212,2 | 11 851,3 | 12 467,6 |
| Пенсия жашындагы улуу курактагы калк үчүн жашоо минимуму | айына сом | 7 063,9 | 7 508,9 | 7 974,5 | 8 413,1 | 8 892,6 | 9 399,5 | 9 888,3 |
| Калктын жылдык орточо саны | миң адам | 6 566,4 | 6 697,7 | 6 838,3 | 6 988,8 | 7 134,8 | 7 270,4 | 7 430,3 |
| Орточо айлык эмгек акы | сом | 37 361,0 | 40 705,6 | 44 165,6 | 48 008,0 | 52 088,7 | 56 672,5 | 61 829,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 112,6 | 102,5 | 102,2 | 103,0 | 102,6 | 102,9 | 103,7 |

[3] 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **3-глава. Социалдык көрсөткүчтөр** | | | | | | | | |
| Эмгекке жарамдуу калк үчүн жашоо минимумуна карата % менен | % | 419,5 | 429,9 | 439,3 | 452,6 | 464,6 | 478,2 | 495,9 |
| Пенсиянын орточо айлык өлчөмү[4] | сом | 10 585,0 | 11 095,0 | 11 538,7 | 12 000,3 | 12 480,3 | 12 979,5 | 13 498,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | % | 109,7 | 98,6 | 97,9 | 98,6 | 98,4 | 98,4 | 98,9 |
| Пенсионердин жашоо минимумуна карата % менен | % | 149,8 | 147,8 | 144,7 | 142,6 | 140,3 | 138,1 | 136,5 |
| Керектөө баалардын индекси (КПИ) | | | | | | | | |
| Өткөн жылдын декабрына карата | % | 106,3 | 105,5 | 106,5 | 105,1 | 105,9 | 105,2 | 105,4 |
| Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата | % | 105,0 | 106,3 | 106,2 | 105,5 | 105,7 | 105,7 | 105,2 |
| **4-глава. Эмгек ресурстары[5]** | | | | | | | | |
| Экономикалык активдүү калктын саны | миң адам | 2 823,8 | 2 885,9 | 2 941,9 | 3 003,7 | 3 072,7 | 3 131,1 | 3 193,7 |
| Өсүү темпи | % | 102,0 | 102,2 | 101,9 | 102,1 | 102,3 | 101,9 | 102,0 |
| Иштеген калктын саны | миң адам | 2 714,6 | 2 779,8 | 2 838,2 | 2 903,4 | 2 976,0 | 3 035,5 | 3 099,3 |
| Өсүү темпи | % | 102,2 | 102,4 | 102,1 | 102,3 | 102,5 | 102,0 | 102,1 |

[4] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматы (алдын ала)
[5] 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу

| Аталышы | Өлчөө бирдиги | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **4-глава. Эмгек ресурстары[5]** | | | | | | | | |
| Анын ичинде тармактар боюнча: | | | | | | | | |
| Өнөр жайы | миң адам | 377,3 | 386,7 | 393,7 | 399,8 | 407,1 | 414,4 | 423,1 |
| Айыл чарба | миң адам | 483,2 | 493,4 | 503,2 | 513,9 | 525,3 | 534,9 | 546,1 |
| Курулуш | миң адам | 338,0 | 345,8 | 354,2 | 365,3 | 376,5 | 384,9 | 393,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | миң адам | 1 516,1 | 1 553,9 | 1 587,1 | 1 624,5 | 1 667,2 | 1 701,4 | 1 737,2 |
| Жумушсуздардын саны (жалпы) | миң адам | 109,1 | 106,1 | 103,7 | 100,2 | 96,7 | 95,6 | 94,5 |
| Жалпы жумушсуздуктун деңгээли | % | 3,9 | 3,7 | 3,5 | 3,3 | 3,1 | 3,1 | 3,0 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгү[5] | % | 104,1 | 105,8 | 106,1 | 106,2 | 105,8 | 105,6 | 105,2 |

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
2-тиркеме

**2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын ИДПсын өндүрүү жана акыркы пайдалануу түзүмү**

| Аталышы | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **1-глава. Улуттук эсептер (ИДПдан %)** | | | | | | | |
| **I. ИДПны өндүрүү** | | | | | | | |
| Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук | 8,6 | 8,2 | 7,8 | 7,3 | 7,0 | 6,7 | 6,4 |
| Өнөр жай | 16,5 | 16,3 | 16,0 | 15,8 | 16,2 | 16,2 | 15,7 |
| Маалымкат: | | | | | | | |
| Өнөр жай, алтынды эсепке албаганда | 10,5 | 10,5 | 10,5 | 10,2 | 9,6 | 9,3 | 8,9 |
| Өнөр жай, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда | 12,6 | 12,7 | 12,5 | 12,1 | 11,6 | 11,2 | 11,0 |
| Курулуш | 8,3 | 8,9 | 9,5 | 10,3 | 10,8 | 11,1 | 11,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү | 52,1 | 52,1 | 51,9 | 51,6 | 51,1 | 50,9 | 51,2 |
| Продуктуларга жана импортко таза салык | 14,5 | 14,6 | 14,8 | 14,9 | 14,9 | 15,0 | 15,2 |

| Аталышы | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алдын ала иш жүзүндө | күтүлүүдө | болжол | болжол | болжол | болжол | болжол |
| **II. ИДПны пайдалануу[1]** | | | | | | | |
| Керектөө | 98,7 | 95,8 | 92,2 | 90,5 | 88,8 | 87,3 | 85,7 |
| Жеке | 83,5 | 81,1 | 77,5 | 76,0 | 74,9 | 73,8 | 72,7 |
| Мамлекеттик | 15,2 | 14,7 | 14,8 | 14,5 | 13,9 | 13,5 | 13,1 |
| Дүң инвестициялар | 34,8 | 34,3 | 34,2 | 35,5 | 35,9 | 36,7 | 37,5 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 2,7 | 2,5 | 2,0 | 1,6 | 0,9 | 0,4 | 0,5 |
| Алардын ичинен: мамлекеттик инвестициялардын долбоорлору | 2,6 | 2,4 | 1,9 | 1,5 | 0,9 | 0,4 | 0,4 |
| Жеке инвестициялар | 32,0 | 31,7 | 32,3 | 33,9 | 35,0 | 36,3 | 37,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | -33,4 | -30,1 | -26,5 | -26,0 | -24,7 | -24,0 | -23,2 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту | 52,3 | 47,7 | 46,5 | 44,4 | 43,3 | 41,3 | 39,5 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту | 85,7 | 77,9 | 73,0 | 70,4 | 68,0 | 65,3 | 62,7 |
| Эл аралык валюта фондунун методикасы боюнча | | | | | | | |

[1] 2024-жылга, 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин баалоосу

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
3-тиркеме

## 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын ИДПны түзүүчү тармактарындагы дүң продукция жана өсүү темптери

| **Аталышы** | **2024-жыл** | **2025-жыл** | **2026-жыл** | **2027-жыл** | **2028-жыл** | **2029-жыл** | **2030-жыл** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүдө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| **Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук,** млн сом | **395 637,1** | **438 161,0** | **483 501,1** | **531 007,5** | **585 409,7** | **643 907,1** | **702 933,4** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 106,3 | 104,0 | 104,2 | 104,1 | 104,3 | 103,9 | 104,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 97,4 | 106,5 | 105,9 | 105,5 | 105,7 | 105,9 | 104,9 |
| **Өнөр жай**[1], млн сом | **603 792,7** | **698 520,6** | **795 882,3** | **914 188,3** | **1 081 000,2** | **1 245 606,2** | **1 383 948,4** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 105,3 | 107,3 | 107,1 | 107,8 | 111,3 | 108,1 | 104,8 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 109,6 | 107,8 | 106,4 | 106,6 | 106,3 | 106,6 | 106,0 |
| **Өнөр жай**[2], млн сом | **585 275,8** | **675 301,1** | **768 077,0** | **883 615,5** | **1 043 012,9** | **1 198 941,4** | **1 337 095,7** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 105,5 | 107,1 | 106,8 | 107,9 | 111,0 | 107,9 | 104,7 |

[1]Сатып алынуучу электр энергиясын эсепке албаганда, иштетип алма чийки затты кайра иштетүүнүн наркын эске алуу менен.
[2]Иштетип алма чийки затты  кайра иштетүүнүн наркын эске албастан, бирок сатып алынуучу электр энергиясын эсепке алуу менен.

| Аталышы | 2024-жыл алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл күтүлүүдө | 2026-жыл болжол | 2027-жыл болжол | 2028-жыл болжол | 2029-жыл болжол | 2030-жыл болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 110,3 | 107,8 | 106,5 | 106,7 | 106,3 | 106,6 | 106,5 |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Пайдалуу кендерди казуу, млн сом | 62 662,2 | 68 620,6 | 74 012,4 | 80 007,0 | 85 513,3 | 90 137,4 | 93 038,3 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 104,0 | 103,8 | 103,3 | 102,0 | 102,1 | 101,7 | 101,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 107,1 | 105,5 | 104,4 | 106,0 | 104,7 | 103,6 | 102,1 |
| Иштетүү өндүрүшү, млн сом | 451 365,5 | 526 649,8 | 605 107,4 | 698 268,0 | 844 014,6 | 986 483,3 | 1 108 817,5 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 104,4 | 107,7 | 107,6 | 108,2 | 113,3 | 109,2 | 105,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 110,3 | 108,3 | 106,8 | 106,6 | 106,7 | 107,0 | 107,0 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), млн сом | 65 554,7 | 73 636,4 | 82 131,0 | 97 860,6 | 105 503,5 | 113 780,7 | 126 157,9 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 115,8 | 105,4 | 105,1 | 110,7 | 102,4 | 102,4 | 104,3 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 112,4 | 106,5 | 106,1 | 107,6 | 105,2 | 105,4 | 106,3 |
| Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу, млн сом | 5 693,4 | 6 394,4 | 6 826,3 | 7 480,0 | 7 981,5 | 8 540,1 | 9 082,0 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 117,7 | 106,6 | 104,4 | 104,7 | 104,3 | 104,6 | 103,9 |

| Аталышы | 2024-жыл алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл күтүлүүдө | 2026-жыл болжол | 2027-жыл болжол | 2028-жыл болжол | 2029-жыл болжол | 2030-жыл болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 104,1 | 105,3 | 102,3 | 104,7 | 102,3 | 102,3 | 102,3 |
| **Маалымкат:** | | | | | | | |
| Өнөр жай, алтынды эсепке албаганда, млн. сом | 339 922,7 | 396 072,7 | 455 925,4 | 515 024,2 | 561 537,6 | 620 556,0 | 689 766,1 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 116,6 | 110,0 | 109,3 | 106,7 | 104,6 | 105,8 | 105,2 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 103,6 | 105,9 | 105,4 | 105,8 | 104,2 | 104,4 | 105,6 |
| Өнөр жай, Кумтөр кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда, млн сом | 367 486,4 | 435 635,1 | 501 187,6 | 550 389,8 | 569 152,1 | 603 263,9 | 696 742,3 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 115,9 | 111,5 | 109,1 | 106,2 | 102,4 | 102,3 | 109,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 98,5 | 106,3 | 105,5 | 103,4 | 101,0 | 103,6 | 105,8 |
| **Курулуш**, млн сом | **285 709,7** | **360 380,2** | **445 835,7** | **560 756,6** | **684 105,1** | **806 173,4** | **956 936,7** |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 118,0 | 116,9 | 116,6 | 118,1 | 115,2 | 111,7 | 112,3 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 109,2 | 107,9 | 106,1 | 106,5 | 105,9 | 105,5 | 105,7 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү**, млн сом | **1 219 204,8** | **1 422 061,0** | **1 647 915,5** | **1 900 631,6** | **2 180 034,0** | **2 495 484,5** | **2 880 982,0** |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 109,7 | 108,4 | 108,2 | 108,5 | 107,7 | 107,9 | 108,3 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 106,2 | 107,6 | 107,1 | 106,3 | 106,5 | 106,1 | 106,6 |

| Аталышы | 2024-жыл алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл күтүлүүдө | 2026-жыл болжол | 2027-жыл болжол | 2028-жыл болжол | 2029-жыл болжол | 2030-жыл болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо, млн сом | 426 739,2 | 517 983,0 | 622 206,8 | 737 379,2 | 863 394,0 | 1 004 464,0 | 1 184 855,2 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 116,3 | 113,5 | 112,7 | 112,0 | 110,3 | 110,8 | 111,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 104,2 | 106,9 | 106,6 | 105,8 | 106,2 | 105,0 | 106,2 |
| Транспорттук иш жана жүктөрдү сактоо, млн сом | 98 518,7 | 114 624,5 | 133 681,5 | 157 172,9 | 183 155,8 | 211 855,2 | 245 051,7 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 105,5 | 106,8 | 107,4 | 108,4 | 107,7 | 107,3 | 107,8 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 109,4 | 108,9 | 108,6 | 108,5 | 108,2 | 107,8 | 107,3 |
| Мейманканалар жана ресторандар, млн сом | 57 817,9 | 77 251,0 | 100 485,7 | 132 031,7 | 168 897,0 | 213 369,2 | 272 189,8 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 128,2 | 121,2 | 118,6 | 121,1 | 117,9 | 115,9 | 116,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 102,8 | 110,2 | 109,7 | 108,5 | 108,5 | 109,0 | 109,5 |
| Маалымат жана байланыш, млн сом | 57 211,1 | 62 516,5 | 68 257,4 | 74 615,0 | 81 610,5 | 89 946,1 | 99 222,2 |
| Реалдуу өсүү темпи, мурдагы жылга карата % менен | 106,7 | 106,2 | 105,9 | 106,7 | 106,5 | 106,9 | 107,1 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 102,1 | 102,9 | 103,1 | 102,5 | 102,7 | 103,1 | 103,0 |

2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолуна
4-тиркеме

## 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын, токой чарбасын жана балык уулоону өнүктүрүүнүн болжолу

| Аталышы | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүдө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| **Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук,** млн сом | **395 637,1** | **438 161,0** | **483 501,1** | **531 007,5** | **585 409,7** | **643 907,1** | **702 933,4** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 106,3 | 104,0 | 104,2 | 104,1 | 104,3 | 103,9 | 104,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 97,4 | 106,5 | 105,9 | 105,5 | 105,7 | 105,9 | 104,9 |
| **Өсүмдүк өстүрүү,** млн сом | **184 507,3** | **209 132,4** | **234 501,9** | **259 688,3** | **288 618,1** | **318 443,9** | **344 503,8** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 110,3 | 105,2 | 105,4 | 105,1 | 105,4 | 104,5 | 104,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 91,4 | 107,8 | 106,4 | 105,4 | 105,4 | 105,6 | 103,5 |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Дан өсүмдүктөрү (жеткире иштеп чыккандан кийинки салмагында), млн сом | 53238,2 | 59243,4 | 64133,9 | 69629,1 | 75813,6 | 82785,5 | 90746,1 |

| Аталышы | 2024-жыл<br>алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл<br>күтүлүүдө | 2026-жыл<br>болжол | 2027-жыл<br>болжол | 2028-жыл<br>болжол | 2029-жыл<br>болжол | 2030-жыл<br>болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 126,9 | 103,0 | 103,1 | 103,3 | 103,5 | 103,7 | 104,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 92,1 | 108,0 | 105,0 | 105,1 | 105,2 | 105,3 | 105,4 |
| Дүң жыйналышы (жеткире иштеп чыккандан кийинки салмагында), миң т | 2212,2 | 2278,6 | 2349,2 | 2426,8 | 2511,7 | 2604,6 | 2708,8 |
| Кант кызылчасы (фабрикалык), млн сом | 5097,3 | 5928,0 | 6320,1 | 6776,8 | 7308,6 | 7905,0 | 8582,9 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 154,2 | 108,6 | 103,0 | 103,5 | 104,0 | 104,2 | 104,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 93,0 | 107,1 | 103,5 | 103,6 | 103,7 | 103,8 | 103,9 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 957,4 | 1040,0 | 1071,2 | 1108,7 | 1153,0 | 1201,5 | 1255,5 |
| Пахта (эсеп кылуу салмагында), млн сом | 2945,9 | 3182,4 | 3437,0 | 3723,4 | 4049,1 | 4420,3 | 4853,4 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 73,0 | 101,0 | 102,0 | 102,2 | 102,4 | 102,6 | 103,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 95,9 | 107,0 | 105,9 | 106,0 | 106,2 | 106,4 | 106,6 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 46,3 | 46,8 | 47,7 | 48,8 | 50,0 | 51,3 | 52,8 |
| Тамеки (эсеп кылуу салмагында), млн сом | 87,1 | 90,0 | 94,3 | 98,3 | 102,6 | 107,1 | 112,0 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 67,1 | 102,9 | 102,5 | 102,0 | 102,2 | 102,3 | 102,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 61,2 | 100,4 | 102,2 | 102,2 | 102,1 | 102,1 | 102,0 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,1 | 1,1 | 1,1 |

| Аталышы | 2024-жыл алдын ала иш жүзүндө | 2025-жыл күтүлүүдө | 2026-жыл болжол | 2027-жыл болжол | 2028-жыл болжол | 2029-жыл болжол | 2030-жыл болжол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Май өсүмдүктөрү, млн сом | 950,6 | 1082,2 | 1296,7 | 1675,2 | 1890,0 | 2138,1 | 2430,9 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 114,1 | 108,4 | 114,0 | 122,8 | 107,1 | 107,3 | 107,8 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 80,7 | 105,0 | 105,1 | 105,2 | 105,3 | 105,4 | 105,5 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 18,4 | 20,0 | 22,8 | 28,0 | 30,0 | 32,2 | 34,7 |
| Картошка, млн сом | 25293,7 | 30350,0 | 34705,8 | 39092,6 | 43718,9 | 48538,4 | 54051,6 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 92,5 | 102,0 | 102,1 | 102,4 | 102,6 | 102,8 | 103,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 88,4 | 117,6 | 112,0 | 110,0 | 109,0 | 108,0 | 108,1 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 1190,2 | 1214,0 | 1239,5 | 1269,2 | 1302,2 | 1338,7 | 1378,9 |
| Жашылча, млн сом | 41136,7 | 45360,0 | 48961,6 | 53002,4 | 57542,8 | 62713,3 | 68809,0 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 101,8 | 102,6 | 102,8 | 103,0 | 103,2 | 103,5 | 104,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 89,7 | 107,4 | 105,0 | 105,1 | 105,2 | 105,3 | 105,5 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 1227,5 | 1260,0 | 1295,3 | 1334,1 | 1376,8 | 1425,0 | 1482,0 |
| Азык-түлүк бакча өсүмдүктөрү, млн сом | 4376,9 | 5220,0 | 5991,4 | 6808,0 | 7813,8 | 9057,8 | 10536,5 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 119,2 | 103,2 | 103,3 | 103,3 | 103,4 | 103,5 | 103,4 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 93,1 | 115,5 | 111,1 | 110,0 | 111,0 | 112,0 | 112,5 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 280,9 | 290,0 | 299,6 | 309,5 | 320,0 | 331,2 | 342,4 |
| Мөмө-жемиштер, млн сом | 19521,5 | 21618,8 | 23561,5 | 25748,7 | 28217,6 | 31080,1 | 34313,1 |

| Аталышы | 2024-жыл | 2025-жыл | 2026-жыл | 2027-жыл | 2028-жыл | 2029-жыл | 2030-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **алдын ала иш жүзүндө** | **күтүлүүдө** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** | **болжол** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 133,8 | 102,5 | 102,8 | 103,0 | 103,1 | 103,3 | 103,5 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 78,0 | 108,0 | 106,0 | 106,1 | 106,3 | 106,6 | 106,7 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 346,2 | 355,0 | 365,0 | 376,0 | 387,6 | 400,4 | 414,4 |
| Жүзүм, млн сом | 684,9 | 707,6 | 739,8 | 792,5 | 848,1 | 910,3 | 984,5 |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 143,3 | 101,8 | 102,5 | 104,0 | 103,4 | 103,5 | 104,0 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 79,3 | 101,5 | 102,0 | 103,0 | 103,5 | 103,7 | 104,0 |
| Дүң жыйналышы, миң т | 6,0 | 6,1 | 6,3 | 6,5 | 6,7 | 7,0 | 7,2 |
| Башка өсүмдүк өстүрүү | 31174,5 | 36 350,0 | 45 259,9 | 52 341,3 | 61 313,0 | 68 788,0 | 69 083,9 |
| **Мал чарбасы, млн сом** | **193110,9** | **210 722,8** | **230 367,4** | **252 302,9** | **277 324,9** | **305 479,8** | **337 877,1** |
| Физикалык көлөмдүн индекси, мурдагы жылга карата % менен | 103,1 | 103,1 | 103,2 | 103,3 | 103,4 | 103,5 | 103,6 |
| Баалардын индекси, мурдагы жылга карата % менен | 103,1 | 105,8 | 106,0 | 106,1 | 106,4 | 106,5 | 106,8 |
| Анын ичинде: | | | | | | | |
| Эт (тирүү салмагында), млн сом | 116777,6 | 127859,3 | 140913,7 | 155597,1 | 172619,4 | 191960,7 | 214573,7 |
| Өсүү темпи, % | 102,6 | 102,9 | 103,0 | 103,1 | 103,2 | 103,4 | 103,5 |
| Баалардын индекси, % | 103,7 | 106,4 | 107,0 | 107,1 | 107,5 | 107,6 | 108,0 |
| Эт (тирүү салмагында), миң т | 459,7 | 473,0 | 487,2 | 502,3 | 518,4 | 535,7 | 554,5 |
| Чийки сүт, млн сом | 62031,6 | 67680,0 | 73338,0 | 79546,1 | 86445,5 | 94123,6 | 102680,1 |
